**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу**
**Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча**
**улуттук комиссия**

# КОҢГУРООЛУУ СААТ

*Дүйнө жазуучуларынын*
*балдарга арналган аңгемелери*

Орус, тажик жана өзбек тилдеринен которгон
Гулнора Холматова

**Бишкек – 2022**

УДК 82/821-93
ББК 83.84
К 65

Китеп Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын алкагында жарык көрдү.

**Редкеңеш**

| | |
|---|---|
| И. Абдувалиев | Ж. Орозобекова |
| А. Ишеналиева | С. Рысбаев |
| Т. Садыков | А. Эгембердиева |

К 65 **Коңгуроолуу саат:** Дүйнө жазуучуларынын балдарга арналган аңгемелери / Орус, тажик ж-а өзб. тилд. кыргызчаланган. Г. Холматова. – Б.: "Кут-Бер", 2022. – 168 б.

ISBN 978-9967-14-163-6

Китепте дүйнө элдеринин жазуучуларынын балдарга арналган мыкты аңгемелери топтоштурулган. Анда балдардын жашоо-турмушу, дүйнө таанымы, көз карашы, келечекке умтулуулары, кыял дүйнөсү, аруу таза сезим-туюмдары, табият сырлары, ошону менен бирге, балдарга жасалган ар кандай мамлекеттердеги ар түрдүү мамилелер таасын чагылдырылган.

УДК 82/821-93
ББК 83.84

ISBN 978-9967-14-163-6

© Холматова Гулнора, 2022
© Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия, 2022

**Зохид Халил,**
**Азербайжан**

# КӨЛӨКӨЛӨР

Сен өз көлөкөңдү көргөнсүңбү? Көргөнсүң, албетте, көлөкө болуш үчүн жарык болушу керек. Караңгы түшөөрү менен бардык көлөкөлөр өз уясына кирип кетишет. Күн бою көргөн-кечиргенин бири-бирине айтып беришет.

Бир күнү коёндун көлөкөсү түлкүнүн көлөкөсүнө мындай дептир:

– Айтчы, эмне үчүн сенин ээң менин ээмдин артынан кууганы-кууган? Мен өз кожоюнумдан ажырай албастыгымды сен жакшы билесиң. Кел, мындан ары тескерисинче кылабыз. Мен кубалаймын, а сен качасың!

Түлкүнүн көлөкөсү кача баштады, коёндун көлөкөсү анын артынан кубалады. Бир кезде, кокустан түлкүнүн көлөкөсү жеткен жеринде токтоду.

– Тсс....

– Эмне болду? Эми кубалап жетейин дегенимде оюнду бузуп жатасың.

– Тиякка кара, дагы эки көлөкө... Алар бирдемелер жөнүндө сүйлөшүп жатышат...

Экөө тең токтоп, ошол жакка кулак төшөштү. Эки көлөкө төмөндөгүчө аңгемелешип жаткан болчу:

– Менин байкуш кожоюнум... Азыр го ал уясында уктап жатат. Анын аңчылардан кандай корккондугун көрсөң... Бир күнү аңчы бизди эки тайган менен кубалаганда, алды-артыбызга карабай качтык. Кокусунан менин ээм токтоп, дарактын артына жашынууга үлгүрдү. Мен, албетте, анын аракеттерин кайталадым. Ошондо аңчы мага жетип келип, жанаша эле туруп калды. Бирок ал мага анча деле көңүл бурбады. Менин ээм болсо, менден бир аз нары жакта жашырынып калган эле. Мен эч нерседен коркконум жок. Аңчы айлана-чөйрөгө алаңдап тиктегени менен, мени байкабады. Менин ээм болсо...

– Токто, токто, – анын сөзүн бөлдү экинчи көлөкө. – Билесиңби, мен кудум ошол аңчынын көлөкөсү болом. Менин кожоюнум өтө ач көз неме. Ага жалаң “пах-пах” эттирип,

атыш болсо болду. Канчалаган куштарды, жаныбарларды атып өлтүрбөдү дейсиң! Туура, ошондо ал силерди жоготуп койгон болчу. Мен көрүп тургам, бирок кожоюнума атайын айткан эмес болчумун. Эгер ага койсоң, бардык жаныбарларды кырып таштайт.

Ошол учурда бадалдардын арасынан коён менен түлкүнүн көлөкөлөрү чыга келди. Саламдашышты.

Коёндун көлөкөсү мындай деди:

– Кечиресиздер, биз сиздердин сөзүңүздөрдү угуп калдык. Албетте, бул – жаман адат. Бирок сиздер коркунучтуу көлөкөлөрсүздөрбү деп шектенген болчубуз. Мына, сиздердин сөзүңүздөрдөн байкашыбызча, ырайымдуу жана ак көңүл көлөкөлөр экениңиздер көрүнүп турат.

Түлкүнүн көлөкөсү аңчынын көлөкөсүнө кайрылды:

– Эсиңде барбы, дос? Кечээ күнү силер бир түлкүнү кубалаган элеңер.

– Албетте, эсимде. Мала, кыпкызыл куйруктуу түлкү болчу.

– Туптуура. Мен кудум ошол түлкүнүн көлөкөсү болом. Биз силерди аябай чуркаттык ко! Тайгандарыңар токойдо айланчыктап, издер кайда алып барарын билише албады... Ошондо силерди карап аябай күлгөн болчубуз.

Аңчынын көлөкөсү тилге кирди:

– Бал-ли, азаматтар! Келгиле, эми кубалашмай ойнойбуз. Силердин артыңардан кубалай берип тажадым. Эми силер мени кубалагыла...

Бардыгы аңчынын көлөкөсүн кубалай баштады. Кокустан токой арасынан бир чоң көлөкө чыга калды. Эх, бул – жолборстун көлөкөсү! Анын оозу чоң ачылып, орсок тиштери көрүндү.

Жолборстун көлөкөсү аңчынын көлөкөсүнүн жолун тосту.

– Эми менден кутулбайсың го! Беш күндөн бери сенин кожоюнуң тынчтык бербейт. Менин кожоюнум сенин кожоюнуңдан коркпойт. Анын мына бул сыяктуу тиштери, тырмактары бар. Бирок колуңардагы “оттуу таяк” коркунучтуу... Эгер ал болбогондо...

– Туура... Бир “пах” этсе, тозокко жөнөтүп коёт. Менин көз алдымда бир ак коёнду атып өлтүрдү.

– Эми мен кожоюнумдун өчүн алам.

Жолборстун көлөкөсү ушундай деп, аңчынын көлөкөсүнө боюн таштады. Ал арбайган манжасы менен катуу урган эле, жерге барып тийди. Канчалык аракет кылбасын, аңчынын көлөкөсүн кармай албады. Акыры, жолборстун көлөкөсү алдан тайды.

Аңчынын көлөкөсү мындай деди:

– Бекерге убара болуп жатасың. Биз болгону көлөкөбүз. Аңчыга келсек, аны өзүмдүн да көрөргө көзүм жок.

Бул кезде бардык көлөкөлөр аңчынын көлөкөсүнүн сөзүн угуп, макул болушту.

– Бул эң улуу көлөкө! Анын эч бир айыбы жок!

Жолборстун көлөкөсүнүн көңүлү жумшарды:

– Мейли, – деди ал, – келгиле ойнойбуз. Таң атканча канча убак бар.

Бирөөлөрдүн айтуусуна караганда, таң заарда ошол токойдо аңчыны көрүшүптүр. Ал бадалдардын арасында алаңдап, ары-бери басып жүргөн имиш. Айлана-чөйрөгө кылдаттык менен көз жүгүртөт экен. Ким билсин, балким аны жек көрүп, андан безип кеткен өз көлөкөсүн издеп жүргөндүр...

**Нариман Сулайманов**
**Азербайжан**

## КИЧИНЕКЕЙ ЖАЛБЫРАК

Кичинекей жашыл жалбырак жазгы бүчүрүн жарып чыкты. Ал шакта туруп, ааламга көз жүгүрттү.

Эми гана уйкудан көз ачкан кыпкызыл күн кичинекей жалбыракка жагымдуу тиктеди жана анын үстүнө алтын түстүү нур таратты.

– Сен кимсиң? – деп кызыксынып сурады кичинекей жалбырак.

– Мен Күнмүн, – өзүн тааныштырды ал. – Менде жашоо, бүтүн ааламдын жылуулугу камтылган. Мени баардыгы күтөт. Баары мени өзүнүн жакшы, жакын досу деп билет.

Кичинекей жалбырак жаркын жана нурдуу күнгө назар таштап, кубануу менен мындай деди:

– Сонун! Демек, мен эч качан үшүбөйт экенмин да?

Күн барган сайын бийиктикке көтөрүлөт, көкөлөгөн сайын жерди көбүрөөк жылытат.

– Кудум ушундай, мен дайыма сенин жаныңда боломун.

Күн эң туура айткан болчу. Ал ар күн сайын таңда кичинекей жашыл жалбырак менен саламдашат.

Күндөрдүн биринде кичинекей жашыл жалбырак шакта турган болчу. Кокустан жүзүнө кандайдыр бир суук нерсе түштү. Ал ачууланды.

– Сен кимсиң өзү? – деп сурады андан жалбырак.

– Мен жамгырмын. Менде көп суу топтолгон. Булуттар сүзүп жүргөн асманда жашаймын.

– Сен жалган айтасың. Асманда Күн жашайт.

– Жок, мен алдаганым жок. Мен да асманда жашаймын. Мени сенин жаныңа Күн жөнөттү. Себеби мен сени сугарып, киринтишимди айткан болчу.

Кичинекей жалбыракка жамгырда жуунуу, тазалануу, жеңилденүү жагып калды. Ал тамчылар түшкөндө дене-бою жыргап калган болчу.

– Ох, кандай жакшы! Мен мындан ары эч качан кир-пир болбоймун.

– Ооба. Кичинекей жалбырак, мен сени эч качан унутпаймын.

Жамгыр өз сөзүн унуткан жок. Чаң болгондо шатыраган тамчылары менен жалбыракты бат-бат жууп, сугарып турду. Ал жуунган сайын өңү ачылып, өсүп баратты.

Бир жолу жалбырактын үстүндө көк буттуу, тиши курч зыянкеч курт пайда болду. Жалбырак коркконунан: "бүттүм эми" деп жан далбастап калды. Бирок ошол учурда бир нерсе шакка отура калып, көк буттуу, тиши курч куртту жалбырактан уруп түшүрдү.

– Сен кимсиң? – деп сурады жалбырак.

– Мен кушмун, – деди ал.

Бир күнү жалбырак саман шляпа менен желпинип өтүп кетип жаткан кишини көрүп калды.

– Кызык, бул ким болду экен? – деп шыбырады жалбырак.

Жолоочу анын үнүн угуп, өзүн тааныштырды.

– Мен адаммын.

– Эмне үчүн сен шляпа менен желпинесиң?

– Себеби, ысып кеттим.

– Ысык! Андай болсо келип менин көлөкөмдө салкындап, эс ал.

Адам кичинекей жалбырак таарынып калбасын деп, анын көлөкөсүнө келип салкындады. Сыймыктанып кеткен жалбырак тулку-боюн күнгө тосуп, "Ал адамды эмес, мени капа кылсын", – деди өзүнчө.

Адам кичинекей жалбыракка аябай ыраазы болду. Кетип жатканда кичинекей жалбырактын кылган ишине купулу толуп, мындай деди:

– Мындай көлөкөдө эс алуу кандай сонун!

– Эй адам, дагы кел. Албетте келгин... – деп суранды жалбырак.

Канчадан бери кичинекей жалбырактын кылган ишин байкап турган дарак да аны мактады:

– Баракелде, чүрпөм! Эгерде сен жакшылыкты түшүнбөгөнүңдө, аны кадырлай билбегениңде, перзентим дебейт болчумун. Бирок күбөсү болуп турам, сенин аябагандай ак пейил жана берешен дилиң бар экен.

Кичинекей жалбырак энесинин мактоосунан кызара түштү. Ал ошентип күн сайын кызарып баратты. Кээде жалбырак суудагы элесин көрүп ойлончу: "Мына мен кандай сулуу болдум. Менин жүзүмдө аптаптын нурлары кулпурат".

Бул өң кичинекей жалбыракка аябай жакчу. Акырындап ал батып бара жаткан күндөй сапсары түскө кирди.

Бир күнү ал шактан үзүлүп жерге түштү. Алгач бул жалбыракка жаккандай болду. Кийинчерээк санаага бата баштады.

Кокустан анын жанына куш келип конду. Жалбырак аны тааныды.

– Саламатсыңбы?

– Саламатчылык!

– Эмнеге келдиң?

– Сени өз уяма алып кетүү үчүн келдим.

– Ырас элеби?

– Албетте. Күн: “жалбыракты мага жакын жерге алып кел, сууктан үшүп калбасын”, – деди.

– Мен сеникинде эмне иш кылышым керек?

– Эч нерсе. Бир четте отурасың.

– Жок.

– Жатып уктайсың.

– Жок.

– Жакшы, анда менин үйүм болосуң.

– Кандайча?

– Мени шамалдан калкалап тосуп турасың. Ыраазысыңбы?

– Андай болсо ыраазымын. Максатсыз жашагым келбейт.

Куш тумшугу менен сары жалбыракты жерден көтөрдү. Алар бийиктикке көтөрүлгөн соң, Күн көңүлдүү жылмайып койду.

## ОШОЛ КЕЧТЕ ЧОҢДОР ЭРТЕРЭЭК УКТАДЫ

Короодо беш-алты чоң кишилер бар эле. Алар сейилдеп жүрүшөт, бир нерселер жөнүндө аңгемелешип, катуу-катуу күлүшөт.

Бул жерде балдар да бар эле, алардын ар бири ар кандай жумуштар менен убара. Алардын бири короодогу таштарды терсе, бирөөсү кичине күрөк менен дарактардын түбүн жумшартып, кээ бирлери короону таштандылардан тазалап жатышкан. Бир сөз менен айтканда, алар эмгектенип жатышкан.

Чоңдордун бири балдардан сурады:

– Эмне кылып жатасыңар?

Балдар чоңдорго жооп беришти:

– Иштеп жатабыз.

– Колуңарды кир кылбагыла, – деди алар балдарга.

Балдар алардын сөзүн угушуп, кийимдеринин чаңын кагып-силкишти. Анан иштерин таштап, чоң кишилерге окшоп, колдорун артына алышып, короодо сейилдей башташты.

Бирок алар бекерчиликтен бат эле зеригип кетишти. Балдар кайра ишке киришти.Чоң кишилер аларды тилдей башташты:

– Силерге эмне деген элек? Колуңарды ыпылас нерселерди кармап, кир кылбагылачы!

Балдар күлүп жиберишти.

– Жок, жок, ыплас нерсени кармаган жокпуз. Биз иштеп жатабыз! Агалар, сиздер күчтүүсүздөрбү?

Чоң кишилер бири-бирине ойлуу караштыда, балдарга жооп беришти:

– Албетте, күчтүүбүз!

– Анда мына бул чоң ташты жолдон алып таштаңыздарчы. Сиздерден суранабыз. Топ ойногонубузда таш бизге жолтоо болуп жатат.

– Хм… – чоң кишилер кайра бири-бирине карап алышты. Башка айла жок эле. Эми алар балдарга өздөрүнүн чындыгында эле күчтүү экендиктерин көрсөтүшү керек эле. Ошондуктан чоңдор ташты четке алып таштамак болуп, ишке киришишти.

– Хо-оп!

Алар канча чиренишпесин, ташты турган жеринен бир да жылдыра алышпады. Таш жерге жабышып калгандай бекем эле.

Балдар күлүп жиберишти.

– Күчтүүбүз деген элеңиздер го!

– Албетте, биз күчтүүбүз. Мына азыр көрөсүңөр…

Чоңдор жеңдерин түрүшүп, ташка астейдил жабышышты.

– Хо-о-оп!

Алар чиренип жатышып, араң дегенде ташты ордунан жылдырышты.

Балдар кубангандан секиришип, кол чаап, кыйкырып жиберишти. Чоңдор да эптей алгандарына сүйүнүшүп:

– Силер үчүн дагы эмне кылалы? – деп сурашты.

– Мындай кылгыла, андай кылгыла, – деп балдар чоңдорго жаңы-жаңы тапшырмаларды беришти.

Ошол кечте чоңдор балдарынан да эртерээк укташты. Себеби алар короодо кечке чейин балдар айткан жумуштарды аткара берип аябай чарчашкан болчу.

**Борис Саченко,**
**Белорусия**

# НАН

Бул окуяга көп болду. Согуш эми гана бүткөн кез эле.

Апам каердендир бир нан алып келди. Аны колуна алып, узак тигилип тиктеди, колунда чындап нан – эч нерсе аралаштырылбаган, ундун өзүнөн жабылган буудай нанды кармап турганына ишенбей, акырын жыттап көрдү. Мештин отканасында бышырылган нан. Апам нанды жөн гана экиге бөлдү: бир бөлүгүн мага берди, экинчисин столдун үстүнө коюп, дасторкондун чекесин кайрып жаап койду.

– Анысы Толикке, – деди апам. – Токойдон кайтса, жейт...

Өзү тешени алып, картошканы түптөө үчүн чарбакка чыгып кетти.

Курсагым аябай ачкан болчу. Апам берген нанды бир паста жеп бүтүрдүм. Бирок курсагым тойгон жок, кайра напсиме от түштү. Жайымда отура албай калдым – керебеттин астына сугулам, короого чуркап чыгам, кайта келем. Чыдамым кетти. Столдун жанына барып отурдум, бүктөлгөн дасторконду ачтым. Апам Толик агама коюп койгон нандын бөлүгүн колума алдым. Нанды жеймин деген оюм жок болчу. Жөн эле нанды дагы бир жолу колума кармап көргүм келди. Кокустан назарымда апам мага бергенине караганда чоңураак бөлүктү агама алып койгондой туюлуп кетти. Мен нандан бир чымчым сындырып алдым. Бир тиштем чыгар-чыкпас бөлүкчөсүн оозума салдым. Чайнай баштадым. Чайнаганымды жутканымдан соң манжаларым ыктыярсыз дагы бир тиштемди жулуп алганын байкабай калдым. Бир тиштем эле...

Эсиме келсем, колумда болгону бир тиштем нан калыптыр...

– Ий, мен эмне кылып койдум? Апам менен агам эмне дейт эми?

Шашып-бушуп ошол бир тиштем нанды столго коюп, үстүнө дасторконду тарттым. Бирок нандын баарын жеп коюу каалоосу ушунчалык күчтүү эле, өзүмдү кармап тура албадым. Столго кайра жакындадым, отуруп, нанды алып оозума салдым.

Агам токойдон күндөгүдөй кеч, караңгы түшкөндө кайтты. Ал токой чарбасына ажыратылган жерде кечке эмгектенип, оокат кылуу үчүн акчага иштечү. Үйүбүздө жегенге эч нерсе жок. Ошол түнү агам ачка жатты. Ал түнү менен уктай албай, ары жак – бери жагына оодарыла берди: ким билет, балким апам агам үчүн сактаган жана мен жеп койгон нан көз алдынан өткөндүр?

Апам да, Толик агам да мага унчукпады. Ошол кеч да, андан кийин да эч нерсе дешпеди. Алар чоң эле, мен бөбөк элем.

Учурда мен, агам жеши керек болгон, бирок мен жеп койгон ошол бир бөлүк нанды, агам ач калган түндү эстесем, өзүмдү коёрго жай таппай каламын. Бул сыяктуу эскерүүлөр болбостугу үчүн, ошол окуяны түп-тамырынан унутуп, оюмдан чыгарып салуу үчүн бардык нерсени берүүгө даярмын. Ошол күнү мен ачка калып уктабай чыксам, миң эсе абзел эле! Нанды мен эмес, агам жеп койгонуна мен макул элем!

Анын эч бир айласы жок! Өткөндү артка кайтарып, өзгөртүүгө болбойт. Канчалык каалаганың менен эсиңден өчүрүп таштай албайсың. Жок, айласы жок...

**Георгий Мишев,**
**Болгария**

## БАЛАКАЙ

– Балакай, – деп зоңкулдап койду Цанко, – качантадан бери артымдан ээрчип келатат – ыя...

Балакай Цанкодон элүү кадамча нарыраактагы жапыз талдардын арасына бекинип алат, анын себеттей үймөк чачтары күүгүмдөн карайып көрүнүп турат. Ал Цанко артына бурулуп карайт деп оюна келген эмес.

– Эй бала, кана көз ачып-жумганча жогол! – деп кыйкырды Цанко. – Азыр куйрук болгонду көрсөтүп коём сага.

Цанко жерден таш алып, жинденип бала жакка ыргытты. Таш караңгыда кудум сокур чычкандай учуп барып кумга түштү.

Балакай таштай катып турган болчу.

– Наалаты, – деп кайра мыңкылдады Цанко. – Эмне себептен мага көлөкөдөй жабышып калдың, ыя!..

Цанко кайырмак сабын ийнине илди. Кайырмакка илип коюлган сөөлжан кыймылдагандай сезилип кетти ага ушул тапта. Эми эмне кылсын? Кайтып кетсинби үйгө? Кайтып кетсе сөөлжандар бекерге кургап өлүп калат, аларды издеп жарым күн жер казып убара тартпады беле. Түштөн кийин кайырмактын жибин чубап канча убак убара болду!

Цанко балакайды жанараак көргөн болчу: ал дарбазанын артынан бир нече ирет ары-бери өткөн болчу. Бир сөзү бардай карап-карап койгон, бирок мен дагы сени менен барам деп айтканга жүрөгү дааган эмес көрүнөт. Кечке жуук кайырмак сабын ийнине илип, тар көчөлөрдөн Асым дарыясы жакка карап жол тарткандан соң артынан бир бала байкатпай ээрчип келе жатканын көрүп калды.

– Эй бала, сөзүмдү ук! – деди сабыры түгөнүп Цанко. – Дагы бир кадам таштасаң тиштериңди талкалайм…

Ал муштумдарын оозуна тиреп эмне кылуусун көрсөттү.

Бирок балакай бул опузаны байкабагансып, талдарды аралап, унчукпай, анын артынан ээрчип келе берди.

Алар дарыянын жээгиндеги шар аккан жерлерден секирип өтүп, Асым дарыясынын тынч жээгине жетип келишти. Дарыянын ушул жеринде сом балык көп болчу. Цанко көп учурда жалгыз өзү балык уулайт эмеспи. Балакай болбогондо, ал алда качан торду аркы жээкке тартып коюп, үйүнө кайтмак. Эртеси таң заарда чоң себетин алып келип, көп олжо менен кайтат эле.

Балакай кайырмакка илинип калгандай, изин кууп келе берди. Цанко балакайдан кутулбастыгын билип токтоду да, анын жакындап келүүсүн күттү. Цанко кууп калса, качканга оңой болуусун ойлоп, элүү кадамдай нарыта бала да токтоду.

– Бери кел! – деп ымдады балыкчы. – Сени жеп койбоймун.

Бирок ага жакындаганга балакайдын жүрөгү даабады. Цанко акырын ага жалына баштады.

– Сени урбаймын, – деди ал, – ээрчип келаткандыгыңдын себебин айтсаң болду…

Ошондо гана балакай акырын ага жакын келди. Балакай анча деле бойлуу эмес, үстүндө чыт көйнөк. Чачтары өсүп кеткендиктен, башы тумак кийип алгандай көрүнөт.

– Эмне себептен менин изимден калбайсың, ыя? – деп сурады Цанко. – Эмне артымдан билгизбей айгакчылык кылып жүрөсүңбү?

Балакай жооп бербеди. Унчукпай тура берди.

– Эмне бакыраясың? Эмне, тилиң жокпу?

– Бар, – деди бала угулар-угулбас.

– Ээ, бар экен го, – деп күлүп жиберди Цанко. – Сени дудукпу деп ойлопмун. Мектепте окуйсуңбу?

– Ооба. Экинчи класска өттүм.

– Андай болсо, кеттик! – деди Цанко бир аз ойлонуп.

Балдар жолду улантышты. Чоңу алдыда, кичинеси анын артынан ээрчиген. Майда, жумшак кумда буттардын дабышы угулбайт. Бойлору жапыз талдар кудум салам айтып жаткандай алар жакка ийилет.

Экөө кумдуу кыяга жетип келишти.

Цанко жонундагы кабын түшүрүп ичинен тор алды да, жайып коюп, кайырмактардагы сөөлжандарды дагы бир ирет көзөмөлдөп чыкты. Андан соң жалпагыраак таш таап, аркандын бир учуна байлады.

– Сом балык сөөлжанга өч болот, – деди ал балакайга казыкты берип жатып.

– Бекем кармап тур, мен тордун бир учун аркы жээкке байлап келемин.

Ал кийимин чечип, кайырмактар кумга сүйрөлбөстүгү үчүн ташты бийик көтөрүп сууга түштү. Жээкте турган бала анын кол-буттарын шалпылдатпай сүзүп бара жатканын даана көрүп турду.

Ал башын кудум таш бакадай суудан чыгарып бараткан эле. Ошондогу айлана сыяктанган толкундар балакайга чоң каттаманы элестеткендей болду.

Аркан тартылган сайын балакайдын колунан чыгып кетчүдөй сезилет. Бекем кармаганга тырышты. Анан кумга отуруп, тигини күтө баштады. Бир чымын кыңылдап учуп келип көздөн кайым болду. Жээктеги курбакалар кудум дарыяны бөлүп алышкандай, ар кай жерлеринен токтобой чурулдашат...

Цанко жээкке чыгып, суудан үч-төрт кадам нары жакка казыкты какты.

Таң заарда оңой таап алуу үчүн кумга кандайдыр бир белгилерди чийип койду.

Иш бүткөн соң, балакай экөө айылга кайтышты. Алар талдарга жакындаганда дагы бир ирет артына бурулуп караштьы. Сом балыктар секирип чыгып, кайра сууга чумкуп түшүп жатты.

– Балык ойноп жатат, ээ! – деп койду Цанко. – Эртең сом балык аябай көп болот, ташып бүтө албасак керек.

– Бул жерде аябай көп окшойт ээ? – деди балакай. – Сен торду салып жатканда эле бир канчасы секирип жүргөн.

– Секиргендир кичинелери, – деди күлүп Цанко. – Сом балыкты суунун астынан издөө керек. Алар аябай тереңде болушат. Кудум балчыкта жалпайып жатып алган чочконун балдарындай...

Балакай таң калып сурады:

– Цанко, чочконун баласы сыяктуу балык болобу?

– Тантырабачы, ким аны чочконун баласындай кылып багат? Сом балыктардын багыла турган жери бар экенин ушул убакка чейин уга элекмин...

Бир азга ойлонуп туруп минтип улантып койду:

– Дарыяга тор салганымды эч кимге айтып койбогун. Түндө бирөө-жарым келип, балыктарды алып кетип калышы ыктымал.

– Айтпаймын! – деди балакай.

Бир нерсе эсине түшкөндөй Цанко андан сурады:

– Канакей, мага чынынды айт, ким сага артымдан байкап жүрүүңдү буюрду.

– Эч ким. Өзүм...

– Балык уулаганга бара жатканымды кайдан билдиң?

Балакай экиленип туруп жооп берди.

– Күн сайын кайда кетип жатканыңды билип жүргөм.

– Хм, кеп бул жакта экен да. – Цанко бир саамга токтоп калды. – Эмне, менин кайда барып-келип жүргөнүмдү аңдып жүргүң барбы?

Балакай унчукпай бир азга нары басып барып, кайра бир сырдуу сөздү айтмакчы болгондой, акырын мындай деди:

– Сендей болгум келет.

Балыкчы ага таң кала карады:

– Мен кандай экенмин?

– Сен чоңсуң... Атам мага: “Цанкону кара. Ал бардык иште биринчи. Ошондой бала бол...” дейт ар дайым. Канаке, мага аккордеон черткенди үйрөтсөң... Сахнада да...

– Аккордеонду кандай черткенимди сен, балакай, кайдан көрдүң эле? – деп сурады Цанко.

Балакайга жан кирди. Ал Цанконун артынан калбай басып, кичинекей жүрөгүндө асырап жүргөн сөздөрүн шашып-бушуп айта баштады.

– Кышында Левскийдин ролун ойногонсуң! – ал демин токтотуп алды. – Эсиңдеби, аны даргага асышкан. Ошону мага да үйрөт!

– Үйрөтөмүн, – деди Цанко. – Мектеп ачылсын, ошондо биз пьеса койгонго даярданабыз. Сага да роль тандап берем. Албетте, алгач кичирээк роль болот.

Балакай Цанконун колунан бекем кармап алып, анын басканын токтотту. Бирок толкунданып, сөзүн таппай калды.

– Сага жыгачтан Левскийдикине окшош кылыч даярдап койгом, – деди ал кайра тилге кирип.

Цанко анын ийнине колун койду. “Карачы, кандай бала экен, Цанко болсо...”

Балакайдын андан калышпай басканга умтулганын дагы сезип бара жатты. “Балаң түшкүр, эй! Муну кара, мендей болгусу келет имиш...”

Алар балакайдын үйүнө жетип келишти.

– Эртең балык уулаганы жөнөгөнүңдө мени да ала кетесиңби? – деп сурады ал.

– Баргың келсе, айтам, – деп макулдугун билдирди Цанко. – Эми бар, укта.

Балакай секирген бойдон короосуна кирип кетти. Цанко таштак жолдон үйүн көздөй кетип жатып, балакайдын ырдаганын укту. Бул ыр күүгүмдө кичинекей жүрөгүндөгү толкунданууну билдирип жаткан чегирткенин чырылдаганына окшош болчу.

**Одетто Мутто**
**Бразилия**

## БАРДЫГЫ ЖАЛГАН

– Кош, эми эмне кылабыз, балам? – деп сурады аял очоктон түшкөн отту үйлөп жатып.

– Билбеймин, апа.

Ошондой деп тынчып калды. Андан соң ыйлап жиберди. Матилде ага капалуу тиктеп калды.

– Ыйлаба, тентегим… Биз башкасын, андан да жакшысын табабыз.

Бала унчукпады. Апасы тамакка чакырганда да ыйлап жаткан болчу.

– Башкасынын кереги жок…

“Бирок апам да эмне кылсын. Менин көңүлүмдү көтөрүү үчүн аракет кылып жатпайбы”, – деп ойлогон Жозе кийизге узунунан түшүп жатып алды. Көздөрү шыпка тигилет. Бир аз унчукпай жаткан соң: “Жаким болгондо таап берет эле…” – деп койду акырын үшкүрүп.

Аял жооп бербеди. Тун уулунун атын угуп, сестенип кетти. Аны дагы деле унута элек болчу. Ай сайын көргөнү барат го, атын угуп эле калтырак басат. Дайым ушундай: бирөө эле анын ысымын оозго алды дегенче, уурулугу үчүн күнөөлөп жаткандай туюлат ага. Ошондо кара кийинген киши аны ууру жана бир нерсе деп тилдегенде, ал анча деле түшүнгөн эмес. Боз түстүү кийим кийген киши Жакимди кедейлик, жокчулук мажбур кылган деп, ага болушкан эле… Муну түшүнсө болот го… Ал унчукпай туруп уккан. Анан көз айнекчен киши кагазга карап, сегиз жылга өкүм кылганын окуп берди. Матилде дагы эле унчукпай турган… Сүрөткө тарткан учурда гана көздөрүн ирмеди.

Эне да. Өзүнчө: “Эй, Бүбү Марям! Бул адамдардын уулум Жакимге ырайым кылуусун өтүнүп сураймын. Аны азапка салышпасын!” – деп жалбарган болчу.

Арадан бир жыл өттү. Жаким эми көнүп да калды. Окуганды үйрөнүп алды. Бул апасына кереметтей болуп туюлчу.

– Менин бул жерде экенимди Жозеге айтпаңыз, макулбу, апа? Сезип калбасын деп, атайын башка баракка көчүп өттүм. Коңшу аялдарды өзүң билесиң го, тилинин сөөгү жок ...

– Жозеге сени иштегени Сантоско кеткен, ошол себептен үйгө келбей жатат деген болчумун. Ал сени аябай жакшы көрөт.

Чындыгында, ошондой эле. Жозе агасын өтө жакшы көрчү. Мунун себебин өзү да түшүндүрүп бере албайт ко.

Ал муну башынан эле билсе да, байкатпаганга ниет кылып койгон болчу. Бала агасы жөнүндө сурай берип токтогон учурда гана энеси бир азга жеңилдей түштү.

Матилде соңку көмүрдү очокко салып болуп, уулуна карады:

– Укта, томпогум, эртең азандан турушуң керек...

– Макул, апа...

Апасы чыракты өчүрдү.

– Эй, Бүбү Марям! Бей-бечаралардын дем берүүчүсү, өзүң оң жолго баштап, уулумдун күчүгү табылсынчы! Туура эмес кайдагы бир сөз үчүн улуулардын тынчын алуу жакшы эместигин билип турсам да айласызмын. Биринчи эмне болгонун өзүң билесиң. Ошол наалат үчүн кечир мени. Тотукушту тартып алгандарынан бери уулум аябай өзгөрүп калды. Бардык нерсени алып койчудай тынчы кете берет...

Апасы бир маалда уктап кетти.

Жозе анын уктап калганын билип, акырын ордунан туруп, сыртка чыгып айланага көз салды. Бөрү көрүнбөйт, эч жерде жок. Капаланып артка кайтты. Бөрү кайда кетип калды? Бир тааныбаган жерде темселеп жүрсө керек. Ким билет, тамак-самак жедиби-жокпу?

“Эгерде ит уулагандар кармап кеткен болсо, эмнеси болсо да эртең издеп табам”.

Ошондой чечимге келип, төшөгүнө жатты да, уйкуга кетти.

Эртеси жуулган кийимдери салынган түйүнчөктү колтуктап, азанда жолго түштү.

– Абайла, уулум, жерге түшүрбө.

– Сарсанаа болбоңуз, апа.

Бат-баттан кадам таштады, анан чуркап жөнөдү. Алгач апасы дайындаган жумушту бүтүргөн соң, Бөрүнү издемекчи болгон. Жолдо Сирилону жолуктурду.

– Бөрүмдү көрбөдүңбү?

– Кечээ кечинде бирөөлөр алып кетип баратышкан болчу.

Жозе бат эле түшүндү:

– Ит уулагандарбы?

– Ооба. Байкуш көпкө чейин карматпады. Сыйыртмак таштап кармашты.

Жозе өзүн кармаганга канчалык аракеттенсе да, көздөрүнө жаш толду. Досу менен коштошпостон эле басып кетти. Кожейке аны жактырбагандай тосуп алды. Убакыт эрте эле болчу.

Жозе сары санаа болуп көчөгө чыкты. Эми күчүгү эмне болот? Көчөдөн кармап алынган күчүк жана мышыктарды ит өлгөн жерге, дарыянын ары жагына алып барып таштаарын билчү. Бирок бир да жолу ал жакка бара элек болчу.

Ал чуркап жөнөдү. Кара тер куюлуп баратты.

– Кечээ күчүгүмдү алып кетишиптир. Ушул жерде эмеспи деп келгем.

Күзөтчү жүдөңкү балага оңурайып карап койду. Бирок ичкериге киргенге уруксат берди. Жозе күчүгүн араң тапты.

– Ана, тетиги кулагын кашылап турган ак күчүк ошол. Алып кетсем болобу?

– Бир жүз отуз крузейро (Бразилия акчасынын айтылышы), төлөп алып кете бер.

Бала түшүнбөдү.

– Күчүгүмдү алсам эле болгону...

Күзөтчүнүн жини келе түштү.

– Акчаң болбосо, башымды катырба... – ал баланы түртүп сыртка чыгарып жиберди.

– Күчүгүмдү бериңизчи, байке. Чоңоюп иштегенимде, акысын төлөймүн.

Бирок күзөтчү ырайымсыз киши эле.

– Үйүңдө өзүң жегенге тамак таппайсың да, анан күчүк бакканыңа жол болсун!

Жозе ыйлап чыгып кетти. Бурула бергенде бир кемпирге урунуп кетип, кечирим да сурабады. Күчүгүн ала албаган соң, күйбөгөн жери күл болуп, үйүнө жетти.

Апасы:

– Мынчалык кечигип кайда жүрдүң, уулум? – деп сурады.

– Бөрүнү издеп жүрдүм.

– Таптыңбы?

– Таптым. Ит уулагандар алып кетишиптир.

Матилде өзүн кайдыгер кылып көрсөттү. Бирок боору ооруду. Уулун аяп кетти:

– Эч нерсе эмес, башкасын табарбыз... Сулуусунан, сенин бөрүңдүн өңү-түсү анчалык деле эмес болчу...

Ошенткени менен өзүнүн сөзүнө өзү анчалык ыраазы болгон жок. Тун уулунун тоту кушу көз алдынан кетпей койду.

Жозе агасынын сөздөрүн кулагына илип да койгон эмес. Ал окуялардан башы маң эле. Агасы эч качан бир да жаман иш кылган эмес. Анда, эмне себептен эч кандай күнөөсү болбой туруп, ал жазалануусу керек? Ал өзүнүн бардык күнөөлөрүн бир-бирден эстеп жатты: кээ бир учурда сөгүнгөнү бар, анысы туура; апасы жууп берүү үчүн алган коңшусунун кийим-кечегин бир күнү топуракка түшүрүп жиберген; көмүр менен дубалга жазган; андай учур анда-санда эле болгон; апасынан уруксатсыз сууга түшкөн; цирк келгенде кокустан алардын пардасын тартып түшүрүп жиберген...

Бирок эч качан бирөөнүн эч нерсесине көз арткан эмес, тартып же уурдап алган эмес. Жада калса, көчөдөн бир нерсе таап калса, ээсин издеп таап, кайтарып берчү. Себеби таап алынган нерсе да өзүнүкү эмес. Туурабы? Эмне себептен алар күчүгүн алып кетишип, сураныл барса да кайтарып беришпей жатышат? Акчасын төлөсө гана кайтарып беришет имиш. Анда акча жок го, же ал адамдар акча төлөп бере албастыгын билип туруп, атайын бут тосуп жатышса керек да! Чоңойгондо бардыгын төлөп берүүсүн айтса да, жанагы байке Бөрүсүн кайтарып бербеди. Эмнеге ал адамдар бирөөнүн нерсесин алса боло берет, башкаларга болбойт? Уурулук баардыгы үчүн бирдей күнөө эмеспи? Эгер бир жумуш колунан келгендеби...

Бирок ал эч нерсе кыла албайт болчу. Ошондуктан аябай ыйлагысы келди...

– Кой, капаланба, Жозе. Минтип жүрүп кечигесиң.

– Азыр.

Ал кийинип чыкты. Дайыма мектепке жөнөп жатып сызгычынын учу менен Бөрүсүнүн жонунан сылап койчу. Кечээ да ушундай кылган эле. Эми андай кыла албайт. Эч качан. Астанадан аттап баратып, апасын көрдү, самындын көбүктөрү колунан жерге тамчылап жатыптыр.

– Эмнеге айланчыктап эле жүрөсүң, балам?

– Азыр, апа. Мына жөнөдүм.

– Бар. Батыраак бас, уулум.

Ал колундагы сызгычын карап коюп, дагы эле үмүттөнүп көчөгө чыкты.

Бүгүн ага мектептин мурдагыдай кызыгы жок. Бу жерде ага жаныбарларды, айбандарды кыйнабоо керек, балдардын жардылыгы айып эмес, бакыт-таалай акча менен табылбайт, уурулук эң оор күнөө экенин айтышкан...

Жалган. Бардыгы жалган!....

**Иштван Бедё,**
**Венгрия**

## АТАМДЫН ПОРТФЕЛИ

Иштн “Табылган буюмдар” деп жазып коюлган эшиктин алдында экиленип токтоду, андан соң коркуп-үркүп табылгалар бюросуна кирди.

– Кош, эмне кызмат, иним? – деп сурады андан муруту кудум морждун мурутундай болгон киши. Ал өтө дымактуу көрүнүшүнөн кандайдыр бир текшерүүчү сыяктанган неме эле.

– Сураныч, байке, айтыңызчы... Сиздерге... крокодилдин терисинен тигилген эски портфелди тапшырышкан жокпу?

– Крокодилдин териси дейсиңби? Канаке, бул жакка жүрчү, көрөлү!

Жыйырма мүнөттөй убакыттан кийин аябай көп табылгалардын арасынан портфелди таап чыгышты.

Иштн портфелди колго алган соң, бат эле кетүүгө камданган эле. Морж мурутуу киши дагдаңдап аны токтотуп калды:

– Атамдын портфели дедиңби? Калп айткан болбогун дагы? Жакшысы, сен коё тур. Атаңдын өзү эле алып кетсин, – деди да, кетип жаткан Иштини артына кайтарды.

– Мына ушундай, иним, бардык нерсенин өз мыйзам-ченеми бар, ага баш ийбесек болбос, – деп кошуп койду.

Ишти ага чынын айткан болчу. Атасы эски портфелин кайда калтырып койгонун унутуп, издегенге убакыт таппай жүргөнү ырас эле.

Атасынын туулган күнү жакындап келе жаткан. Белек алганга акчасы жок болгондуктан, атасына жоголгон портфелин таап, сюрприз да, белек да кылмак болгон.

Эми портфелди тапса да, аны кайтарып алганга мүмкүнчүлүк жок болуп жатканы аянычтуу көрүнүш.

Ишти портфелди Табылгалар бюросунан кандай кылып алуунун жолун ойлой берип, күн бою баш катырды. Бир убакта мектептин драма ийриминде койгон спектаклде аткарган ролу эсине түшүп калды.

Портфелди кандай алуу планын бат эле тапкандай болду: чондордун кийимин кийип, жасалма мурут жабыштырып, портфелдин чыныгы ээси болгон атасынын кебетесинде “Табылгалар бюросуна” бармак болду…

Кудум ошондой кылды.

– Крокодилдин терисинен жасалган портфелдин ээси мен боломун, – деди ал жабыштырылган мурутун оңдоп, жоон үн менен.

– Беймарал алып кетсеңиз болот, таксыр, бирок портфелде эмнелер бар экенин айтып бериңизчи?

– Билесизби, э-э-э… билалбадым… Түшүнүңүзчү, э-э-э… Аны мурдараак жоготуп койгонмун… Кокустан Иштинин үнү ичкере түшүп, ыңгайсыз абалда тили да сөзгө келбей күңкүлдөп калды.

– Эй-й-й, кеп бул жакта дең?! Анда документтериңизди көрсөтүңүз, бизде мыйзам ушундай!

– Документпи?… Э-э-э… Жок эле… Үйдө калтырган болсом керек…

– Ушундай деңизчи! Кудум ушул күнү үйдө калтырып келипсизби?

Опуза кылгандай сурады киши. Франци эшик алдыда турушу керек болгон кишини чакырды окшойт. Ал: “Бол батыраак, милиционерди кошуп ала кел, калпычыны колго түшүрдүк!” – деп калды.

– Байкежан, суранамын, кереги жок! Өтүнүп суранамын!

– Чынын айткан болсоңуз макул! Бирок алгач жерге түшүп калган мурутуңузду алыңызчы!

Ишти күрсүнүп койду да, бүт чындыкты төгүп салды.

– Мына атаңдын портфели, алып кетсең болот. Бирок билип кой, атаң үчүн сага табылганы кайтарып берип жатамын!..

Кубанычы койнуна батпаган Ишти портфелди бекем кармап, эшикке карай басып бара жатып, артына бурулду:

– Чоң ыракмат, бирок мага айтыңызчы, байке. Сизге чындыкты айтканымды кайдан билдиңиз?

– Аябай оңой эле. Атаң сенин сүрөтүңдү портфелинде салып жүрөт экен.

Нодар Кекемедзе,<br>Грузия

## ТУМАК, ЧАНАЧ, БЫЧАК ЖАНА ЖАШЫРЫЛГАН АРАБА

Лексо ага колундагы айрысын ачуусу менен жерге сайды да, тосмонун жанына келип кыйкырды:

– Эй, бала! Зурап деп жатам !

– Эмне дейсиз? – деп сурады тармал чач Зурап.

– Атаңа айт, чырдашпайлы десе, абайлап жүрсүн.

– Эмне үчүн?

– Кечээ күүгүмдө силердин уюңар чарбагымды тебелеп таштаптыр. Эгерде дагы бир жолу көрүп калсам, кудай сактай көрсүн, шыйрактарын сындырам!

– Эмне үчүн чарбагыңызды тебелеген биздин уй деп ойлойсуз? Көзүңүз менен көрдүңүзбү, колуңуз менен кармап алдыңызбы?

– Муну карасаң! – деп ачууланды Лексо ага, – Эмне, мени калп айтып жатат дейсиңби?

Зурап Лексо аганын айткандарын төкпөй-чачпай атасына жеткирди.

– Хмм, ушинтип опуза кылабы, – деп ачууланды атасы, – убагында эсин жыйып алсын ал. Аны аяп отура турган акмак жок! Уйдун бутун сындыруу кандай болушун көзүнө көрсөтүп коём! Анын эчкилери жүзүмдөргө киргенде унчукпадым эле го!

Эртеси Лексо ага менен Зураптын атасы кокустан булактын башында жолугушуп калышты. Ошондо кошуналар ортого түшпөгөндө, чыр-чатак кандай аяктаарын бир кудай билет эле.

Ушул окуядан соң сыйлуу кошуналар бири-бирине жүз көрүшпөс болуп калышты. Айыл аксакалдары ортого түшсө да, эч бир майнап чыкпады.

“Аларды жараштыруу үчүн кандай жол табуу керек?” – деп ойлонуп калды Зурап. Ал мынчалык болуп кетет деп ойлогон эмес эле да.

Бир күнү Зурап атасына билдирбей тосмодон ашып өттү. Лексо аганын жанына барып, жылмайып туруп:

– Саламатсызбы, Лексо ага? – деп саламдашты.

– Хм-м-м, эмне керек сага?

Ал чарбагында бир нерсе кылып жүрүп, бала жакка карап да койбоду .

– Эч нерсе... Өзүм эле. Ал-абалыңызды сурайын дегемин...

– Атаң экөөңөр менден башка нерсени ойлобосоңор керек. Кана эми, көзүмө көрүнбөчү!

Зурап ушундай болушун алдын-ала билген, билсе да көңүлү бир аз ооруй түштү. Бирок өзүн кармаганга аракеттенди, кетип калбады.

– Лексо ага, – деп сөздү улап кетти ал, – атам эшек арабаңызды сурап кел деген болчу.

– Эмне? – деп кыйкырып жиберди ал, – Араба?.. Башка нерсе керек эмеспи?

– Бере туруңузчу арабаңызды! – деп куру кеткиси келбеди Зурап.

– Муну кара! Эй бала, атаң менен сүйлөшпөй эле, ага араба бере турган акмак бар дейсиңби?.

– Мени менен сүйлөшөсүз го, – деп сөзүн улады Зурап, – мага бериңизчи.

– Сен бала, алгач мурдуңду жакшылап аарчып алчы, анан бир нерсе сура...

– Баланы жалдыратпай берип коюңузчу, – деп сөзгө аралашты аялы.

– Бар э, билгениңерди кылгыла.

Ал колун шилтеп ары басып кетти.

Зурап арабаны бат эле кылдыратып короосуна алып өттү да, тоодой үймөктөлүп жаткан бычандын арасына бекитип койду. Кечинде атасына:

– Лексо ага шаарга бармак болуптур. Тумагыңызды сурап жатат – деди.

– Тумагымды? – таң кала тиктеди атасы.

– Ал аябай суранды, ата, – деп көгөрүп туруп алды Зурап. – Берип турсаңыз жешилип калбайт ко!

– Жаш бала суранып жатат, зарыктырбай берсеңиз бербейсизби? – деп сөзгө аралашты энеси.

– Алгыла, алгыла, тумак тургай башкасын да алгыла! – деп кыйкырды атасы.

Эртең менен эрте Зурап тумакты алып барып, баягы арабага жашырып койду. Өзү Лексо аганын алдына кайра барды.

– Атам бычагыңызды берип турсун, – дейт.

– Эмне? Бычакты? Сен бала эмнеге эле мага желимдей жабышып алдың?

Зурап бир аз корккон болсо дагы эптеп күч таап, кайра сурады.

– Эй, кандай түшүнбөгөн кайсар баласың, бычак эмнеге керек өзү?

– Уюбузду соймок болдук.

– Саан уйдубу? Эмне, атаң эсин жеп койгонбу?

– Билбедим, мына ушул акмак уйду соём деп... Ошон үчүн жакшы адам менен араздашып калдым деп жатат.

– Хм, туура, – деди Лексо ага. – Мейли, алсаң ал.

Үйгө келген соң атасынан Лексо ага үчүн чаначын сурады.

– Бербеймин!

– Берип коюңузчу, – деп көтөрүп туруп алды Зурап. – Тумагыңызды кызганбадыңыз, эми бир чаначка ичиңиз тарыбасынчы.

– Алар кандай адамдар, өзү араздашып жүрсө да, жайыңа койбойт. Ал ошол чаначты...

Зурап чаначты да, тумак жана бычак турган арабага жашырып коюп, кайра Лексо аганыкына чуркады.

– Лексо ага, – деп кыйкырды, – атам сизди кечки тамакка келсин деп айтты.

– Тамакка... – деп таң калды Лексо ага. – Байбиче, уктуңбу? Мито кошуна мени кечки тамакка чакырыптыр.

– Эмнеси жаман анын? – деди аялы. – Сүйлөшпөй жүргөнүңөр жетишеттир! Чакырган жерден калба...

– Өз айыбын мойнуна алган окшойт... – деди акырын күлүмсүрөп Лексо ага.

Күн тоолордун артына жашынган соң Лексо ага көзөгө эң жогорку сорттогу винодон толтуруп алып, өзүнчө кыңылдап ырдап кошунасыныкына жөнөдү.

– Кошуна, – деп чакырды ал жетип келген соң.

Зураптын атасы аны көрүп, таң кала тиктеп, тили келмеге келбей калды.

– Ата, – деди Зурап, – эмнеге аңырайып калдыңыз? Лексо аганы көрбөй жатасызбы? Конокту үйгө баштап кирбейсизби?!

– Кош келипсиз... – деди атасы мейманга кол сунуп.

Кошуналар кучакташып саламдашты. Зураптын апасы ак дасторкон жайып, тапкан-ташыганын жайнатып салды. Зурап жакыныраак отуруп, алардын жүздөрүндөгү жайдары шаттыкты көрүп, суктанып карап отурду.

– Лексо, – деди Зураптын атасы, – мындан ары тумак керек болбосо, берип жибер.

– Кандай тумак, Мито! – деп таң калып сурады кошуна. – Тумакты го билбеймин, эгер өзүң арабаны иштетип бүткөн болсоң, алып барып бер.

– Кандай араба?!.

– Ии, – деп күлүмсүрөдү Лексо ага, – анда бычакты алганыңды да унуткан чыгарсың? Байкуш уйду эмнеге сойдуң, бооруң ачышпадыбы?

– Кайдагы бычак, Лексо? Кандай уй?

– Эмне болуп жатат өзү? – Лексо ага Зурапка карады. – Мүмкүн мына бул... Араба менен бычак кайда?

– Чанач менен менин тумагымчы?

– Ата, Лексо ага, – деп толкунданды Зурап. – Бычак, чанач, тумак, баары – арабада. Араба бычандын астында…

– Демек, сен мени алдаган турбайсыңбы?! – атасы ачуусу менен Зураптын колунан кармады.

– Шашпа, Мито, – деди Лексо ага. – Кое турсаң, бул бала биздей кары акмактарга караганда алда канча акылдуу турбайбы. Мен кошунамдын ушундай уулу бар экендиги менен сыймыктанам. Кана, ушул чөйчөктү анын ден-соолугу үчүн көтөрөлү.

**Махмуд Теймур,**
**Египет**

## ЧЫЧКАН

Ал эми гана жети жашка толгон, бирок аны көргөн адам төрт жаштай куракта деп ойлойт. Себеби анын келбети чакан, бою жапыз гана, өтө бечел, арыгынан келген, бир караганда өңүнүн кандай экендигин да ажыратуу кыйын: кир кебетесин көрүп эле көңүлүң айныгансыйт. Көмүрдөй капкара чачтары андан беш бетер кара өңдүү көрсөтөт аны. Ит мүлжүгөн сөөктөй арык, эти жиликтерине жабышкан, жада калса, бирөөлөр боору ооруп тигип берген көйнөктөн да кабыргалары саналып турат.

Бирөө андан атасын сураса коркуп-үркүп, акырын гана “билбеймин”, – деп жооп берет. “Апаң кайда?” деген суроого жооп иретинде, колунун учу менен көйнөгүнүн бир четин кармалап, санаалуу көздөрүн жерге сайып: “Билбеймин”, – деп күңкүлдөп коёт. Мындай жооп суроо берген адамды сестентиши мүмкүн. Бирок ал адам аргасыз кезектеги суроосун берет: “Кайда жашайсың?” Анда кыз как сөөк колдорун көп кабаттуу үйлөрдүн жанындагы таштанды үй жакка шилтеп: “Мына бул жакта” дейт.

Ооба, ушул таштанды үйдө турат бечара кыз. Күн сайын кечте ушул жерге ашыгып келет ал… Анын жатар жайы

эшиктин артындагы таштандылар үйүлгөн бурчта. Ушул жерде мүңкүрөп жатып, терең ойлорго батат өзүнчө.

Ал дайым эле ушунда жатып калбайт. Кожойкесинин оор жумуштарынан кутулган убактарда гана ушул жерде эс алат. Кожойкеси кууураган дарак сымал арык кемпир болчу.

Кыз аны "тайежем" деп атайт. Кемпир ага "Чычкан" деп ылакап ат койгон. Бул ылакап атты койгондугу коңшуларга да жагып калган. Баары аны "Чычкан" деген ат менен чакырчу. Кыз буга көнүп калган, жада калса, туулганда коюлган чыныгы атын унутуп койгондой.

Ал амалкөй кемпирдин таштандысын жеп күн өткөрөт. Көпчүлүк анын чыныгы ысымы Чычкан деп билет. Бул ысым кыз үчүн канчалык жаман туюлса да, ал макулуктардын арасынан ушунусун жактырат, жактырып гана калбай, жакшы көрөт. Эшик артындагы сүйүктүү жайында ага шерик болгон чычкан менен анын ортосундагы достук байланыш эбак эле тамырлап кеткен болчу... Ар кандай достуктун да, ар бир таанышуунун да себеби болот эмеспи.

Түндөрдүн биринде кыз өзүнүн жайына тыгылып, төшөгүнө оролуп отурган. Көздөрүн уйку баса баштаган, бирок жанындагы таштандылардын үстүндө курт-кумурскалар жыбырап үйүлүп, андан корккондунан калтырап-титиреп отурду. Араң шоола берип турган керосин лампасынын жарыгында сансыз курт-кумурскалардын артында мончок көздөрү жылтыраган бир сөөмдөй кара баш көрүндү. Кыз бакырып жибермек болду, бирок үнү чыкпады. Муун-жүүнү бошоп, жүрөгү көкүрөгүнөн чыга жаздады. Каректери чычканга түшкөн соң, бир аз өзүнө келди.

Чычкан таштандылардын арасынан чыгып силкинди. Кичинекей мурдун созуп, абаны жыттап көрдү. Арпанын данын ары бери тоголотту, өзү да ары-бери секирди. Данды эки алдыңкы буттары менен кармап алып, кемире баштады. Кыз коркуп, бир жагынан чычкандын аракеттерине кызыгып тиктеп отурду. Андан соң чычкан менен таанышууну каалагандай ой пайда болду анда. Бирок көңүлүндөгү каалоосун четке кагып, чычкандан көзүн албай отура берди. Бул убакта чычкан баягы арпанын данынын бир бөлүгүн кемирип жатып, кокустан эч

нерседен эч нерсе жок эле олжосун таштай качты да, ийинине кирип бекинип алды.

Кыз күлкүсү келип, ойго батты: “Балким мени көрүп коркуп кеттиби?” Кызык, бул дүйнөдө андан корко турган жаныбар да бар экен да, ыя?

Кыз чычкандан калган олжону тиктеп туруп, дагы ойлоду: “Эми чычкан ачкалыктан аябай кыйналат. Болбосо данга жабышып жейт эле”.

Бир аздан соң кыз да өзүнө бирдеме табуу үчүн ошол таштандыны тыта баштады. Ал курсагы ачканда, түндө ошондой кылчу. Ошол түнү кыз чычкан тийген ыплас тамактан башка нерсе таба албады. Бирок аны жегиси келбей, ачкадан эле уктаганга мажбур болду. Качкан чычкан болсо ыплас тамакты жегенге жийиркенбеди эле. Демек, ал ач, кыздан да ачка болсо керек.

Чычкандын да бага турган, тамак таап бере турган энеси жок окшойт. Себеби кыз энелердин мээримдүүлүгүн, өзү жебей балдарына тамак берүүсүн, жада калса, чайнап оозуна салуусун жакшы билчү. Кичинекей чычкан да ата-энесин билбейт эле. Ал да кызга окшош тирүү жетим болчу. Курсагын тойгозуу үчүн кызга окшоп таштандынын арасын тытмалап жүрбөйбү… Ооба, алардын тагдырлары окшош эле!..

Эртеси күнү кыз кожойкесинин үйүндөгү жумуштарды толук бүтүрдү. Кемпирден бешенесине жазылган тарсеки келтектерди да жеди… Күүгүмдө кемпирден кутулуп, өзүнүн “башпаанасына” чуркады жана ниетин ишке ашырууга киришти; бекитип алган бир сындырым гана нанды алып, кечээ чычкан чыгып келген бурчка коюп, төшөгүнө жатты. Уктабай, эки көзү төрт болуп, чычкандын ийинине кадалды.

Бир убакта чычкандын чыйылдаган үнү угулду. Ийиндин оозунан кичинекей баш көрүндү. Чычкан алгач тумшугун өйдө көтөрүп, коркуп-элеңдеп, тияк-биягын жыттагылап көрдү. Берирээкте жаткан нандын бөлүгүн көргөндө, жанталашап кемирүүгө өттү. Кыз чычканды аяп, колуна алгысы келди. Ал арзуусуна жетти. Анткени ачка жүргөн чычкандын курсагын тойгузду!

Кыз бактылуу эле, себеби күткөн "коногу" келди, чычкан ал берген нандын бир да ушагын калтырбай жеди. Кыз нандын дагы бир бөлүкчөсүн чычканга таштады. Бирок чычкандын пейли айныдыбы, коркуп кеттиби... Ал айланасындагы абалды "көзөмөлдөгөн" соң, нанды абайлап кемирүүгө киришти. Чычкан бат-бат кыз жакка да көз салып коёт. Ал кубангандан терисине батпайт. Чычкан арткы буттары менен туруп алып, тамагын көтөрүп жемекчи болгондой, нандын калган бөлүгүн тырмактай колдору менен кармап алды. Аны тиктеп туруп, кыздын көңүлү кубанычка толду. Кармана албай күлүп жиберди. Чычкан анын жаңырган добушунан коркуп, ийинин көздөй качып кетти.

Кыздын санаасы санга бөлүндү. Өзүн-өзү суроого өттү: "Чычкандын жини келдиби? Ал менин күлгөнүмдү өзүн маскара кылып жатат деп ойлоду бекен? Күлкү болгонун да мурду менен жыттап билди бекен? Же кооптуу бир нерсе көрүндүбү көзүнө? Анда ал мен жөнүндө жаман ойго батып, бир жамандыкты күткөн чыгар? Жок, чычкан адашты. Себеби мен аны маскаралаган да, анын үстүнөн күлгөн да жокмун. Жамандык кылууну да оюма алган жокмун... Эгер чычкан менин ага канчалык боорум ооруганын, достук мамиледе болмокчу экенимди билген болсо эмне?"

Бири-бирин кубалап күндөр өтө берди...

**Габыт (Габит) Мусрепов,**
**Казакстан**

## КЫРААН КУШТУН ЫРЫ

– Бех, бех, бех!...

Айыл жашоосунда күн сайын угулуп турган сөздөрдүн арасына көмүлүп жоголуп кетпесин дегендей, бүркүтчү өзүнүн бүркүтүн, кыраан кушун: "бех! бех!" деп чакырчу. Мындайча айтканда, бул сөз башка бир элдердин да тили эмес, куштардын да тили эмес, балким айыл жашоосунда күнүмдүк турмушта

колдонулуп келе жаткан өз элинин жөнөкөй эле сөзү болсо, ажап эмес.

– Бех, бех, бех!...

Кыраан куш ээсине кайрылган да жок, караган да жок. Тескерисинче, кош канатын кенен жайып барган сайын бийиктикке өрлөп бара берди. Башынан томогосун сыйрып алганда эле көзү чалып калган коёнго да көңүл бөлбөй, алгач торгойдой канат каккылап, өйдөгө түз көтөрүлдү да, андан соң канаттарын жайып, калкылдап учуп баратты. Кудум аскага барып сайылчу найзадай учуп бараткан эле. Ой тобо, түлкү көрдү бекен же борсолдой көрдү бекен? Же карышкыр-парышкырга көзү түштү бекен? Өзү кийинки күндөрдө конолгосунда да тынчсызданып отура албай калган эле. Көңүлү бир нерсени көксөп калган экен го? Же ошол аябай эңсеген нерсеси көзүнө чалына калды бекен?..

– Бех, бех, бех!...

Бүркүтчү тору атын шамдагайлык менен өргө карай чаптырды. Бирок көкүрөктөн келген калың кар аттын алыска баруусуна тоскоолдук жаратты. Тору ат күндүн нурунда жаркырап, бууланып жаткан карды төшү менен кичине жарып омуроолоп барды да, беш-алты жолу жүткүнүп алып, анан токтоп калды.

– Кайран бүркүтүм! Чын эле айрылып калдымбы, э! Бех, бех, бех!...

Өткөн күнү Эржан аңчы эки түлкү кармап келген болчу. Экөө тең алтындай кулпурган кыпкызыл түлкүлөр эле. Эржан аңчы экөөнү тең абайлап эч жерине зыян келтирбей, терисин сыйрып алган. Түлкүлөрдүн кыпкызыл коюу жүндөрүнүн арасында күмүш сыяктуу апакай тыбыттары да көзгө илинет. Буттары кара алтындай жалтырап турат. Аңчынын төрт жашар кызы түлкүнүн мамыктай жумшак куйругун мойнуна ороп ойноду. Эки жашар уулу мага бөйрөгүн алып бериңиз, – деп тополоң салды. Койдун, коёндун бөйрөгүн жеп үйрөнгөн балага ошол гана керек да.

“Кут болсун!” деп, кошуналары да топтолуп калышты.

– Ээ, баракелде, үйүрү менен үч тогуз болсун!..

– Короондо мал союлуп, жегениң эт-май болсун!..

Май-этти аңчынын жалгыз өзү жемек беле? Жоон созулуп, ичке үзүлгөн бир убакта, анын үйүндөгү эптеп асырап келе жаткан аз гана эт-майын да алар жеп-ичип кетишти. Курут-май, чай-канттардын да түбү көрүнүп калды. Андан сырткары, айылдагылар арак-шарапты да суудай эле ичет эмеспи. Эржан аңчынын чөнтөгү да бошоп калды.

– Сары кырааның куштардын падышасы да! – дешкен сайын сарымайдай сактагандарын алып чыгып, култ-култ эткизип арак куйбай коюуга да айласы жок эле!

– Ушул жылы Сары кырааның жыйырма чакты түлкү алып берди окшойт сага, Эржан! – деп кошуп коюшат.

– Жыйырмага жете элек… – дейт Эржан колун аракка созуп. Кой-кой десе болбой, көңүлдөгү ишин кылып, култ-култ эткизип арак куя баштайт…

– Дүйнөдө бүркүткө түлкү алдыруудан өтө турган зооктуу эрмек жок. Акын агабыз Абайдын да бир хоббиси ушул болгон…

“Апакай кар, кара бүркүт, кызыл түлкү,
Окшоп кетет баары көзгө көрүнгөндөй…
Кара чачын тарагандай эки колу,
Көл жээгинде жыргап сулуу кирингендей…”

– Фермага башчы бол десе көнбөй, аңчылыктын артынан түшкөн мына ушул Эржанда да Абай агабыздан жуккан бир нерсеси бар го, чамабызда…

Дагы кырдуу чөйчөктөргө “замзамдан” куюла баштады.

Сырттан конолгодогу кыраан куштун шарпасы угулат.

– Эх, кыраан бүркүтүң аябай табында го!… Кудай буюрса, дагы бир кызыл түлкүнүн башын карга саят!…

Киребериштеги кепеде тактайдан жасалган конолгосунда отурган кыраан куштун кайра тыбырчылап үн катканы угулду. Адатта, ал дайым күн батканда эле конолгодо отурган бойдон уктап кетчү. Мойнун кез-кезде созуп коё турган. Бирок кечээ-бүгүн, эки күндөн бери уйкуну унутту. Чамасы, өз оюндагыдай кенен чер жаза албадыбы, аябай зериктиби… Балким өзү кармаган түлкүнүн этин эңсеген чыгар?… Балким, ага карматпай качып калган экинчи түлкүдөн өч ала албай калгандыгы үчүн ыза

болуп каарданган чыгар?... Эмне болгондо да, эки күндөн бери анын тынчы жоголгону даана байкалып турат. Ал – чексиз талааны кезгиси келет, көк асманга каалгып учканды эңсейт. Бүркүт канаттары менен жыгач конолгону шарп-шарп ургулап, аны кармап турган кайыш боолорду чоюн тумшугу менен чокуп, улуп-жулуп таштайт. Анын жүрөгүнүн түпкүрүндөгү эркиндикке болгон кусалык, азаттыктын ыры, асман ыры бүт денесин жалындатып, барган сайын күчөгөндөн-күчөйт.

Бирок Эржан аңчы кыраан куштун бул ички сырын байкай алган жок. Өзүнчө тапка келген куш көбүрөөк ууга салуумду сурап жатат деп ойлоду.

Ошондон соң Эржан аңчы өзүнүн жайдары тору атын бир күн эс алдырып, кайра ууга чыгып кеткен эле. Чак түш. Алда кандай бадалдардын арасынан бир коён чыга калды. Чыкты да, бир-эки секирип, анан кайда качарын билбей, башы маң болуп туруп калды. Эржан аңчы аялынын бүгүн жок дегенде коён-соён кармап келбесеңиз, казаныбыз суугa түшүп калды – деген сөздөрүн эстеди. Ошондо сол колу менен оң колунда отурган кушунун томогосун сыйрып алды да, аны коён жакка шилтеди. Бирок куш коёнго көңүл бурбады. Тескерисинче, канаттарын кенен жайып, барган сайын бийиктикке умтулду.

– Ой тобо, бул эмне көрдү? Кийик көрдүбү же карышкыр көрдүбү?

Эмнеси болсо да, айланып барып чеңгел сала турган абалына келип калды. Бирок ал олжону кармоону ойлогон да жок бул кебетесинде. Көк асманда ойноп учуп жаткансыйт. Канат жайып бийик-бийикке көтөрүлгөн сайын конолгодо отурганда уюган денесин жазып, кээде шамалга каршы бурула калып, асман бетинде ойкуп-кайкып жүргөндөй көрүнөт. Мындай учурда анын канаттарында күндүн шооласы чагылышып жаткан сыяктанып кетет.

– Бех, бех, бех!..

Жок, кыраан куш артына кайтпады. Аны улуу жашоонун чоң толкуну – бийиктиктин сапар толкунуна карай айдап кетип бара жаткандай...

Анын көздөрү өзү сагынып күткөн нерсесин мойнунан томогосу алынып жаткан кезде эле ылгаган болчу. Бул жөнүндө

ага чыныдай таза көк асман, булутсуз ачык Күн айтып турбайбы? Аны кыраан куш асманды зуулдап кесип бараткanda анын кулагына даана угулуп турган канаттардын шоокуму айтып жатбайбы? Кыраан куш болуп жаралганда, кези келгенде талпынбай койгон, туткун болуп турган жүрөгүнүн түпкүрүндө от алып күчөп жаткан кызуу каны айтып жатбайбы?

Кыраан куштун арзуусун Эржан аңчы өзү да эми байкап түшүнүп тургансыды. Эржан сыяктуу кыраакы саяпкер жана аңчынын көздөрү гана ылгай ала турган асмандын бийиктигинде кош бүркүт айлана баштады. Үчүнчү бир чоң кара бүркүт алардан бир канча алыста эки бүркүттүн сейили эмне менен аяктаарын байкап жаткан сымал туюлат. Бир канча убакка чейин кармашка түшүп жүргөн кары бүркүт бул эки бүркүткө кызыккансып, алардан алысыраакта каалгып учуп жүрдү.

Кош бүркүткө кары бүркүттөн башка үчүнчү бүркүт, Сары кыраан жакындап калды. Бир маалда тиги кош бүркүттөр эки карама-каршы жакка ажырап, кайра бири-бирине жакындап учушканда, аралыгы жакын калган учурда Сары кыраан алардын төбөсүнөн шуңгуп, зуулдап нары өтүп, алыстап кетти. Кош бүркүттөр ага карап: “Күчкө толгон, текебер бүркүт окшойт! Эпкинин карачы, ыя! Кудум, добулдун өткүнү каптап келгендей!” – деп ойлоп калышты.

Бүркүттөр асманда узакка айланып учушту. Бул мындан да узакка созулушу ыктымал эле. Себеби болочок эне бүркүт болочок ата бүркүттүн бардык сапатын аңдап жетмейинче эч качан аны өзүнө жакындатпайт болчу. Айрыкча, болочок ата бүркүттүн бою кичине болуп, анын үстүнө, жөн эле көңүл ачуу үчүн жакындап учкан болсо, болочок эне бүркүт аны жамбашына жакындап келген учурда качырып тээп жиберет. Эгер ошол убакта эне бүркүт менен бирге учуп бара жаткан ата бүркүт абайлабаса, кокусунан келген тепкиден учуп кетип, кара жерге түшүп, талпагы ташка жайылып калышы да мүмкүн.

Болочок эне бүркүт асманда сейилдеп учуусун токтоткон жок. Аябай кызыгып кеттиби, төшүн шамалга тосуп, күндүн ысыгына карабай, бийикке өрлөдү да, кайра артына кайтты. Болочок таскара ата эне бүркүт менен бийикке өрлөбөй,

ылдыйраакта учуп жүрдү. Эне кыраан төбөдөн шукшурулуп, бул жолу анын төбөсүнөн күүлдөп учуп өтүп кетти...

Эне кыраан таң атар маалда тоо этектерин бүт ээлеп жаткан калың карагайлардан учуп чыгып жатып, кокустан жолуккан бул эркек бүркүт көзүнө анча жаман эместей байкалган болчу. Алар алгач анча деле бийикке көтөрүлбөй, ылдыйыраакта эле ойноп учуп жүрүштү. Бирин-бири жакшыраак таанып билген сайын жогорулап барып, азыр – ушул бийикке карай учушту. Алар жогору көтөрүлгөн сайын асман салкындагандай, эгер ушул тапта эркек бүркүт бул оюнда артка чегинсе, эне бүркүттүн көңүлү андан калып калуусу турган кеп. Бирок, азырынча, алардын башына мындай ой келген жок. Ошондуктан эне бүркүт алыстап учуп, кайра ага жакындады. Бирок бул жолу таскара ата бүркүт да андан калышпай бийиктеп учту. Алардын аракетин сырттан байкаган адамга бул экөө кудум бири-бири менен тебише кете тургандай, эки жактан бири-бирине карай жакындап келип, кайра эки жакка ажырап кетип жатышты. Таскара эркек бүркүттүн "өнөрү" анча эмес окшойт. Жакындаган сайын жабыша калууга умтулганы сезилип турат. Бирок эне бүркүт ага эч бир жакындагысы келбеди.

Бүркүт затына кээде кең дүйнө кеңдик кылса, кээде тар көрүнүп кетет. Алардын достору көп болгондой, душмандары да аз эмес. Азиянын аязына, Африканын ысыгына туруштук бере ала турган тукум керек аларга. Кара курсагы тойсо эле уйкуга кетпей турган, арзыбаган жан-жаныбарлардын уясын сагалап жүрбөгөн урпак керек аларга. Бүркүт заты мындайды ойлоп да койбогону оң. Бул – бүркүттөрдүн мүнөзүнө таандык, албетте!

Сары кыраан кечке чейин бүркүттөрдүн сейилине аралашпай жүрдү. Ал бир учурда алда кайдан учуп чыга калат да, кайра зуулдап кетип калат. Бир-эки жолу булардын айланасында сейилдеп, айланып учуп жүргөн кары бүркүттүн да жанына жакындагандай болду. Кудум саламдашкандай, аны менен урушпай-талашпай, бой тирешип, тең тайлаш учту.

– Канат серпишиңизде эч бир кынтык жок. Эмнеге четтеп учуп жатасыз, аксакал?..

– Тең кур-курбулаш болгон силердин оюнуңарды тамаша кылып, оюңарды чамалап көрүп жатам... Бийиктеп учсаңар

– кандай сонун, ылдыйласаңар өзүңөр өкүнөрсүңөр... Мен да бир кубанып, бир өкүнүп көргөн агаларыңардан боломун. Ошондуктан кызыгып да, кысылып да турамын силердин оюнуңарды көрүп... Өзүм учуп жете албаган бийиктиктерге силердин учуп чыгууңарды каалаймын. Өзүңөр асманда, оюңар ылдыйда жүрбөй, өзүңөр ылдыйда, оюңар асманда жүрсүн, чырагым. Бийиктик деген эмне – ошондо түшүнөрсүңөр...

Эки кыраан бири-биринин ой-пикирин сүйлөшпөй эле түшүнүп алышты окшойт.

Бул учурда болочок эки кыраан менен сейилдеп жүргөн таскара эркек бүркүт, эмнегедир, текеберлик кылып, жаңы "өнөрлөрүн" көрсөтө баштады. Ал эрдик көрсөткүсү келдиби, ылдыйда учуп жүргөн кары бүркүттү көздөй октой учту. Аны кууп жибергиси келдиби, канатын жулуп таштамакчыбы, ал жакка тик кадалып келе жатты. Канаттарын кээде жайып, кээде жыйнап алып, серпип-серпип алып жаткан. Алгач таскара бүркүт кары бүркүттүн төбөсүндө айланып-айланып, кези келгенде анын үстүнө сайылсуудай шукшурулду. Кыялында аны чеңгелдери менен мыжып таштагысы келгендей!...

Бирок даай албады. Кары бүркүт көздөрүн бир чакчайтып, чоюн сымал чеңгелдерин согушууга даярдап, алдыга карай көтөргөндө, жетип кармаган жерин бошотпочудай коркунучту байкады. Ал мойнундагы салкынчаагын артка шилтеп, темир найзаларын созо баштады. Чеңгелдери коркунучтуу, балтырлары мыкты болчу. Аны көрүп төшүн керип келген таскара бүркүт туруштук бере албай, артка кайрылып кетүүгө аргасыз болду.

Кала берсе, эне бүркүт аны өлүмгө кыйбай турган болчу. Сейилдеп жүргөн учурда кан төгүлүшүн каалаган эмес. Тескерисинче, алардын ортосундагы оюн эркек бүркүттүн аталык сыпатын, баатырдыгын сынай турган оюн болчу. Бул оюнда кайсы эркек бүркүт өзүнүн чыныгы мырзалык, мээримдүүлүк, чыдамкайлык, сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк сыяктуу сыпаттарын көрсөтө алса, болочок эне бүркүт ошого көңүлдүү экенин билдирип, ошону тандайт.

Таскаранын кулк-мүнөзүн жактырбай калган эне бүркүт ары бурулуп, чокуларды көздөй, күн чыгыш жакка жылжып кетти...

“Өз жолу менен учуп жүргөн кары бүркүткө тийишип эмне кылат? Өзү баштап, аягында өзү жан далбасалап качып калды го!..”

Эне бүркүт канаттарын эркин серпип, сымап сыяктуу беймарал каалгып учуп барат. Таскара да ага жетип алуу үчүн канаттарын батыраак каккылап баратты. Эне бүркүт эми анын алыска учуусун сынамак болгондой. Төбө чачтары кыроо басып, күмүш түстүү эне бүркүт каршысынан уруп турган суук шамалга да маани бербей, алысты көздөй учуп баратты.

Таскара бүркүт кыйла жерге учуп барды да, акырындап артта кала берди. Теңине албаган эне бүркүттүн оң жак-сол жагына өтүп, жагынуунун азап экенин туйду белем... Жанына да батып кетти. Эне бүркүттүн мынчалык күчкө толгон убагы болсо! Артынан кууп жеталбайсың, эч... Эч качан! Шашпай турчу, сени дагы көрөрбүз... Асманда сейилдеп жүргөнүңдө туш келип, бир адебиңди берип койбосом... Найзадай сайылганым болсун!... Ой тобоо, тигил чайпалып учуп келип жаткан кайсы болду? Ким болсо деле ак баш, картаң кушка окшойт... Эй, Теңирим, иши кылып, элдин арты мен эмес экенмин...

Эне бүркүт канчадан бери жалгыз өзү учуп жүргөн. Бир убакта канаттарын желдей күүлөнүп артынан бир Сары кыраан кууп бараткан экен. Ал экөө катарлаш учканда:

– Амансызбы, ханышам!.. – деп саламдашты Сары кыраан.

– Шүгүр...

Эми экөө жандап учушту. Экөөнүн тең төбө чачтары кыроолоп, күмүш түскө айланган болчу. Экөөнүн тең канат серпиши бирдей көрүнөт.

– Буттарыңыздагы эмне?

– Томогонун сыйыртмагы...

– Жалтыраган нерсе эмнеси?

– Жез чынжырлар.

Жанаша учуп бара жаткан кош бүркүт ушул сөздөрдү айтып сүйлөшкөндөй бири-бирине көз кырын таштап, көз уруштуруп алышты. Кайда барышат, кайда конушат, кудум бири-биринен сурашпаса деле, биле тургандай, үн катпай учуп баратышты. Байкашса, экөөсүнүн тең канат серпиштери, кулач жайгандары,

эпкиндери бирдей көрүнөт. Эки бүркүттүн төрт канатынан чыгып жаткан үн кудум бир ыргак менен күү чыгарып жаткандай угулуп жатты. Муздак асманга төштөрүн калкалап, аны жарып өтүп, канаттары менен жайпап учушту.

Күн батар кезде гана экөө жоон-жоон шактары тарбайып өскөн карт карагайга келип конушту. Алар бул карагайга кокту-колотторду ээлеп өсүп жаткан калың карагайларды аралай кезип, тандап конушкан болчу. Мына, экөө бири-бирине бет маңдай конуп отурушту. Зиректик менен үнсүз конуп отурушту.

– Мына, ушул карагайдын үстүнө уя курсак кандай болот? – деп сурады Сары кыраан Эне бүркүттөн.

– Мен уяны сиз менен курмакчы экенимди кайдан билдиңиз?.. Кызык экенсиз аябай?..

– Мына бул бири-бирине айкашып өскөн үч жоон шактын үстүнө он-он беш тың чыбыктарды кайрып, айкаштырып төшөсөк, аябай бекем уя болгудай... Андан сырткары, биз конгон бул карагайдын төбө жагындагы бутактары калың, коюу көрүнөт. Жаан-чачында балдарга паанараак жай керек... Ошону менен бирге, көздөн оолагыраак болобу деймин...

– Аракетиңиз текке кетип жүрбөсүн... Себеби мен сизге эч нерсе деген жокмун, азырынча.

– Анысын да көрө жатарбыз...

– Коюңузчу, кызык эле экенсиз...

Бир убакта артта калып кеткен таскара бүркүт да жетип келип калды. Күнү бою үмүттүү жүргөн көңүлү кала элекпи, ошол ниетте эне бүркүткө жакыныраак жерге конмокчу болду эле, ал жактырбагандай бир силкинип койду. Чамасы, нарыраакка кон дегендей болду. Эне бүркүт менен жанаша учуп келип, аңгемелешип отурган Сары кыраан да, көздөрүнөн от чачкандай бир окурайтып теше тиктеди. Таскара бүркүт эмне кыларын билбей шашып калды. Ары-беридеги шактарга көчүп-конуп жүрүп, алардан алыстап кетти. Бийигирээкке конуп отурган соң, өпкөсүн басып алып, менменсинүүгө өттү. Жөн эле жай бергендерине карабай, биротоло жайланып отуруп алгысы да келген жок. Мүмкүн, өзүнчө жарашып алдым деп ойлосо керек. Балким, ошол себептен беймарал кекирейип отурса керек!..

Чын эле ал:

– Э-э, мен бир жумуштарга убараланып калып кеттим. Эмесе, сенден калат дейсиңби! – дегиси келгендей эне бүркүткө көз кыры менен карап-карап коёт.

Карагайлардын ичин эпкини менен чайпалтып, картайган кыраан да жетип келди. Анын жаштарга эмне иши болмок, ыңгайлуу жерден жай таап, ошол жерди конолго кылып жайгашты. Кудум белинен белбоосун, башынан тумагын чечип таштап, кыйла сергий түшкөн картаң адамдай кары бүркүт алгач оор денесинин кокус конгондогу аракети менен карагайдын шактарын кайрып жибергендей болду да, андан соң жеңил тартып, жакшыраак жайгашып отурду.

Эми бүркүттөрдүн төртөө тең үн чыгарбай отурушту. Дарактын төбөсүн караңгы түн басып, бүркүттөр тамаша чала турган жай да эмес, убак да эмес эле, албетте. Күнү бою тыным билбей кызышкан денелер эми тынч эс алып, таштай катышты.

Таң заары менен эрте ойгонуп, картаң бүркүт учуп жөнөдү. Эригип калган чеңгелдери коёнбу же суурдунбу жолунан чыгып калуусун эңсейт...

– Учпайбызбы? – деп сурады Сары кыраан эне бүркүттөн жондоруп силкип коюп.

– Макул, учсак-учалы!

Эне бүркүт бир силкинип көтөрүлүп жөнөдү. Заарга чейин уюп калган денелери жазылганча, үч бүркүт жанаша учуп баратышты. Мойну узун эне бүркүт ортодо, эки жагында эки эркек кыраан. Эне бүркүттүн көңүлү Сары кыраанды жактырса да, таскара бүркүттү да кууп жибербеди. Эки кыраанга тең көз кырын салып, бирдей көзөмөлдөп баратты.

Күн бешимге жакындаганда кыраан куштар тоодон алыстап, кең жана чексиз талаалардын төбөсүнөн учушту. Айлана-чөйрөдө кооптуу жагдай бекинип тургандай, эч нерсе байкалбайт болчу. “Канакей, баштадык учушту!” – дегендей, биринчи болуп эне бүркүт асманга түз көтөрүлө баштады. Канаттарынын асты күн нурунда жарк-журк эте калып, көз жоосун алат. Сары кыраан менен таскара да анын артынан ээрчиди. Эне бүркүт муздак асманга сайыла кадалып, тике учат. Алгач эне бүркүттөн бир аз

артта калган Сары кыраан аны кууп жетип, бир канча алдыга өтүп кетти...

Эне бүркүт бир топко чейин оюнга аралашпай койду. Кыраан куштар эки жагынан келип оюнга чакырса да, маани бербей койду. Кээде бийикке көтөрүлүп, кээде ылдыйга шуңгуп жүрө берди.

– Өзүңөр ойногулачы...

Дене-бою кызып калган эки кыраан куш өздөрү учуп кетти. Сары кыраан алыс-алыстарга учуп, кең айланада каалгып жүрүп кайтып келди. Бирок текебер таскара бүркүт алыстап кетпей, жакынырээкта оролошуп, айланып жүрдү. Чеңгелге чеңгел туш келгенде бат эле кайкып өтүп кетип жатты. Бир ылдыйга карап шуңгуп, бир эне бүркүттүн үстүнөн өтүп, мыжыгысы келип кетип жатты анын.

Бул оюнда кандай айла-амал кылсаң да айып эмес. Бирок айла-амалыңдын баары адилетсиздикке жакын болсо, аны кыраан заты анча жактырбайт. Ошондуктан Таскаранын бул кылык-жоругуна Сары кыраандын ачуусу келе баштады. Ал Таскаранын жакын келишин күтүп туруп, жанагыдай зыргып качканга аракеттенгенде канаттарын жайып келип, оң жону менен согуп кетти. Сокkондо да нак төбөсүнөн сокту. Жондору чоюндай бекем окшойт, Таскаранын сол жак канаты үзүлүп түшкөндөй болду. Ал канаттарын араң силкип, айласыз ылдыйлай баштады. Ылдыйлап-ылдыйлап келип, алда кайдагы бир жерде дүмүрдүн үстүндө суурдун этин жеп отурган картаң бүркүттүн жанына келип конду:

– Ошол этиңден бир тиштем берип койчу, Көкем!..

Таскаранын карааны өчкөн соң оюнга Сары кыраан өзү киришип кетти. Бүркүт заты жашырганды, жалганчылыкты, жагынганды, ууру сыяктанып тиктегенди, күндөшчүлүктү жактырбайт тура. Алардын оюнча, бул оюнга эч кандай тоскоолдуктун кереги жок экен. Себеби бул оюн – тукум улоо оюну, бул ыр – урпак ыры. Бул оюнду – мелдешти өткөрүү үчүн кең асман, бийиктен – бийик жер керек. Ошондуктан, бул оюнда кубанууну билген кенен жүрөк керек!..

Сары кыраан кабагынан кар жаап, ачуусу менен учуп келе жаткан эле. Эне бүркүт ага жакындап келип, кайра бурулуп

кетти. Аны көргөн соң Сары кыраан ачуусунан кайтып, чырайы ачылгансыды. Эми экөө эки жактан бири-бирине карай жакындап келип, жанаша уча баштады. Кээде асманга көтөрүлүп, кээде ылдыйга шуңгуп, көңүл ачышты... Биринде энелик обону, биринде аталык кумары бар – экөө кечке чейин сейилдешти.

Күүгүмдө алар кайра кечеги карагайдын төбөсүнө конуп жатып, бири камкор ата, бири мээримдүү эне болуусу керектигин түшүнүштү.

Уяны каерге, кандай салуу туурасында келишпестик болгон жок.

Жаз мезгили. Жумурткадан жарып чыккан эки сары балапан ажайып куш болуп жетилишип, темир канат болуп калышты. Ата-энеси күнү-түнү ошолордун камын көрөт.

Алгач алар муштумдай-муштумдай чыбырала жумурткалар эле. Эне бүркүт бүт мээримдүүлүгүн жана сабырдуулугун аларга берип, кырк күн чырм этпей, күрп болуп басып жатты. Үкүдөй эки сапсары балапан жумуртканы жарып чыккандан соң, эне бүркүт алгач ордунан козголуп, далдаңдап учуп, арыраакка конду. Байкуштун эти жиликтерине жабышкан, арыктап кеткен. Канаттарын араң кыймылдатат. Сары кыраан үзгүлтүксүз тамак-аш ташып берип турса да, эне бүркүт өзүн алдырып койду. Үч күндүк оюн-мелдештин себеби да, күткөн үмүттөрү да мына ушул эки балапан эмес беле! Эне бүркүт өзүнүн азып-тозгон абалына бир да ичи ачышкан жок, мына бүгүн ал канаттарын кайра жазып алат. Таң заарда муздак сууга киринет. Эми кыйынчылыктар артта калды.

Балапандары амалга кирип калды. Коёндун жиликтерин беймарал жута алышат. Түлкүнүн этин талашып жеп салышат. Өпкө менен боор туура келип калса, канын соргонду эңсеп, бири-бири менен чокулашып да алышат. Бирок ата кыраандын эпкининен айбыгышат.

Эне бүркүт жумурткаларын узак убакытка басып отурган кезде Сары кыраан андан да жатыркап калган болчу. Себеби бооруна басып жаткан эки жумурткасын ата кыраандан да кызганат эле. Мына эми балапандары чоңоюп калганда, кайра Сары кыраандын аталык мээрими менен камкордугуна муктаждык сезиле баштады. Койчунун төрт канат үйүндөй

болгон кең уянын бир четинде ата бүркүт, бир четинде эне бүркүт конолгодо отурушат. Учканды эңсеп, оюнкараактык кылып, уянын кырына келип алган балапандарды тумшуктары менен түртүп, уянын ортосуна сүрүп коюшат, кана эми, тезирээк чоңоюп, тезирээк уча калышса... Кана эми, тезирээк дүйнөнү таанышса... Коёндорду кармап тамак таап жешке көнүшсө... Аяз келип калганча ээрчип учуп, ак-караны таанышса... Уяда жатып жеген тамак-ашы чуркап жүргөн төрт буттуу жаныбарлар экенин көрсө, билсе... Канча-канча алышып-жулушуп жашоого туура келишин түшүнүп жетишсе!..

Ата-эне кар борондуу күндөрдү күтүшөт. Кара бороон кутуруп турган учурда уяларында тыгылып отурган балдарын жонунан бороондун койнуна түртүп жиберишсе.... Балдары катуу-катуу, бат-бат канат серпип, учуп баштаса... Мындай учурда бет-маңдайыңдан ургулап турган катуу шамал канат серпиген сайын өйдөгө көтөрүп жиберишин көрсө... Ошондо алардын балдары коркуп-үркүшөбү же кубанып кыйкырышар бекен!...

Ата-эне ошону күтөт. Күткөндө да аябай ынтызарлык менен күтүшөт. Ошондо алардын алты айдан бери күтүп келип жаткан арзуу-үмүттөрү ишке ашкан болор эле. Ошондо алардын алты айдан бери тартып келип жаткан азаптарынын жыйынтыгы чыгат эле.

Мына, күзгү кара суук да көп күттүрбөй жетип келди. Эне бүркүт канча ашыкпасын, ата бүркүт бороондун күчөгөн учурун күттү. Калың токой бороонундагы картайган, ириген-чириген дарактарды тамыры менен жулуп, эпкини тийген, илебине илинген нерсени жулуп алып кете турган, куюн кылып тозутуп ойной турган добулдун келишин көрүү чоң тилек го! Каныгуу керек болсо, тукумуң ушундай добулда каныксың да!...

Сары кыраан кечээтен бери эне бүркүттү уядан четтетип, эки баласына эч тыным берүүнү каалабайт. Ал уянын ичинде балдарын ары-бери кууп, канат серпүүгө мажбур кылат. Шактарга конгонду үйрөтөт. Алардын темирдей тырмактары уянын жоон бутактарын тырмап таштаган. Кулап кетпесин үчүн тырмактарын катуу-катуу батырып, карылуу билектеринин

черин жазуу керек болчу. Ошондуктан бат-бат канат серпип машыгуу керек эле. Ата бүркүт уядан арыраактагы карагайдын төбөсүндө конолгодо отурган эне бүркүттү добуш чыгарып чакырып калды.

– Эмне, балдарды учурмак болуп жатасызбы? – деп сурады эне бүркүт.

– Кел, учуралы!

Алгач ата бүркүт менен эне бүркүттүн өздөрү уяны айланып учуп, канаттарын бир аз жазып алышты да, андан соң уяларынан коңур түскө кирген балдарын шамалга каршы жакка түртүп-түртүп жиберишти. Бирок бул түрткүлөр адаттагыча эмес, тескерисинче, зылдай оор, темирдей катуу тийе турган түрткүлөр эле. Бүркүттүн балдары да уяларына жабышпады. Чеңгелдерин боорлоруна кысып алып, канаттарын бат-бат серпигенге умтулушту, өйдөгө көтөрүлүштү. Коркуп кылчакташпады. Көздөрүнөн алда кандай от чыгып, учуп жөнөштү. Бул оттор кудум эне-аталарынын көздөрүндө чагылчу отко окшоп кетти. Алгач тапыр-тупур этип серпилип жаткан канаттары да эми бир иретке түшүп калды. Кулактары добулдун үнүн аңдагандай болду. Алар кез-кези менен канат серпибей, дене боюн добулга тосуп, калкып учуп баратышты. Арадан бир аз убак өткөндөн соң коңур түстүү балдарынын бирөөсү ата-энеси жакка көз салып, шаңшып үн чыгарып калды. Андан соң экинчиси да ошентти. Бул алардын кубанып шаңшыган үндөрү болчу.

– Э-э,-э, учкан сонун турбайбы! Эмнеге биз ушунча убакыттан бери учпай жаттык экенбиз? Дүйнө деген ушунчалык кенен турбайбы? Кантип биз бул тар уяга батышып келдик? Добул деген да, кандай жакшы экен, э? Уча албаган нерселерди өзү учуруп алып кетет экен! Биз болсок, качантан бери уябызды тозутуп отурабыз. Добул дегени бизди асманга алып чыкты. Эңсөө жана кубаныч дегени ушул эмеспи!...

Жанатан бери балапандардын астында учуп келе жаткан ата бүркүт жана эне бүркүт балдары менен жанаша учуу максатында, алардын катарын толукташты. Себеби балдар кооптуу жагдайдан өтүп, балапандарынын уча албай кулап кетүү коркунучу артта калган болчу.

Добулга аралашып, балапандары менен жанаша учуп келе жаткан ата-эненин жүрөгүндө кубанычтуу сезимдер даана байкалып, бул чыныгы кыраандардын арзууларын даңазалаган сонун ыр ободо жаңыргандай туюлду...

**Альбинас Жукаускас,**
**Литва**

## ДАРАКТЫН КӨЛӨКӨСҮ

Пепала көчөттү отургузуп жатканда эч бир жан бир ооз үн каткан жок. Ал көктөп, жалбырактары тарбалаңдап жайылган сайын эжеси шаңкылдай баштады:

– Терезеге жакын отургузупсуң, бат эле килейип кеткенин карасаң. Эми көлөкөсү үйдүн ичин караңгылатат.

– Койсоңузчу, эже, анын көлөкөсү түшкөнчө канча кар, канча жамгыр жаайт. Алгач өсүп, терезенин көзүн тосуп кала турган абалга келсинчи, ошондо бир айласы табылып калар. Ошондо биз терезенин түбүндө отурабызбы, жокпу... – деп жооп берди Пепала.

Кемпирдин үнүн угуп, кызы да чуркап чыкты.

– Ой тобо! – Дарак терезенин түбүнө өстүрүлөт деп кайдан уккансың? Дагы аттан түшсө да, ээрден түшкүсү келбейт мунун. Көлөкөсү күн нурунун жарыгын тосуп коёт. Ийнеге жип саптай албай отурасың кийин, – деп күңкүлдөдү ал.

– Азырынча көлөкө жок ко!...

– Жок болсо, кийин болот. Сен ушундай деп ойлойсуң да. Көлөкөсүз дарак барбы? Жулуп ташта!

– Өзүңүз жулуңуз! – деп көңүлү ооруду Пепаланын. – Даракты отургузсам отургузам, бирок кыйганга колум барбайт...

Дарак жаңы жалбырактар менен көркүнө келди. Аларды жерге күбүдү. Кайрадан жаз мезгили келип, кайра жалбырак ачты, анан аны да жерге күбүдү...

Бир маалда кемпирдин эсине дарак түшүп калды окшойт, Пепалага балта карматты:

– Чап! – деди.

– Эмнени?!

– Ушул жер жуткур даракты. Карачы, көлөкө да түшө турган болуп калыптыр.

– Кичине эле көлөкө го!

– Кичине болсо ал чоңоёт. Сөзду созмодой созбой, тезирээк чап! – деп арага кошулду кемпирдин кызы.

– Ана-мына дегенче, көлөкө терезени тосуп калат.

– Мен дарак кыйгыч эмесмин, – деп таарынды Пепала, – чаппаймын. – Көчөт эгүү болсо, жаным менен эгем, бирок кыя чабуу... Жок, колум барбайт. Алгач көлөкөсү чоңойсун, анан чаап таштаймын. Ошондо да көлөкөсүн чабамын, Даракка колум барбайт.

– Зарыбыз бар, зорубуз жок... – дегенден башка айла таппады кемпир менен кыз.

...Дарак күн сайын өсүп, күчкө толду. Көлөкөсү да салкындап, коюуланды. Бирок бул жагы кызык болду! Көлөкөнү көрүү кемпирге насип этпеди.

Эсил кайран, кемпир ай! Эсил...

Кемпирдин кызы да көлөкөнү каргап-шилечү убакытты күтүп отурган жок.

Көлөкөнү тосуп койчу терезе да калбады.

Эсил кемпир да, анын кызы да, терезе да жок эми!..

Эгерде бар болушканда дарактын астында отуруп, Пепала менен көлөкөнү чабуу же чаппоо жөнүндөгү талашып-тартышуусун кайра улантышар беле?..

Терезе жок. Эми кандай дешке болот, көлөкө терезени тосуп жатабы-жокпу?!

**Альгимантас Зурба,**
**Литва**

## МУГАЛИМ ЭЖЕЙ

Бул окуя Вайдуталар эски шаарда жашаган кезде болуп өткөн эле.

Атасы эшикке жаңы коңгуроо койгон болчу. Коңгуроонун топчусун бассаң, зыңгырагандын ордуна музыка чалат: блюм-блюм-блюм... Бир күнү Вайдута музыканы угуп, эшикти ачса, астанада досу Сигута туруптур.

– Жүрү, бир нерсе көрсөтөмүн! – деп ымдады ал. Алар тепкичке карай чуркашты, көз ачып жумганча төртүнчү кабаттан ылдыйга түшүп, тар короодон өтүп, бурчка жакындашканда токтошту.

– Ушул жерде! – деми кысылып шыбырады Сигута. Анан дарактардын артын шыкаалап, сөөмөйү менен көрсөттү: – Кара!

Алардын каршысында өзү сары, терезелери кабат-кабат бир имарат турган эле. Биринчи кабатында аларга жакынырак бир терезе ачык турган болчу. Андан жашы улуураак, көз айнектүү бир аял көрүндү. Аял терезеге жакын отуруп, дептерге бирдемкелерди жазып-сызып жатат.

– Ал мугалим! – деп досуна акырын түшүндүрдү Сигута. – Тапшырмаларды текшерип жатат.

Мугалим, чыныгы мугалим. Балдарды короодо ойнотуп жатып, мектеп жөнүндө канча жолу айткан. Вайдута мектепти түшүндө гана көрчү. Бирок мугалимди ушул убакка чейин бир жолу да көргөн эмес.

Вайдута дарактардын далдаасынан чыгып, ачык турган терезеге жакынырак барды. Мугалимдин бирдемкени чийгени, баа койгону жана жазганы ага даана көрүнүп турду.

– Үч, – деди шыбырап досуна.

– Тилекке каршы, беш эмес, – кудум өзүнүн дептерин текшерип жаткандай, мугалимден көзүн албай, санаалуу сүйлөдү кыз.

Мугалим дептерден көздөрүн алып, күлүмсүрөдү да:

– Бул бала көздөрү менен алма терет... Сабакты укпайт, дайым терезени тиктегени-тиктеген. Ошондуктан ката жазат, – деди.

Ошондой болсо да, Вайдутанын ал балага боору ооруду.

– Балким, ал анча деле күнөөлүү эместир, айлана көрктүү болсо керек.

Ошол учурда Сигута да бадалдардын арасынан чыга калып, Вайдутанын колунан тартты.

– Жолтоо болбо дедим эле го сага!

– Жок, жок, – деп күлүмсүрөдү мугалим эжей. – Тышкары жак көрктүүбү, жокпу, класста сабакты угуу керек. Мына бул кызга – “5” коёбуз.

Мугалим “5” коюп, дептерди кыздарга узатты.

– Беш! – Өзү алгандай көздөрү балбылдап ыргыштады Вайдута.

– Беш! – досу да кошулду ага.

Мугалим дептерлерди бирдей иреттеп, көз айнегин колуна алды.

– Мектепке баргыңар келип жатабы? – деп сурады кыздардан.

– Ушунчалык баргыбыз келет, бирок мага дагы бир жыл бар. Вайдутага болсо, туура эки жыл, – энтигип жооп берди Сигута.

– Сиз эртең да дептер текшересизби? – деп сурады Вайдута.

– Текшерем.

– Биз да келсек болобу?

Мугалим эжей “макул” дегендей башын ийкеди...

Кыш өтүп, жаз келди. Күндөрдүн биринде мугалим эжей үйүнө сонун кооз гүлдесте көтөрүп келди. Гүлдөрдү вазага салып, терезенин текчесине коюп койду. Эмнегедир эжей санаалуу эле. Кыздар болсо күндөгүдөй эле ушул жерде жүргөн.

– Мен биринчи сентябрда мектепке барам, – деди Сигута.

– Мен деле барайын, – деп ыйламсырады Вайдута.

– Албетте, албетте, – макул болду мугалим эжей.

Жайкы эс алуу бүтүп, күз келген. Ал кыздарды карады. Мугалим эжейдин каректерине жаш кылгыргандай туюлду.

...Сигута короодо куурчактай жасанып турат: апапакай фартук, чачындагы бантиги башына конгон көпөлөк сыяктуу, китеп баштык асынган, колдорунда гүлдесте.

– Жок дегенде, китеп баштыгыңды берчи, мектепке чейин асынып барайын, – деп жалынды Вайдута. Бирок ал бербеди.

– Эмне, мектепке аябай баргың келип жатабы? – кокустан мугалим эжейдин тааныш үнүн укту Вайдута.

– Ушунчалык баргым келип жатат! Менин бардык нерселерим бар... Алыңыз.

– Макул, аламын. Алгач Сигутаны узаталы. – Мугалим эжей кыздарга колун сунду, алар мектепке жол алышты.

Биринчи класстын окуучулары ата-энелерин мектептин короосуна калтырышты. Коңгуроо чалынып, балдар ирети менен класска киришти.

– Кана, балдар, жаныма келгиле.

Мугалим эжей Вайдутаны кучактап, мектеп короосунда чуркап жүргөн бир топ балдар-кыздарды өзүнө карай ымдады. Алардын да көпчүлүгүнүн көздөрү кызарган, ыйлап жиберчүдөй абалда эле.

Ал балдарды өз каанасына алып кирди, парталарга жайгаштырып, дептер, калем таратты. Эмне жазганды, таякча сызганды, айлананы чийгенди көрсөттү, кийин алардан тамгалар жасалды.

– Булардын баары оюн, жалган эле, – Вайдутанын жанында отурган бала шыбырады. – Эми ал мугалим эмес, пенсионер...

Вайдута мугалим эжейге тиктеди: улгайган, бирок жүзү нурдуу, сөзү жагымдуу.

Вайдута мугалим эжейдин тапшырмасын баарынан мурда аткарды, колун көтөрүп:

– Мына, менин ишимди текшерип бериңиз эжей! – деди.

**Емилиан Буков,**
**Молдова**

## АЛМА

Көчөдөн кызыл, сары, ак, чоң-чоң жана татынакай алмага толтурулган себет көтөрүп бир кемпир өтүп бара жатат. Мен кемпирдин артынан бара жатып ойлодум:

– Эх, мына ушул алмалардан жок дегенде бир даам татып көрсөм!

Акырын кемпирге жакындап, себеттеги алмадан бирди алдым да, чөнтөгүмө жашырып койдум. Кемпир сезген жок. Бирок кокустан мага кайрылып сурап калды.

– Бул жакка келчи, уулум. Атың ким?

– Петрика. Энем мени “Рика” деп чакырат.

– Эмнеге?

– Билбейм…

Кемпир себетинен эң кооз алмалардан бирин алып мага узатты:

– Ме, ал, алагой… Аш болсун. Бул менин өз багымдан.

Мен алманы ала албадым. Колун сунган кемпир таң калды.

– Эмнеге албайсың?

Мен жооп берүүнүн ордуна качып кеттим.

Учуп үйгө жетип келген соң, аябай ыйладым.

**Григоре Виеру,**
**Молдова**

## ШҮҮДҮРҮМДҮҮ НАН

Дору бөбөк кезинде тамакты жакшылыктуу жечү эмес. Аны айтсаң да, муну айтсаң да көнбөйт.

Бир күнү апасы Дорудан сурады:

– Сары май сүйкөлгөн нан жейсиңби?

– Жок, – деди Дору ойлоп да отурбай.

– Вареньелүү нанчы?

– Жок!

Анын жообун угуп турган атасы уулуна суроо берди:

– Нанга шүүдүрүм кошуп жегенди каалайсыңбы?

– Эмне кошуп?.. – түшүнбөдү Дору.

– Шүүдүрүм менен... – деп кайталады атасы.

Дору эмне деп жооп берүүнү билбей башын кашылап туруп калды. Шүүдүрүмдүү нан жөнүндө ал эч укпаган эле.

Бирок бул жакшы тамак окшойт. Ошондуктан бир көрүш керек. Дору ызы-чуу салып ыйлай баштады:

– Шүүдүрүмдүү нан!!! Нанга шүүдүрүм кошуп жегим келип жатат!

– Болуптур, – деп макулдугун билдирди атасы. – Бирок таң атканча күтүүгө туура келет, уулум. Таң атар маалда гана жүзүмзарда шүүдүрүм болот.

Таң заарда атасы Доруну ойготту. Алар жүзүмзарга киришти. Бул учурда Күн да көз ача элек болчу.

– Шүүдүрүмдүү нан канакей? – шашып сурады Дору.

– Шашпай тур, уулум. Азырынча бел күрөктү алып кичине иштейли да! Эң таттуу шүүдүрүм Күн жайылганда чыгат.

Атасы үйдөн алган эртең мененки тамагын: нан, пияз жана быштакты жүзүмдүн астына текчеге коюп, кичине бел күрөктү уулуна карматты. Анан чоң бел күрөк менен өзү жерди каза баштады.

Дору ар бир жүзүмдүн түбүн жумшартты. Атасы да ошентти. Дору жапайы чөптөрдү жулуп ыргытты. Жерге түшүп калган шактарды өйдө көтөрдү. Атасы да ага жардамдашты.

– Шүүдүрүмдүү нан кайда? – деп сурады Дору. – Менин курсагым ачты.

Кудум ошол учурда жүзүмзарга Күн нуру кенен жайылып келди. Ага чейин ата-бала бир канча жумуштарды аткарганга үлгүрүштү.

– Эми эртең мененки тамакка отурсак болот, – деди атасы Доруга.

Дору атасы ага узаткан нанды көрүп, кубанычы койнуна батпады. Нандын бетинде шүүдүрүм ар кандай түстө мөлтүрөп турган болчу.

– Кош, кандай? – деп сурады атасы Дорудан. Анан минтип кошуп койду: – Шүүдүрүмдүү нан сонун бекен?

– Сонун экен, – деди Дору. – Чындыгында, аябай таттуу экен.

Дорунун курсагы аябай ачкан. Ошол себептен нанды бат эле жеп бүттү. Чын эле нан таттуу экен. Себеби нанда таңкы шүүдүрүмдүн даамы бар эле.

**Худойберди Тухтабоев,**
**Өзбекстан**

## КӨЧӨТТӨРДҮН АЗАПТУУ ТУРМУШУ

Шаарда жашылдандыруу бир айлыгы болуп өткөн эле. Ошол айлыкта көчөлөрдүн, арыктардын бойлоруна, сейил бактарга үч жүзгө жакын мөмөлүү, мөмөсүз, декоративдик бак-дарактарды отургузушту. Жумалык гезиттердин жазганына караганда, мектеп окуучулары, райондук коммуналдык чарбалардын алдыңкы жана катардагы кызматкерлери, жергиликтүү тажрыйбалуу карыялар активдүү катышышты.

Бул жумуштар аябай ылдам, кудум, жоо кубалап келе жаткандай шашылыш түрдө өткөрүлдү.

“Шаттык” көчөсүнүн боюндагы арыкта суу шаркырап агып калды, мындан төрт жылча мурда бул арыктарда суу кургап калган.

Ана ошол суусу кургап калган арыктардын боюна 22-мектептин окуучулары эки жүз чакты чынар көчөттөрүн отургузуп кетишти.

Алар кубалашып-кыйкырышып ойноп жүрүп, кээ бир көчөттөрдү нымдуу, терең, туура, кээ бирлерин нарыдан-бери, кыйшык-мыйшык кылып отургузуп салышты...

Ой тобо, койлор менен эчкилер, же куштар өз тилинде чурулдашып сүйлөшкөндөй, чынарлар да чынарлар менен сүйлөшөт тура.

Жанагы ааламды башына көтөрүп кыйкырышып көчөт отургузган окуучулардын бири кетменин асфальт жолдо

тарактатып сүйрөп, бири күрөгүн арт жагына алып, дагы бири бош чаканы барабандай даңгыратып чалып үй-үйлөрүнө тараган соң чынарлар бири-бирине ойлуу тиктеп калышты.

– Хм, бардыгыңар эсен-аман жайгашып алдыңарбы? – деп кокустан сөз баштады тулку-бою келишкен шыңга бойлуу көчөт.

– Жаман эмес, – деп койду оң жактагы жапыз бойлуу чынар.

– Абайлабай менин бир шагымды сындырып койду балдар, – деп зарланды шагы сынган көчөт.

– Эч нерсе эмес, – дем берди ага тулку бою келишкен көчөт, – бардыгы жакшы болот. Тамырыбызды эсен-аман топуракка жайып алсак, күркүрөп өсөбүз, жалбырактарыбыз шамалда ойноп, кол чаап жыргап калабыз. Жолоочулар көлөкөбүздө отуруп эс алышат... Ыраазычылык билдиришет.

Тулку-бою келишкен шыңга бойлуу көчөт башка шериктеринин да ал-абалын сурап, көңүлдөрүнө дем берүүчү сөздөрүн айтып, өз иши менен убара болду.

Бир бийик бойлуу көчөт тоолордон, кыр-адырлардан ашып, унаадан-унаага оошуп өтө берип, денесинин запкы жебеген жери калбаптыр. Бир канча күн ачык-чачык калып, тамырлары да куурап-куруюн деп калыптыр. Бийик бойлуу көчөт ушул жарааттарынан айыгууга, тамырларын кайрадан жандандырууга киришти. Бирок айлана-чөйрөсүндө ным топурак аябай аз болчу. Канча жандалбастабасын, бир тамчы да суу жыйнай албады. Суу жок болгон соң, жарааты бүтпөйт, тамырлары да тирилбейт. Түпкү тамырында кышта камдап алган аз эле суу бар болчу. Ошол суудан бир тамчысын алып, жараатын дарылаган болду. Өлөйүн-өлөйүн деп калган тамырлары да бул суудан жанданып, өңүнө өң кирип, жүзүнө нур жүгүргөндөй жанданып калды. Анан көзгө илинбеген кичинекей колчолору менен топуракка жабышып, наристе энесин эмгендей, ным топуракты соро баштады...

Таң атып, күндүн көзү көрүнөрү менен эки жүз чакты көчөт бирдей ойгонуп, жеңил нурга чайкалышып, бири-бирине салам беришкендей, жаңы “конушта” түндү кандай өткөрүшкөндөрү жөнүндө айта баштады.

– Менин тамырларым түнү менен суу издеп чыкты, – деди бир илмийген ичке көчөт.

– Мен болсом денем менен да, шагым менен да шүүдүрүмдү соруп чыктым, – деди дагы башкасы.

– Мен жолдо бир топ эле кыйналып калган экенмин, дагы деле өзүмө келе алган жокмун, – деди үчүнчүсү…

Тулку бою келишкен ноочо келген көчөт башкаларга караганда бир-эки жаш чоңураак болуп, ата-баба чынарлардан уккан уламыштары боюнча жаңы жайга көчкөндө, оокат үчүн, күндүн ысыгына каршы, жада калса, суу үчүн аёосуз согуштар болушун, мындай оор сыноолорго кээ бир көчөттөр чыдай албай жеңилип калуусу ыктымал экендигин айтты… “Тфу-э, бул жерде андай болбос, бизге жанаша арыктар турат го, бүгүн-эртең толтура суу бурулса, канакей. Көчөт отургузган балдар да жаман балдарга окшобойт. Чакаларына суу толтуруп келип калышар” – деди ишенич менен бирөөсү.

Сабырдын түбү сары алтын!

Көчөттөр сабырдуу, анча-мынча кыйынчылыкты тоготуп да койбойт, күндүн ысыгына, суусуздукка үйрөнүп калган. Бүгүн-эртең суу келбестигине көздөрү жеткен соң жандалбастап, алардын тамырлары топуракка жабышып, дене-шактары шүүдүрүм соруп, эки-үч жуманы эптеп өткөрүштү. Денелериндеги бар болгон нымдуулук менен жаңы бүчүр түйгөнгө жетишип, аларга жан кире баштады. Бирок бүчүрлөр чоңоюп, көбүрөөк суу, тамак талап кыла баштады. Алардын талабын кандыра албаган тамырлар кокустан тилге кирип: “тамак-аш айлана-чөйрөбүздө көп, бирок аларды эмне менен жыйнайбыз? Каражатыбыз бир гана суу болсо, тамчысын таппай зар какшасак да, силерге “Суу тапкыла!” деп буйрук бербей эле отурабыз го. Суу тапканга кичине жардамдашсаңар болбойбу?..” – деп ар кай жактан чыркырашты.

Өлгөндүн үстүнөн көмгөндөй болгон күндөрдүн биринде аба-ырайы аябай ысып кетти. Өзү төккөн нурдун эсебинен көчөттөрдүн жалбырак-шактарынын эң соңку нымдуулуктарын да соруп ала баштады.

Көчөттөр кокустан:

– Суу!

– Суу!

– Суу!!! – деп кыйкыра баштады.

Тулку-бою келишкен ноочо көчөт коркуп кетти: жок, өзү үчүн эмес! Бөбөк көчөттөргө, жаш көчөттөргө, инилерине боору ооруду. Ата-бабалары айткан суу үчүн, оокат үчүн боло турган согуштун эң оор учуру башталгандай, жо-о-ок, башталбай эле, болуп жаткандай болуп кетти. Мындай убакта адамдар жардамга келишпесе, көчөттөрдүн көпчүлүгү куурап калуусу ыктымал. Алар мурда суунун башаты болгон мөңгү суулары эрип ага турган, миң түркүн булактарга бай тоолордун боорунда, абасы таза адырларда жыргап өсүп жаткан болчу, өз эрктерине коюшканда, бул жерлерге көчүрүп келишпегенде, кандай жакшы болот эле!

– Суу!

– Суу!

– Суу!!! – деген кыйкырык айлана-чөйрөнү жарып кеткендей болду ага.

Нооча көчөт шашып калды, эмне кылууну, бир тамчы сууга зарыгып, жан берүү алдында турган жансерек көчөттөргө кандай жардам берүүнү биле албай санаасы санга бөлүндү.

Көчөдөн шашылып машиналар өтүп жатат, бири-бирлери менен сүйлөшүп, бирөөнү мактап, бирөөнү ушактап адамдар да өтүп жатышат... Жансерек көчөттөрдүн санаасына эч кимиси көңүл бурбайт. Алардын нымдуу жалбырактары күндүн ысыгынан куурап, ачкалык менен суусуздуктан саргайып, чаңкап соолуп бара жатышат...

– Суу!

– Суу!

– Суу!!! – дешет алар алсыз...

Эртеси күнү көчөттөрдүн көпчүлүктөрү ойгонушпады, түнкү шүүдүрүмгө жетпей, түш оогондо эле ысыкта набыт болушту...

Тулку-бою келишкен ноочо көчөт бул айрылуудан коркуп кетти, бирок өзүн кармаганга аракет кылды. “Мен эми башка көчөттөр үчүн да жашашым керек, бой созуп ар жакка карай шактап, жашыл жалбырактарымды чыгарып, көлөкөдө өткөн-кеткендерди салкындатып, бизге, чынарларга

ыраазычылык билдириши керек...” деп ойлоду ал. Бул учурда анын жанындагы өскөн көчөттөрдүн он тамыры аман калган эле. Денесинин кээ бир жерлеринде бир-эки тамчы суу бар окшойт. Бирок бойлуу көчөт шашылганынан көбүрөөк бүчүрлөп жиберген болчу. Эртеси таң заардан ошол бүчүрлөр суу берүүсүн суранып, денеге кайрылды. Дененин жогорусуна ачууланып турган он тамыр:

– Суу жок! – деп кыйкырып жиберди.

– Суу!

– Суу! Биз чаңкап-кургап баратабыз!

Күн бешимден оогондо шактар менен тамырлардын арасындагы байланыш үзүлдү. Тамырлар өлбөстүктүн айласын издеп, акыркы тамчы сууну өздөрүнө алып калган болчу. Бойлуу көчөттүн шактары соолуп, жалбырактары саргайып, денеси курушуп, өзүн алсыз сезе баштады. Жүрөгү абдан кысып, териси тарс-тарс жарылып кетип жатканын сезди. “Жок, – деп чайкалды бойлуу көчөт, – мен өлбөшүм керек. Мен жашаймын, жашаймын!”

– Суу! – деп кыйкырды соңунда... Жолдон шашылып машиналар өтүп бараткан. Адамдар да өтүп жатат. Ким бирөөсүн мактап, ким бирөөсүн ушактап... Алардын арасында күн өтө ысык экенинен, жок дегенде кичине көлөкө табалбай зарланып жаткандар да бар.

Карысы да, жашы да өтүп жатышат...

Бойлуу көчөт ажал менен күрөшүп жатты. Бул согуш ата-бабалары айткандан да каардуу, таш боор, ырайымсыз эле. Бирин-серин жашыл жалбырактар кургап, шактардагы жашоо өчүп баратты.

“Денем тирүү, – дейт энтигип бойлуу көчөт, – Мен жашашым керек, албетте жашаймын...”

Ал кимдир-бирөөдөн жардам күтүп жаткандай айланага жалдырап тиктейт. Аларды бул жерге отургузуп кеткен балдардын келип калуусунан үмүт кылган көчөт, көчөнүн башынан көз салат деп күттү... Асманда булут болбосо да, жамгыр тамчыларына көзү төрт болуп, узак катып турду... Бир кезде кокусунан суулуу адырларда жанаша өскөн инилеринин

жансыз сөөгүнө көзү түшүп калды... Таң калычтуу, бардыгы тик турган бойдон жан бериптир... Өткөн жылы ушул кезде – күндүзү бардыгы тирүү, жаркылдап өсүп жаткан болчу... Эми... “Жок, мен жашашым керек...”

– Суу! Суу! Суу!

Тулку-бою келишкен шыңга бойлуу көчөттүн алы кетип, кандайдыр сыйкырдуу күчтөн мас болуп, кийин ошол күнү – өтө ысып кеткен 19-июнь күнү бешим ченде саат алтыларда жан берди.

Ал тик туруп катып калган болчу...

**Уткир Хошимов,**
**Өзбекстан**

## АЛТЫН СӨЙКӨ

Адамда миң жолу урунган менен өзгөртүп болбой турган адаттар да болот турбайбы. Менин да кызык адатым бар: бирөөнүн көңүлүн оорутуп койсом (адилеттүү капаланткан болсом да), ошол адамга караганда өзүмдүн көңүлүм көбүрөөк кыжаалат болот. Бул адат мага апамдан өткөн деп ойлоймун.

Апам бизге эч качан катуу айтпайт болчу, мүмкүн бир нерсе болуп жаман сөз айтса, бир пастан соң өзү айланчыктап асты-үстүбүзгө түшчү. Бирок бир жолу мени каргап салган, жаман каргаган болчу. Ошондо ким күнөөлүү болгонун азырга чейин биле элекмин.

Жаз келип, күндүн жылуу нурлары далыбызды ысытып калган убак эле. Бадамдын астында отуруп, батперек жасап жаткам. Өрүктүн желими кагазга жабышса, камышка жабышпайт, камышка жабышса, кагазга... Мурдумду бат-бат тартып, жан-дилимди үрөп иштейм. Апам ары жакта, мага бет маңдай талпакты бүктөп салып олтуруп кир жууп жатат. Атам “кембагалдын буюму” деп ага-инилерге чий баркыт шым алып берген. Чий баркыт, чындыгында, бышык, бирок топ ойногондо жер-перге жыгылып калсаң, жиктеринин арасына чаң же ылай

кирип калганы жаман. Үч күндө бир кир жууй берип апамдын эси кетет. (Кудум ушул чий баркыт бир замандар келип, бүткүл Европада модага айланары атамдын жети уктап түшүнө кирген эмес болсо керек. Ага чейин баркыт болгону “кембагалга бап кийим” деп эсептелген). Кыскасы, апам анысын алып, мунусун коюп, шымдарды жууйт, ар бир кирди силкий баштаганда, тепшиден көбүк чачырап, айлананы самындын жыты каптап кетет. Ошол кезде Сепкилдүү эже чыгып калды. Ал чаканы көңтөрүп, апамдын оропарасына отура кетти. Сепкилдүү эжени жаман көрчүмүн. Өзүн эмес, кызын көрсөм да төбө чачым тик турчу. “Сейини сага берем, алсаң да – аласың, албасаң да – аласың, – дейт. – Албасаң түйүнчөк-буунчагы менен үйүңө алып чыгып таштаймын. Кичинекей кезинде кулагын тиштегенсиң”, – дейт. Сейинин кулагын тиштегенден көрө күчүгүмдүн кулагын тиштегеним миң мертебе абзел эле. Сейде жаман, эркек балдардан бетер. Ойноп жатканыбызда Тайдын мурдун жара тээп канаткан.

Сепкилдүү эже көңтөрүлгөн чаканын үстүнө отуруп, өз көйгөйлөрүн айтып даттана баштады.

– Түнү бою тишим ооруп, көз ачырган жок! Жанымды койгонго жай таппадым. – Ал сепкил баскан жаагын сылап койду.

– Адырашмандын данын демдеп чайкабадыңызбы? – деп сурады апам эңкейип кирин мыжыгып жатып.

– Э, салбаган дары-дармегим калбады! – Сепкилдүү эже кайра ыңгыранды. – Көк таш менен да чайкадым. Канакей, басылса!..

Экөө бир саамга унчукпай калышты.

– Уфф! Ысып кеттим! – Апам көбүктөр тамчылаган колун сыдырып, жакасы туюк тор көйнөгүн чечип, четке ыргытты.

– Өлбөгөн кул, жазга да жеттик. – Сепкилдүү эже үшкүрдү. – Күзүндө Акимдин башын эки кылсак дейбиз... Той өткөрүү да оңой эмес экен. Анысын тапсаң, мунусу жок... Атасынын абалы белгилүү...

Сепкилдүү эже күйөөсү тууралуу көп эле даттана берчү. Чынында, Исраил мойлоо көп ичет. Тапканынын дайыны жок. Анын үстүнө, ичсе эле үй-бүлөсүнүн тынчы бузулат. Аларды

аркай жакка дыркыратып кубалай берет. Сепкилдүү эже Сейдени дикилдетип биздикине жетелеп келет. Жарым түнгө чейин күтүп отуруп, күйөөсү уктаган соң акырын үйүнө кайтат.

– Аким жаш го, – дейт апам ойлуу. – Бул жылы болбосо, кийинки жылы болор тою...

– Кудалар шаштырып жатышат да – деп Сепкилдүү эже дагы ыңгыранды.

– Ушул желмогуз тишти жулдурбасам, кутулбайт окшоймун. Кечээ күйөөмө тиш салдырсамбы десем, "Атаңдын кумурага бекиткен алтындарын алып коё бер," – дейт... Бешенеме буюрган жалгыз билеригим болсо, ошону салдырат окшойм. Оозумду ороодой ачып жүрсөм, уят го?..

Батперегимди желимдеп, эми гана камышын тартып байлаган болчумун, ал карс этип сынып кетти. Камыш эле сынбай, кагазын да жыртып таштады. Чоң агама жалынып жүрүп, араң алдырткан кагаз эле да. Бүттү. Бардыгы бүттү. Ыйлайын-ыйлайын деп, араң кармадым өзүмдү. Бирок ачуу аралаш батперекти бир тептим эле, жерге жабышып калды.

– Эмне болду? – деди апам боору ачып.

– Сынды...

– Агаң башкасын жасап берер.

Жасайт-а, жасайт! Менден башка иши жокпу? Мектептен бери келбейт ко! Ачуума чыдабай, батперекти кайра дагы бир тээп, көчөгө чыгып кеттим. Ошол боюнча күн батканда келдим. Короодогу кир жайылчу жипте катар жайылган шымдар, эркек көйнөктөр... Бир чекеде менин ылай боло берип, жуулганда өңү өчө түшкөн тонум да кыйшайып турат. Апам күүгүм кирген болсо да, бадамдардын астында тинтип бир нерсе издеп жүргөн экен.

– Өлсүн, эчки да саалган жок, – деди мени көрүп. – Жүр, кармап тур.

Эчкибиз жоош болгону менен кээде "жини" кармап калат. Саалганча тыбырчылап, безер кылат адамды. Ошондой маалда кичине агамбы, менби, бирөөбүз эчкинин арткы буттарын бекем кармап турабыз. Эч бир жакпаган бул жумуш мага туш келгенин карабайсыңбы! Коёндун сүрөтүн тартсамбы деп ыңгыранып турсам, апамдын жини чыгып кетти.

– Сен качан адам болосуң? Жашың тогузга чыкты, дагы эле көчө чаңыткандан башканы билбейсиң. Пайдаң тийбесин, макулбу!

– Тогузга эмес, сегизге… – дедим чыйылдап.

– Өчүр үнүңдү! – Апам бир ирет опуза кылганда, унчукпай барып эчкинин бутунан кармадым. Эчкинин тыбырчылаганы мейли го, саалып жатканда, ийип кеткен учурда кыла турган жаман “кылыгы” бар. Аны канча убак тазалоо жумушун аткаруу керек…

Апам нарыдан-бери сааган болуп буюрду:

– Коё бер!

Улактарды көгөндөн бошоторум менен экөө тең чуркап, энесине жабышты.

Апам сүттү табактарга сүзүп куйду да, кайра бадамдын астынан бир нерсени тинте баштады.

– Эмнени издеп жатасыз? – дедим жакын барып.

Жанагы ачуусу аралаш тилдеп жибергени үчүн боору ооруп кеттиби, жонуман таптады.

– Эчтеке, барагой… Тамак ич, курсагың ачкандыр. – Аңгыча, кокустан өйдө боло калып: – Ие, каяктан күн чыкты. Арыбаңыз! – деп калды.

Бурулуп караган элем, үч-төрт кадам нарыта дарбазадан кирип келип калган эжеме көзүм түштү. Апам конокту байкабай калганынан кыжаалат болуп, кучагын жайып учурашты. Эжем сулуу, бетинде калы бар, каш-көзү бакырайган аял. Бирок аябай көк бет. Ар бир сөзүн мык каккандай тарсылдатып сүйлөйт. Апам коркконунан эжем келгенде аны өз жайына коёт.

– Эмне! – деди эжем жоон үнү менен зоңкулдап, – Торбосун жоготкон тилемчиге окшоп дабдырап калгансың!

– Жок, эже, өзүм эле… – Апам чайналып калды. – Бир жак кулагымдын сөйкөсү түшүп калыптыр. Жаңы эле турган…

Карасам, апамдын оң кулагындагы сөйкөсү жок экен. Апам чоң алтын айчык сөйкөсүн аябай абайлачу, кайненемден калган деп мактанып жүрөр эле да.

– Эчтеке эмес, табылып калар, – деди апам акырын. – Ушул жерге түшкөн болсо керек, каякка кетмек эле?

– Хмм! – эжем ушунчалык коркунучтуу тиктеди десеңиз, күүгүмдө да каштары чимириле түшкөнүн анык көрдүм.

– Кетсе, байдан кетти дегин! Белиң ооруп таппаган соң ичиң ачышпайт да!

Эжем колундагы түйүнчөгүн мага карматып салып, маасылуу галошунун учу менен жерди тыта баштады.

– Коюңуз, эже. – Апам анын жонуна акырын колун койду. – Жүрүңүз үйгө, иниңиз азыр келип калар.

– Өзү ушундай болот, – деди эжем жерден башын көтөрбөй. – Ат табат, эшек жейт! – Анан күтүүсүз кабагын өйдө көтөрүп, апамдын көзүнө кадала тиктеп сурады.

– Ким келген эле үйгө?

– Эч ким деле... – апам бир азга буйдалып, анан сөзүн улантты. – Жанараак Шарапат эже келген. Ошол...

– Шарапатпы? – эжем "түшүнүктүү" дегендей, жүзүн бурду. – Болуптур, оомийин алооху акбар!

Баягы апамдын тушунда чаканы көңтөрүп алып отурган Сепкилдүү эже көз алдыма келе калды.

– Коюңузчу, – деди апам жалынган сымал. – Байкушту андай дебечи... Бир сыңар сөйкөнү ал башына урабы?

– Бышырып жейт! – эжем ачуусу менен кол силкиди. – Колу ийрилигин го билесиң, өлөсүңбү этият болбосоң!

– Жок-э, – деди апам кайра күңкүлдөп. – Бир сыңар сөйкөнү эмне кылат?

– Дагы тили буудай кууруйт да! – эжем ачуулуу кыйкырды. – Мына ушул бир сыңар сөйкө канча турарын билесиңби? – деди апамдын сол кулагындагы айчык сөйкөнү сөөмөйү менен ныкып. – Ал жада калса, тойго барса да, колуна илингенин кымтып алчу!

Апам эмне кыларын билбей жалдырап калды. Атам экөө Сепкилдүү эженин тескери кылыктарын сүйлөшкөнүн укканмын. Аш-тойлордо чыны-пыны жоголсо, Сепкилдүү эже үйүнө алып кетери белгилүү болчу. Азыр ушул окуяларды элестетип, бир апама, бир эжеме карадым. Сепкилдүү эженин кызын гана эмес, өзүн да жаман көрүп кеттим.

– Иниңиз билбей эле койсунчу. – Апам дагы жалынды эжеме. – Табылып калар...

– Көрдө табылат! – эжем кандайдыр жеңишке ээ болгон адамдай маңкайып үйгө карай басты. Артынан күймөнүп апам да ээрчиди.

Эртеси заарда уйкудан турсам, апам дагы деле бадамдар жакта изденип жүрөт. Түнү менен уктабаган окшойт. Көздөрү кызарган...

Мен да жардамдаштым. Бирок алтын сөйкө эртеси да, бүрсүгүнү да табылбады. Апам атамды сезип калбасын деп, сөйкөнүн экинчи сыңарын да кулагынан алып жашырып койду.

...Мүмкүн, Сепкилдүү эже алтын тиш салдырбаганда, анын үстүнө, кудум ошол күнү жанагы эжем кайра конок болуп келип калбаганда, сөйкө да, бул сөздөр да унутулуп кетет болчу.

Жайдын чилдесинде эжем дагы келди. Жайдын чилдеси дегенимдин себеби, ошол күнү эжем саратандын чилдесинде бышчу жүзүмдөн эки шиңгил алып келди. Шаарда жашаса да, жүзүмү бар болчу. Агаларым менен жүзүмдү бир шингилден талашып жедик. Айыл жери да, бирөөсүнүкүнө конок келсе, кошуналар сөзсүз келишет. Ошол күнү алгач Сепкилдүү эже келди. Эжем менен аябай туюк саламдашты. Анан апама тиктеп:

– Жарашыптырбы? – деп, ал үстүңкү эринин сөөмөйү менен бир аз көтөрдү эле, эки алтын тиши жарк эте түштү. Алтын тиштер анын саргыч өңүнө жарашып калган, жада калса, сепкили да билинбей калган болчу.

– Жарашыптыр, – деди апам акырын.

– Билеригиңизди салдырдыңызбы? – деп сурады апам. Сепкилдүү эже бир аз кызаргандай боло түштү.

– Ий, жок, – деди көйнөгүнүн жеңин имерип. – Билеригим мына, күйөөм көнбөдү. Келинге көрүндүк кылабыз деп.

Ал алтын тиштерин көрсөткүсү келдиби, эриндерин ачып күлүмсүрөдү.

– Ынсапка келип калды күйөөм. Акимдин тоюн да тездетип жатабыз! Кудай буюрса, күздө келин алабыз!

– Күйөөң асыл алтын турбайбы! – деди эжем какшыктап. – Буюрсун!

Сепкилдүү эже жыргап күлүп, а эжем болсо, аябай кыжырланып отурат. Апам тынчсызданып, эмне дээрин билбейт.

– Биздикине эртең таң эрте конок болуңуз, – деп эжемди үйүнө чайга чакырып кылды Сепкилдүү эже.

– Жо-ок, таң эрте кетемин, шашылышмын! – деп эжем тескери карады.

Бирок эжем таң эрте кетпептир. Анын шаңкылдаган үнүнөн ойгонуп кеттим.

– Бирөөнүн буюмунан жийиркенбеген, ынсапсыз! Жок дегенде бет маңдай коңшу экенин ойлобойбу! Тиш жасатыш ал жакта турсун, миң түргө өзгөртсө да, энемден калган таберикти тааныймын.

– Э-ээ, мындайларда ынсап кайдан болсун!.. – бул апамдын үнү эмес эле. Төшөгүмдүн бир бурчунан баш баксам, биздин көчөбүздөгү эже. Толмоч эже...

– Бир күнү Инай чолоктун жылдыгында эки чайнек жоголду, – деди ал. – Ушундан бөлөк ит алмак беле? Ашканасына кирсем, “адашып келип калыптыр” дейт. Чайнектин буту барбы, адашып келип калчудай!

– Күйөөсүн мактаганында балээ барбы? Ынсапка келип калган имиш. – Эжем жини менен муштумун түйүп, столго урду эле, манжалары кычырап кетти. – Өлгөндө гана ынсап кирет ал макоого!

Апам чай демдеп кирди үйгө.

– Коюңуздар, – деди жалынгандай үнү менен. – Алса алгандыр, бирөөнүн колунан кармап алып, же көз менен көрбөгөндөн кийин эмне дейбиз? Эч нерсе эмес, кудайга ыраазымын...

– Сен өзүңчө эле байбача болосуң да, келинпашша! – деди эжем тилденген үн менен. – Балаңды алып, бат алдыма түш!

Апам чайын столго коюп, бир эжеме, бир жанагы аялга тиктеди.

– Кайда?

– Ачык мазарга! – эжем бардыгына апам күнөөлүүдөй катуу айтты. – Биз жакта бир көзү ачык бар. Сүф десе, суу тескерисинче агат. Ошого алып барам. Мына, бул эже күбө болот. Ошондо мойнуна албай көрсүн!..

Апам башын ийкей албай, же жок дей албай туруп калды. Чамасы, эмне кыларын билбей турган эле.

– Эми... – деди чайналып, – маңдайлашкан, көздөй коңшу болсок...

– Хм-м! – эжем ордунан тура калды. – Бели оорубагандын нан жегенин көрүңүз! Энемден калган таберик сөйкө жоголуп кеткени менен иши жок, коңшусуна боору ооруйт. Менин самыныма кир жуубапсың. Чындыкты тапмайынча тынчыбайм!

Ал мага бурулуп, үнүн басаңдатты:

– Мына бул бала менен ачат. Наристе туура айтат.

– Барасыңбы?

– Барамын! Барамын! – дедим чекиндүү. – Эжемдикине баруу үчүн трамвайга отурабыз. Жүзүм жейбиз!

Чай ичип болгон соң эжем, апам, коңшу эже (күбө боло турган), мен төртөөбүз жолго түштүк. Беш-Жыгачка жетсек, андан ары карай трамвайга отурабыз. Жыргал! Бирок Беш-Жыгачка жеткенге чейин аябай алыс. Домбур-Абадга чыкканда эле батинкем бутумду кыса баштады. Колума көтөрүп алдым. Жайдын таңында жылаңаяк топурак кечип жүрүү өзүнчө жыргал. Ун сыяктуу жылуу топурак манжалардын арасынан былк-былк атылып чыгат, баскан сайын чарчаганың да билинбейт.

Лейлек-Дөбөдөн өтүп, Кызыр-Абадга барганда Кайнар-Булактан муздай тунук суу ичтик. Андан өтүп Чыланзарга жетип келдик. Чеке-Белинде агыш жалбырагын чаң баскан тикенектери “тиш кайрап” турган токойдон чылан жийделер (ошондуктан бул жерди Чыланзар деп аташкан), жолдун эки боюнда алмуруттар көп, бирок быша элек экен. Астынан өтүп жаткан учурунда анча-мынча жерге түшкөн жалбырактар таманыңа жабышып, итиркейди келтирет.

“Сыйман-Көпүрөдөн” өткөндөгү көрүнүш аябай таң калычтуу. Терек бою тереңдикте суу карарып агат. Тиктесең көзүң эс алат. Апам көпүрөнүн четине баргызбады: суу дөөсү бар имиш... Көпүрөнүн ортосунан ат, эшек арабалар тизмектешип өтөт. Бир жактагысы өтүп бүткөнчө, экинчи жактагысы күтүп турат. Чыдамы кеткен арабакечтер сөгүнгөн, эшектери айкырган... Андан өткөндөн соң трамвайдын кыйчылдаган үнү угулат – ал жагы Беш-Жыгач деп аталат.

...Эжем айткан көзү ачык кудум Ача эжеме окшогон долу болсо керек деп ойлогом. Жок, андай эмес экен. Трамвайдан түшүп, жолдун эки жээгиндеги дубалдардан бышкан өрүктөр салаалап турган тар көчөлөрдөн өттүк. Андан соң гүлдөрү ачылган, бирок нымдуу тар короого кирдик. Жертөлөнүн көлөкөсүндө жаткан күчүктү көрүп токтодум. Кудум менин күчүгүмө окшош болчу, бирок өңү кара эмес, ак экен. Негедир үрбөдү.

Төртөөбүз пешайванга чыктык. Апапакай жоолук салынган, жеңдери кең көйнөк кийген, жумшак мүнөз кемпир жылмайып кабыл алды. Анын көзү ачык экендигине эч бир ишенгим келбеди.

– Ананайын, – деди ал бетимен өөп. – Мынча ширин бул бала!

Пешайвандын шыбына тор илинген, андагы бөдөнө сайрагандын ордуна секирип ойноп жатты. Бөдөнө секирген сайын паласка кандайдыр майда дан чачылат. Мен бөдөнөнүн кыймылына кызыгып карап отурган учурда эжем болгон окуяны агызбай-тамызбай айтып түшүндүрдү.

– Жүргүлө, – деди кемпир ордунан туруп. Менин жонуман сылап, – Сен да жүр, ширин бала.

Бардыгыбыз аны ээрчип, чала шыбалган, пастек текчелерине батыныс коюлган караңгы талаш үйгө кирдик. Биз жукараак жер төшөккө тизилишип отурдук. Бир маалда кемпир бир колуна чоң чыны, бир колуна шейшепке окшогон ак мата көтөрүп кирди.

– Сен да мындай отур, ширин бала, – деп мага ымдап, бөлмөнүн ортосуна отургузуп койду. – Буттарыңды сунуп отур. Жок, буттарыңдын арасын ачып отур.

Кемпир айткандай отурсам, бутумдун ортосуна чыны койду. Карасам, чыныда толтура суу бар.

– Сууга тиктеп отур, – деди ал жумшак үн менен. – Мен дуба окуймун, сен көзүңө ким көрүнсө ошону айтасың. – Сөзүн айтып бүтүп, үстүмө шейшепти жапты. Караңгыда отурам. Кемпир мага түшүнүксүз бир нерселерди айта баштады. Бир заматта эле демим буулду. Жүрөгүмдү убайым басты.

– Апа-а! – дедим ыйламсырап.

Ким бирөө желкеме түрттү.

– Тынч, апаң качып кеткен жок.

Эжемдин жинденген үнүн угуп, демим чыкпай калды. Эми көзүм элес-булас көрө баштады. Бирок, чынында, жылтыраган суудан башка эч нерсени көргөн жокмун. Кемпир тынбай бир нерселерди окуйт. Арадан бир канча убакыт өттү. Эңкейип, кыймылсыз отура берип мойнум ооруй баштады. Мени ушунча азапка салган эжемди да, Сепкилдүү эжени да жаман көрүп кеттим. Сепкилдүү эже апамдын алтын сөйкөсүн уурдабаганда, азыр жыргап ойноп жүрмөкмүн. Ушундай ой менен отуруп, чыныдагы суунун бетинде Сепкилдүү эже турганын көрдүм. Тынымсыз күлгөндөй болот. Жада калса, үстүңкү эрини, астыңкы эки тиши да көрүндү. Кыйкырып жибердим.

– Сепкилдүү эже! Апа, Сепкилдүү эже!

Бат эле шейшепти алышты. Коркконум үчүнбү, демим кысылганы үчүнбү, тердеп-бышып кеткен болчумун.

– Күмөнүңүз туура экен! – деди көзү ачык эже апама эмес, эжеме тиктеп. – Кудай буюрса, кайтарып берет алганын.

– Апа, айтпадым беле! – эже жеңишке жетишкендей, отургандарга бир-бирден тиктеди. – Барып иттин күнүн салам башына.

Ошол күнү эжемдикинде жатып калдык. Ал өзү айткандай, эртеси күнү Сепкилдүү эженин башына “иттин күнүн салды”. Үч аял мени да жетелеп, кошунаныкына жөнөштү. Сепкилдүү эже сөөрүгө талпакты жазып, ар бир урганда гүп-гүп эткен үн чыгып, чаң көтөрүлөт. Кирип бара жатканыбызды көрүп, сабоо жыгачын кармап ордунан турду. Эми учурашмак болуп кучагын жайган эле, эжем айкырып коё берди.

– Бирөөнүн буюмуна тиш салдырган арам тамак менен көрүшпөймүн!

Сепкилдүү эже колундагы сабоо жыгачын кармаган боюнча эс-учун жоготуп койду:

– Бу... Бу эмне дегениңиз? – деди өңү өчүп.

– Бу дегеним, уурдаган нерсеңди жайына кой!

– Эмнени уурдапмын? – деди үнү титиреп чыгып. – Айтың, эмнени алыптырмын?

– Э, койчу! – эжем жини келип кол силкиди. – Келиндин алтын сөйкөсүнө тиш салдырып алып, өзүң билмексен болосуң! – Ал күбө болгон эжеге карады. – Мына, күбө! Наристе бала менен көрсөттүм. Сен экениң анык болду.

– Бай-бай, өлөйүн! – Сепкилдүү эженин колунан таягы түшүп кетти. – Бу кандай доомат! – деди ый аралаш, анан апама карап: – уялбайсыңбы, коңшу! Мына, эмне ниет менен отурам. Эгер ийнеңе тийген болсом, ниетиме жетпей... – кийинки сөздөр анын ыйы аралаш түшүнүксүз чыкты. – Төрт баламдын өмүрүнүн үстүндө отурайын!

Апамдын өңү өчө түштү.

– Бай-бай, сөзүңүз курусун! – деди үнү титиреп. – Кайтып алыңыз сөзүңүздү! Алсаңыз миңден-миң ыраазымын!

– Эй, сөзүн кара мунун! Байбиче болбой калгыр! – деп, эжем бурула басып ары кетти. Дарбазага жеткенде артына кайрылып карады. – Жакшысы, мойнуңа ал! Кыяматта азабын тартпайын десең!

Эжем күбө деп алып келген эже менен сыртка чыгып кетти. Сепкилдүү эже дагы эле ыйлап жатты, апам сөөрүнүн жанында башын жерге салып муңайып отурат.

– Ылайым, доомат кылган адам доомат балээсине учурасын! – деди Сепкилдүү эже ыйлап. – Ылайым, ниетине жетпесин!

– Коюңузчу, – апамдын өзү да араң турган болчу. – Кудайым-ай, ошол бир сыңар сөйкө өлсүн! Көңүлүңүзгө албаңызчы!

– Доомат балээсине учурабаса ыраазы эмесмин! – Сепкилдүү эже ушундай деп ыйлаган бойдон үйүнө кирип кетти.

Апам бир саамга сөөрүнүн жанында турду да, кокустан мага ачуулана кыйкырды.

– Эмнеге эсиң ооп турасың? Жогол көзүмдөн!

Жаман болду. Ошол күндөн баштап Сепкилдүү эже апам менен жүз көрүшпөс болуп кетти. Бирок эң жаманы эки айча өткөн соң, салкын түшкөн күндөрдүн биринде мындай иш болду.

Ошол күнү мектептен кайтсам, апам сандыктын үстүндө отурган экен. Жылуу кийимдерди алган окшойт, үйдүн ичин дарынын жыты каптап кеткен, калың көйнөк, тон, жиби

жулунган тумактар жерде чачылып жатат. Көп ыйлаганданбы, апамдын көздөрү шишип калыптыр. Атам урган окшойт деп коркуп кеттим. Акырын жанына бардым. Ал кайрылып карабады. Колунан кармасам жылан чыккандай тартып алды.

– Сендей баланы жер жутса болбойбу! – деп каректеринен от чагылгандай болду. – Ушу күнүндө өлүп калсаң болбойбу, жер жуткур!

Апам эч бир мынчалык жаман каргабагандыгынан, ыйлап жиберейин дедим. Бирок мынчалык жаман сөздөрдү укканым үчүнбү, эсимди жоготуп, нес басып калган элем.

– Ошондо эмнеге андай дедиң, жер жуткур! – деди ал дагы опуза менен.

– Качан? Эмне депмин?

– Көзү ачык аялдыкында! – Апам үнүнүн барынча кыйкырды. – Эмнеге Сепкилдүү эжени көрдүм дедиң?

– Эмне кылайын? Көзүмө көрүнгөнүн айттым да!

– Мынабу көзүң тешилгир, мынабу!

Апам алаканынан бир нерсени ыргытты. Алтын сөйкө жерге ыргып түшкөн болчу.

– Тор көйнөгүмө илинип калган экен да! Жогол, көзүмө көрүнбө! Бир күнөөсүзгө доомат кылгандан көрө өлгөнүм жакшы эмеспи! – Ал кокустан мени кучактап, бетиме бетин басып озондоп ыйлай баштады. – Эми эмне кылабыз, жан балам!

Апамдын көз жашы менин да жүзүмдү жууп жиберди.

– Эмне кылабыз, уулум! Бул шермендечиликке кандай чыдаймын, балажаным! – Апам алы кеткенсип сандыкка чөгөлөп эңкейип отуруп калды.

...Арадан көп өтпөй кошунабыздыкында той башталды. Сепкилдүү эже апамды тойго чакырбады. Бирок апам бир табак чак-чак бышырды. Эч нерсе болбогондой тойканага барды да, желип-жүгүрүп кызмат кылып жүрө берди.

Кечинде короонун ортосуна отундарды үйүп коюп, балбылдата от жагышты. Сепкилдүү эженин өзүнө окшоп кетчү сары Аким агага тон кийгизип, башына селде орошту, гулхандын айланасынан үч жолу өткөрүштү, керней-сурнай тартылды... Үй ичинде аялдар – Зеби чоң эне дутар чертип, калгандары

ойноп-бийлеп жатышты… Кожо, Тай, Вали, мен төртөөбүз ар түрдүү оюндар менен убара болгон кыз-келиндердин арасына киребиз, чөнтөктөрүбүздү таттууларга толтуруп чыгабыз. Анан тойкананын караңгы бурчтарына өтүп алып, жашынмак ойнойбуз.

Ошол күнү аябай кеч жаткан болсом да, саар менен эрте ойгондум. Таң аткан болчу. Үйдө эч ким жок. Демек, тойканага кетишкен. Мен да бети-колумду "мышык жууш" кылып, ошол жакка чуркадым. "Келин саламдан" калып кетпейин дедим да.

Кудай буюруп, "келин саламга" кечикпептирмин. Короодо туугандар, тойдо кызмат кылгандар топтолушуп турушат. Эркек-аялдар көп. Апам эле көрүнбөйт. Алаңдап апамды издеп жатып, короонун асты жагында көңтөрүлгөн той казандын артындагы дүмүргө минип отурган Валини көрүп, ымдап чакырдым.

Бир маалда той башкарган эже (Сепкилдүү эженин колу туткактыгына даттанган, биз менен көзү ачык аялдыкына барган толмоч эже) ак жоолук жамынып, шайы көйнөк, кемсел кийген келинди жетелеп, астанага алып чыкты. Жамынгычтын ичинен келиндин жүзү көрүнбөйт. Бирок келинге жакыныраак турган аялдын көзү курч бекен: "Буй-буй, мынча сулуу! – деп жиберди үнүн бийик чыгарып. – Бир кашык суу менен жуткудай – ыя!"

– Бактысы бар экен сары машектин! – деди башкасы анын сөзүнө жооп кайтаргандай. Той башчы эже тамагын бир кырып алып, үнүн бийиктетип сөзүн баштады.

– Баарыңарга баш ийип, колун бооруна ала коюп, ызатыңарды кылып, келинибиз жүгүнөт: Келин са-л-а-м!

Келин акырын башын ийди. Короодогулар чет-четтен "Кудай жалгасын!" деп алкап жатышты.

Той башчы эже кайра тамагын түздөп, жанагыдан бийигирээк үн менен сөз баштады:

Чөнтөгүн кенен ачкан,
Аянбай акча чачкан.
Курсактары каптай,
Муруттары шактай
Кайнатасына сала-а-а-м!

Исраил мойлоо оролгон чоң килемди колтуктап чыгып, келиндин бутуна таштады. Мурутун жеңишке жеткендей бир-бир чыйратты эле, аялдар ызы-чуу салып күлүштү. Ал келинине алакан жайып, өзүнүн батасын берди.

Эже дагы тамагын жасап алган соң, мындай деп улантты сөзүн: "Тили менен тең айлана турган, кызматына шайлана турган..."

Сепкилдүү эже жүзү тамылжып, сүрдөп, адамдардын арасынан өттү. Колундагы бир топ чыныны келининин астына коюп, анын жүзүнөн-көзүнөн өптү. Батасын берип алкады.

Эже:

Дутарын сайраткан,

Көңүлдү жайраткан,

Зеби чоң энесине сала-а-а-м!

Зеби чоң эне эркекче жүрүш менен келинге жакындаганда, анын түйүнчөгүн ичкериден алып чыгып беришти. Ал келиндин жонунан сылап: – "Ылайым эле бактылуу болгула!" деп бата берди.

Аким аганын ага-иниси жок, үч карындашы эле болгондуктан, эже бири-биринен ширин, балдай кайын сиңдилерине салам салдырды келинди.

Эже келиндин жоолугун оңдоп-түздөп коюп, кайрадан сөз сүйлөдү:

– Аягы алты, колу жети болуп кызмат кылган, келиндин жумушун колунан алып оозуна тамагын сала турган, кошуналарга сала-а-а-м!

Апамдын ушул жерде экенин эми гана байкадым. Ал өңү өчкөндөй болуп, адамдардын арасынан өттү да, ишеничсиз кадамдар менен келин жакка басты. Жакындаганда бир калкып кеткендей сезилди мага. Аялдар шыбыр-шыбырга түштү.

– Эмне кылып жатат?

– Бай-бай, өлөйүн!

Эже да кыжаалат болдубу, апама эскертти.

– Жат эркектер тиктеп турат. Жаңы келиндин бетин ачып салганга болбойт!

– Шашпаңыз, – деди апам үнү титирегендей болуп. Шашып-бушуп келиндин кулагындагы сөйкөлөрүн чече баштады.

– Карма! – деди келиндин колуна салып.

– Ушуну келинге тагам деп ниет кылган элем. – Ал ошондой деп акырын ийилип, келинге өзүнүн колундагы жанагы алтын сөйкөсүн тагып койду, бешенесинен өптү. – Ылайым алганыңар менен тең карыгыла!

Алтын сөйкө жоолуктун астынан жаркырап көрүнүп турду. Келиндин көркүнө көрк кошкондой болду. Айланадагы аялдардын таңданып сүйлөгөндөрү угулуп турду.

– Вай-й-й-й!

– Чыныгы алтын окшойт!

– Эмне жалган алтынды элдин алдында тагып, акыл-эсин жеген дейсиңби?

– Мына сага, кандай кошуналар бар дүйнөдө!

Бир саамга эси оой түшкөн эже заматта өзүн кармай калып, заңгыраган үнү менен даана кыйкырды:

– Кылычтай уулдарды өстүргөн, тойдо чуркап кызмат кылган, берешен Паша эжесине сала-а-а-м!

Апам адамдардын арасынан жөөлөшүп өтүп, чет жакка чыкты. Ошондо гана көңүлү жай боло түшкөндөй жылмайды. Бирок анын каректеринде мелт-калт болуп толуп турган көз жашын даана байкадым.

## СОГУШТУН СОҢКУ КУРМАНЫ

Шаикрам пешайбандагы сандалдын четинде ойлуу отурган эле. Алдакачан жаз келип, күн ысып калганына карабай, дагы деле сандал алынбаганын (үйдүн ичин жылытуу жана жылынуу үчүн жасалган очок, мурда түштүктө сандалдын ичине чок салып, үстүнө жууркан жаап айланасында буттарын ичине салып жылынып отурушкан), бул тууралуу эч ким ойлонуп да көрбөгөнүн ал эми гана байкагандай кыжыры келди. Боз жуурканды үстүнө жабылган, ал жер-бул жерине ар нерсенин тагы калган куру дасторкон, бош турган табак, сабы күйүк жыгач кашык да анын көзүнө жаман көрүнүп кетти. Бирок колун силкиди да, топусун чечип, сандалдын үстүнө таштап жамбаштай жатты.

Жарым түн болуп калган, айлана жымжырт. Алыстан иттердин улуганы угулат. Пешайманга илинген лампочка араң нур таратат. Короонун жарымына чейин эгилген кулпунайдын жөөктөрүнүн арасында суу шылдырап агып жатат. Анча-мынча кызара баштаган кулпунайлар көзгө көрүнөт.

Кайдандыр шамал келе баштады. Короо четиндеги жаңгактын шактары бир күүлдөп алды. Шаикрам уйкусураган көздөрү менен ошол жакка карады да, тердин жыты аңкып турган жаздыкка башын таштады. Ошол учурда жанагы бош табакка, сабы күйүк кашыкка көзү түшүп калып: "Ичиң тарыбай кал, – деп ойлоду аялын тилдеп, – Мурдатан эле сараң болчу, заман оорлошкон сайын кудай урбадыбы аны".

Ичкериден наристенин ыйлаган үнү угулду. Бешик кыйчылдады. Бала ушуну күтүп тургандай, дагы да бийигирээк үн катты. Чоңураагы да ойгонуп кетти окшойт, кошулушуп ыйлай баштады.

Шаикрамдын чыдамы кетип кыйкырды:

– Үнүн өчүрчү, Кадыйча!

Ичкеринен аялынын бешикти терметкени угулду.

– Канаке, үнү өчсө! Жин тийген окшойт буга!

– Кедейдин эгини өспөйт, баласы көбөйөт, – деп өзүнчө күңкүлдөп сүйлөнө кетти Шаикрам кыжырланып. – Ушинтип жүргөнчө, согушка барып өлүп калганым жакшы эле!

Аны согушка алышпады. Токуучулук комбинатында монтёр жетишсиздиги үчүнбү, же өзү астейдил жакшы иштегени үчүнбү, эмнеси болсо да, согушка барбай калды. Шаикрам согуш башталганга чейин үйлөнгөн болчу. Андан бери аялы удаасы менен үч кызды төрөп салды. Кээ бирөөлөр тырмакка зар, анын аялы болсо, жанынан жакынырак өтө койсо деле, кыялы баштала калат.Кудай бергенден соң, таштап салат белең...

Согуштун кара канаты созулуп кетти, адамдардын башынан көлөкөсү кетпей койду. Бир күнү кошуналардын анысыныкынан, кийинки күнү мунусунукунан ый угулат....

Короонун аркы четиндеги кичине эшик кыйчылдады. Шаикрам алаканы менен көзүн чырактан тосуп ошол жакка карады, эшиктен кирип келе жаткан энесине көзү түштү. Ал

үйлөнгөн соң атасынан калган короону ортосунан дубал менен эки бөлүшкөн болчу. Буга да Кадыйчанын ичи тардыгы себеп болгон эле. Ар кандай болор-болбос сөздөрдү чыгара бергенден Өмүр эже: "Өзүңө карасаң, өгүздөй кара күчүң бар" деп алардын казанын бөлүп койду. Өзү кичине уулу Шаниймат менен аркы короодо калды.

Жүзүн бырыш баскан Өмүр эже үнүн чыгарбай басып келди да, жапыстатып "мусулман" кыштан жасалган тепкичтен пешайбанга чыкты.

– Дагы эле уктабадыңбы? – деди ал тепкичтен чыгып жатканда бир учу сүрүлүп кеткен жоолугун түздөп.

– Иттей чарчаптырмын. Наристе тынчыбаган соң, уктай да албайт экенсиң.

– Бала ыйлайт, – деди Өмүр эже аны соороткон болуп. – Сен жата бер, эс ал. – Ал кайра жанагы үнсүз кадам менен үйгө кирди.

Кайнене-келин бир айласын таап, балдарды тынчытышкан соң экөөсү ээрчишип сыртка чыгышты. Кадыйча бир колуна чайнекке чай көтөрүп, бир колу менен загара нан ала келип, дастарконго койду.

– Чай муздап калыптыр, – деди ал загара нанды туурап жатып. Өмүр эже Шаикрамдын жанындагы жука жакандозго отурду.

– Өзүң да ал, – деди ал тамыры көөп чыккан колдору менен төгүлгөн ушактарды жыйнап оозуна салып жатып. Шаикрам энесинин манжалары жарылып калганын эми байкады. Мурда да колдору ушундай беле, жокпу, эстей албайт.

– Тамагың калган беле? – деди ал чөгөлөп отуруп чай куйган аялына карап.

Кадыйчанын саргыч жүзү кызарды, күнөөлүүдөй акырын үн катты.

– Калбаган эле...

Шаикрам анын кызарып кеткенинен жалган сүйлөгөнүн байкады. Ким билсин, саарда өзүнө ысытып берүү үчүн ушинтип жаткандыр...

– Жок балам, тамактын кереги жок, – деди Өмүр эже шашылып.

– Ойлонуп жатып уйкум качып кетти... – Ал бир саам тынч боло түшүп, өзүнө-өзү сүйлөгөндөй кошуп койду: – Бейшемби күнү Камил табыптын үйүнө барган элем. Шаниймат иниңди күн сайын эртең менен бир чыны койдун сүтүн ичсе так секирип сакайып кетет деди ал.

– Азыр койдун сүтү кайда? – деди Кадыйча. – Уйдун сүтү аттуу да жок... Ушул учурда уюбуз тууп коёт эле э?..

Шаикрам аялынын сөзүн уккан деле жок. Кокустан анын көз алдына жапыс терезенин астында шыпты тиктеп жаткан инисинин элеси келди. Бир короодо туруп, он күндөн бери анын ал-абалын сурап койбогонуна өкүнүп кетти. Шаниймат Россиядан көчүрүп келтирилген заводдун курулушунда иштей баштаганында, анын согушка алынбай турганын уккан Шаикрам кубанган болчу. Кеп такыр башка жакта турбайбы. Иниси кургак учук менен ооруй турганын билгенде, эси оой түштү. Ошол себептен инисин согуштан калтырышыптыр. Бирок айла канча. Мына, үч айдан бери Шаниймат боорун жерден көтөрө албай, төшөктөн турбай жатып алды.

Шаикрам он күнчө мурда жумушка жөнөп жатып, иниси жаткан бөлмөгө баш багып, абалын сураган болчу. Ошондо Шанийматтын как сөөк болуп арыктап калганын, чүңүрөйүп кеткен көздөрү ага ойлуу тиктегенин байкаган.

"Өлүп калабы?" – деп ойлоно калган Шаикрам энесинин көзүнөн көздөрүн алып качкан. Кокусунан башына келе калган мындай жаман оюнан өзү да чочулап калган.

– Түзүк элеби? – деди ал баарына өзү күнөөлүүдөй капаланган абалда.

– Шүгүр, – деди Өмүр эже чыныдагы чайын култ этип жутуп жатып. – Азыр уктады. – Энеси "ушул чакта чыгып убара болбо" деген мааниде сүйлөгөнүн Шаикрам түшүндү.

– Саарда кабар алам, – деди ал энеси ордунан тура баштаганда.

– Сага иниң таарынбайт деле, балам, – деди Өмүр эже пешайбандын кырына жеткенде. – Көрүп турат го. Саарда чыгып кетип, жумуштан жарым түндө кайтасың. Бул күндөр да өтөр, балам...

Тепкичтин астына чечкен галошунун бири оодарылып калган бекен, Өмүр эже бутунун учу менен түздөгөнгө бир азга убара болду. Кийген соң үнсүз басып, короонун этегине жетип бурулуп кетти. Жапыз эшик кыйчылдап ачылып жабылды.

– Наалат ушул турмушка! – деди Шаикрам муштумун түйүп жерди бир муштап. Анан дасторконду жыйнап жаткан аялына кыйкырды. – Сага да наалат! Мурдуңдун астынан уюңду жетелеп кетсе, аңкайып алдырып ийесиң!..

– Эмнеге мага кыйкырасыз? – Кадыйча колундагы чынысын кашыкка ургулап ыйламсырады. – Эмне, мени дагы Илхам самоорчунун аялы сыяктуу мууздап кетсинби? Сиз түндөсү жумушта болгонуңуз, мен үч жөжө менен жүрөгүм алкымыма тыгылып отурганым аз келгенсип...

Шаикрам аялын муштап жибербес үчүн ары жакка бурулуп, тиштерин кычыратты...

Суу толкуса ылайы үстүнө чыккандай, заман толкугандан бери жаманчылык көбөйбөдүбү. Эрте жазда алардын желини жетип турган уюн уурдап кетишти. Ошол кечте Шаикрам түнкү сменада турган болчу. Түнү менен нөшөрлөп жамгыр куйган. Шаикрам жумуштан чыкканда эле бир нерсени сезгендей, көңүлү караңгы тартып үйгө кайтты. Келсе аялы, энеси, балдары ызы-чуу салып отурушат. Кадыйча ошондо кош бойлуу болгондугунан өзү менен өзү убара болуп, билбей калыптыр. Саарда турса, көчө жактагы эшик аңырайып ачык жатыптыр, жаңгакка байланган уй жок имиш.

“Чын да, – деп ойлоду ал жөөктөрдү аралап жатып, – бир ууч кулпунайга бир кесе жүгөрү берет. Таңсыгыраак нерсе... Кадыйча жалган сүйлөбөйт. Балдар жеген болсо, буйрубасын, – деген ошондо.

Былтыр ушул кулпунай себеп болуп, энесин таарынткан эле. Өмүр эже бир ууч кулпунай алган болчу. Кадыйча: “Балдарга нан пулу болор деп жүрөбүз, алардын ырыскысына тийбеңиз”, – деп кагып коюптур. Шаикрам ошондо энесинин жай өткөнчө келини менен жүз көрүшпөс болуп жүргөнүн эстеди да: “Кадыйча аябай сараң ...” деген пикир келди оюна.

Ал айланып жаңгактын астына барды. Чындап ошол жактагы дубалдын бир чети омурулуп, топурагы жерге төшөлүп

калганын көрүп, жүрөгү аптыга түштү. Назарында дубалдын кемтик жеринен бирөө тиктеп тургандай болду. Жаңгактын жалбырактары да шамалда шуулдап, шектүү, коркунучтуу көрүнүп, шашылып артына кайтты.

Кадыйча алда качан үйгө кирип кетиптир. Ал чыракты өчүрүп, сандалдын четине жатты. Бирок көңүлүнүн түпкүрүндөгү кандайдыр бир түшүнүксүз ойдон санаасы санга бөлүндү.

Күзүндө өзү менен иштечү жигиттин короосундагы бышып жетилген жүзүмдөрдү уурдап кетишкени эсине түшө калды. Шамал барган сайын күчөдү. Короодогу чоң жаңгактын жалбырактары шуулдап, шактары шектүү кычырай баштады. Кимдир бирөө шыбырттап басып, пешайбанга жакындап келе жаткандай сыяктанат.

Кадыйча чын айтат. Өзү кээде түнкү сменада болсо, аялы үч жөжө менен жанын оозуна тиштеп таң атырса, ууру олжонун чоң-кичинесине карамак беле? Колуна эмне илинсе алып кете берет да. Мүмкүн, өзү үйдө жок учурда үйүн ууру басып, аялы ызы-чуу кылса, аны бычактап таштаса. Ал жактан энеси чыга калса, аны да.... "Ыймансыздар! Элдин башына оор күн түшкөндө, пайдаланган ынсапсыздарды жоготуш керек".

Кокусунан башына келе калган пикирден жүрөгү зыр дей түштү. Оор күндөрү үчүн, кандай гана үмүт менен "оозуна тиштеп жүргөн" кунажынынын уурдалганы үчүн, өлүм төшөгүндө жаткан инисинин соңку ырыскысынын кыйылганы үчүн, нан пулу болор деп өстүргөн түшүмүнө көз арткан ошол кудайдын каарына калгырлар үчүн аябай өч алгысы келип кетти.

Ал ордунан ыргып тура калды. Чыракты жагып, короого атырылды. Дагы эле катуу шамал согуп, асмандын кээде ары, кээде бери жагынан чагылган жаркылдап, жаңгактын шактары шектүү кыйчылдап жатты. Бирок анын жанагы коркунучу тарап, кандайдыр кайраттуулук менен ашканага кирди да, чөнтөгүнөн ширеңке алып жакты. Карайып калган дубалдагы мыкта илинип турган эки ором зымды алды. Бир убакта согуштан мурда ал бул зымдарды тойканаларга алып барып, адамдардын короосуна жарык коюп берчү.

"Мага десе атып жибербейби! – деп ойлоду ал шоңкоюп отуруп, сырты жабык зымды ачык зымга улап жатып. – Эч

болбогондо бир арам тамакты өлтүрсөм… Бирөөсү өлсө, башкасы эсине келер…”

Ал берилип иштегенден бүт денесин тер баскан, бирок өзү байкабайт, бир сөзүн кайта-кайта кайталайт: “Мага десе атып жибербейби!”

Ушул убакка чейин кунажыны тууйт эле. “Иниме жок дегенде бир чыны сүт берер эле, – деп ойлоду Шаикрам үшкүрүнүп. – Кана, ошолор колума түшсө, азабын берер элем?..”

Миң аңдыганым менен ууру – бирөө. Мына, эки ай мурда жанагы Илхам самаварчынын аялын бычактап салышты. Байкуштун бир эле эчкиси бар болчу. Короосуна ууру киргенин байкап, аялы кыйкырып, ызы-чуу салып, чуркап барып эчкинин жибине жармашканбы, кыскасы, коңшу-колоңдор анын кызыл канга бөлөнүп жатканын көрүшүптүр.

Жакында эле Кадыйча: “Ушул күндөрү дагы ууру келип жатса керек… Кулпунайды кызартпай терип кетип жатат,” – деп айткан.

– Жок жерден дүрбөлөң салба! – деген Шаикрам ошондо. – Балдар терип жегендир. Ууру ушул сенин кулпунайыңа келмек беле?

– Балдар оозуна бир даана алган болсо, буйрубасын. Эмнеге келбейт экен? Бир ууч эле алып чыгып сатса, бир чыны жүгөрү берет. Ана, барып көрүңүз, дубалдын бир чети опурулуп жатат?!

Шаикрам зымдын ачык бөлүгүн кулпунай жакка ыргытты. Зым жыландай булаңдап жөөктөрдүн үстүнө түштү. Жабык бөлүгүн пешаймандын этегинен өтүп, бир учун устундагы ток сайчууга сайып койду. “Балдарым түндөсү короого чыга калса, эмне болот?” деген пикир кокустан мээсине урулду да, үйгө кирди. Кадыйча жаткан жеринде эле уйкусурап башын көтөрдү.

– Эмне болуп кетти?

– Короого чыкпа, балдарды да абайла, өлөт!.. – деди Шаикрам үнүн бийик чыгарып.

Кадыйча эч нерсеге түшүнбөдү окшойт, “макул” дегендей башын силкип, жаздыкка башын койду. Заматта терең дем ала баштады. Шаикрам пешайвандын чырагын өчүрүп, эшиктин алдындагы кийизге көмкөрөсүнөн жата кетти.

“Мага десе атып жибербейби?” – деп ойлоду дагы эле ачуусу менен. Ошол учурда балдары, аялы да көзүнө көрүнгөн жок. Көз алдынан инисинин элеси кетпей койду. Шаниймат бөбөк кезинде бөлбүрөгөн бала эле. Шаикрам аны ар күнү мектепке өзү алып барчу, сабагы бүткөнчө күтүп отурчу. Атасы каза болгондо Шаикрам алтынчы класста болчу, иниси экинчи класста окучу. Ошондо Шаниймат ыйлабаса да, санаа тарта берип ооруп калган. Эне-бала инисин абайлап жүрүп чоңойтушпадыбы. Эми болсо, беш күндүгү калдыбы-жокпу, ага болуп туруп кабар алганга жарабайт...

Шаикрам уктадыбы, жокпу, биле албайт. Бир маалда бала ыйладыбы же шамалдын ышкырганындай үн аралаш коркунучтуу ызы-чуу кулагына кирдиби, аңдай албады. Ыргып ордунан турду. Пешаймандын чырагын жагып эле кулпунайдын жөөгүнүн арасында бүк түшүп жаткан адамдын караанын көрдү да, турган жеринде катып калды. Ошол замат чоң ката иш кылганын түшүндү, кылмышкер болуп калганын байкады. Зымдын учун сайган жеринен сууруп таштап, сыртка атырылды. “Башкалары качты го!” деген ой башына келди. Жөөктөрдөн секирип-секирип баратып, буттары ылайга батып кетип жатканын аңдады. Анан бүгүлүп жаткан адамдан үч-төрт кадам берирээкте токтоду да, кокустан чөгөлөп отуруп калды. Эси ооп тиктеп турду да, ичинен тулку-боюн титиреткен үн атырылып чыкты.

– Эне-е-е!

Ал эси эки болуп жатканын элес-булас сезип, боюн жерге таштады.Титиреген колдору менен ылайды чеңгелдеп, көкүрөгүнө муштагылай баштады.

– Эне! Эне-кеее!

Өмүр эже бир колу менен гүлдөрү оңуп кеткен чыт көйнөгүнүн этегин бекем чеңгелдеп алган, этегинде эки ууч бышкан-бышпаган кулпунайлар көрүнүп турат. Экинчи колу менен жыландай чубалган зымды кармап жатат. Шаикрам энесинин кулпунайдын кызылы жуккан, жарылып кеткен манжаларын, көөп чыккан тамырларын даана көрдү. Ары жакта, ылайлуу арыктын ичинде галошу жатыптыр. Чамасы,

зым бутунун астына тийгенде жулуп алмак болгон, бирок зым колуна оролошуп жыгылган окшойт.

Шаикрам ылайга карабай эмгектеп барып, өзүн энесинин кучагына таштады.

– Энежан, ач көзүңдү! – деди ал кезерген эриндери менен энесинин муздак бетинен өөп.

Ал бир аздан соң өзүнө келип, төбөсүндө аялы турганын, кыздарынын ыйлап жатканын байкады. Башын көтөрүп, секичеде отурган Шанийматка көзү түштү. Үч айдан бери ордунан жылбай жаткан иниси кайдан күч тапканын ким билсин, эмгектеп чыгып келиптир. Көйнөгүнүн жеңдери түрүлгөн, жүдөгөн бойдон, убайым тартып тиктеп турар эле.

– Эмне кылып койдум, иним! – деди Шаикрам балчыкка бөлөнгөн алаканы менен бети-башын чеңгелдеп. Анан энесин көтөрөйүн десе, анын эки бүктөлгөн денесин эмнегедир эч тикелей албай койду.

– Сүт ичпей, уу ичсем болбос беле… – деди Шаниймат үнү титиреп.

Шаикрам анын титиреген, жансыз үнүнөн сестенип, инисине тиктеп калды.

– Уу ичсем болбос беле… – дей берди Шаниймат кайра-кайра дагы деле ошол титиреген үнү менен. Ал ыйлайын деди, бакырып-өкүргүсү келди, бирок ыйлаганга анын күчү жетпейт эле.

– Кечээ дагы айткан элем, энем көнбөдү… Кулпунайга сүт алмаштырса болот деп туруп алды да…

Шаикрам башка эчтемени укпады. Уга албады. Уккандын эмне пайдасы бар эле…

Өмүр эжени бешим намазына туштап чыгарышты. Көрүстөндөн чыгып келе жатышканда, Шаикрам элдердин өз ара шыбырашканын угуп калды…

– Согуш бүтүптүр, уктуңузбу?…

## КИЛЕМ БАЙПАК

Жыл сайын эс алууга барганымда апама килем байпак алып келчүмүн. Кавказ жакта көп болот, алар жуба, жураби деп аташат. Апам кудум табылбас буюмга ээ болгондой узак-узак бата берет. Ушунчалык мээримдүү баласы бар экенин коңшуларына айтып мактанат. Анын буту ооруйт. Суук түшсө эле шишип кетет, азапка салат.

Коңшу-колоңдор ал-абалын сурашса, алардын да, өзүнүн да көңүлүн жайгарат.

– Ооба, эми карылык да... айланайын...

Бирок апамдын буту карылыгынан эле оорубайт. Аны башкалар билбесе да, мен жакшы билемин. Аябай жакшы билемин. Бала кезимде өтө көп ооручумун: кызамык, көк жөтөл...

Ошондуктан ашканадагы мыкта көк карганын канатынан тартып, бир топ дары чөптөрдүн кургатылган жалбырагы илинип турчу. Айрыкча, тамагым ооруганда өтө азап чекчүмүн. Бутум нымга тийсе эле тамагым ооруп, деми чейин түшүнө албаймын.

Ошондо канча жашта экеним эсимде жок. Бирок кичине болчумун. Бир күнү агаларым менен кар ыргытмай ойногонбуз. Карда чуркап, жыгылып, сүрүлүп жүрүп аябай тердедим, чыдабай муз жедим. Кечинде ысытмам көтөрүлүп, ыкшып жөтөлүп калдым. Апам тамагымды ачык таш менен чайкап көрдү, как кайнатып, суусун ичирди. Эч кайсысы жардам бербеди... Тамагым тап-такыр буулуп калды. Эсимен тана баштаганым элес-булас көз алдымда. Апамдын чыркырап ыйлап, бир сөзүн кайра-кайра кайталаганы дагы эле кулагымда.

– Бай-бай, эмне кылам! Бай-бай, балам өлүп калабы?..

Мени шашып-бушуп жылуу ороп алып, көтөрүп жөнөдү. Кар лапылдап жаап турган болчу, бирок бетиме түшкөнүн сезбегем. Апамдын ысык деми келип, карда тайгылып-туруп бара жатат.

Чырагы жылтырап турган кайсы бир үйгө кирдик. Көзүм кайрадан караңгылады. Апам эси эки болуп, дагы эле чыркырайт.

– Өлүп калат!.. Балам өлүп калат!..

– Оозуңа таш, Паша! Дартты берген кудай дабасын да берет.

Бул Ажы чоң атанын үнү экенин араң баамдадым. Ажы чоң ата менин башымды тизесине коюп, чалкаман жаткырды. Марлиге оролгон манжасын оозума тыкты. Көңүлүм айланып, тыбырчылап ыйлаймын. Бирок Ажы чоң атанын колунан чыгып кете албадым. Ал тамагымды бир нерсе кылды. Кайрадан манжасын салганда кыйкырып, колун тиштеп алдым. Таң калычтуу... Бир аздан соң абалым жеңилдей баштады. Көзүмдү ачсам, Ажы чоң ата күлүмсүрөп турат.

– Эмнеге тиштедиң, күчүгүм? – деди ал башымды сылап.

Апам жүдөп, чачтары саксайып, ыйлап, кайгырып турган экен.

Бир убакта өзүмдү акырын өзүмө келтирдим. Сандалга бутумду салып отурдум. Ажы чоң ата кандайдыр бир кыйгыл суюктук дарысын ичирди. Андан соң апама карап туруп, кыйкырып жиберди.

– Паша-а-а, бул эмне кылганың?

Апам бир мага, бир Ажы чоң атага карайт.

– Бутуңдан айрылыпсың го! – деди Ажы чоң ата башын чайкап, – Ушул кебетең менен кантип келдиң?

Апамдын бут чеччү жердеги галошун эми көрдүм. Галоштун ичи толтура кар болчу.

– Ушундай карда маасысыз галоштун өзү менен келдиңби? – деди Ажы чоң ата дагы эле таң калып. – Эми, сага айтайын, карганын мээсин чагып сүйкөбөсөң, чолок болуп каласың.

Апам бутун сандалдан чыгарды. Эки буту тең чымкый кызыл эт болуп калган экен.

– Андай деле үшүгөнүм жок, – деди апам акырын. – Кайра ысып кетти. Карда өзү ысып кетет экен.

Ажы чоң ата апамдын буттарын укалап көрдү.

– Сезип жатабы?

– Эмнени? – деди апам бутуна эмес, мага карап.

– Колумду сезип жатабы?

Апам унчукпай баш чайкады да, ыйлап жиберди.

Эртеси ал жатып калды. Узак жатты. Атам атайын карга кармап келип Ажы чоң ата колунан келгенче дарылады... Апам

оңолгондой болду. Бирок күн суукtaса эле буттары шишип, азап бере турган болуп калды...

Жыл сайын эс алууга барганымда апама атайын килем байпак алып келчүмүн.

Апам кудум табылбас буюмга ээ болгондой, артыман узак-узак бата берип, бир паста бардык коңшуларга көрсөтүп, ушундай “мээримдүү” уулу бар экенине мактанат. Ошондо кар лапылдап жаап турган коркунучтуу кечтеги апамдын жылаңач кызыл этке айланып кеткен буттары көз алдыма келет да, үнчукпай чыгып кетем.

**Э. Кэлдэрару,**
**Румыния**

## СУУ ПЕРИСИ

Ал скрипкасын көтөрүп алып, камышзар аралап сыйкырдуу көл жакка жол алды. Ошол жерде, бир гана куштардын сайраганынан башка жымжырттыкта ал сырдуу күүнү угууну каалайт эле.

Ал күүнү берилип угат. Анан өзү да скрипкасын чалат. Алгачкы “концертин” баштайт.

Куштар, көл, аралчалар, болочоктогу белгилүү обончу-скрипкачы Милуцэ Черней өзүнүн алгачкы концертин сиздерге арнайт!

Мына, көлгө да жетип келди.

– Милу-у-цэ-э!

Ким ал?... Же кулагына угулгандай болдубу?

Ахир, бул жерде, абдан кымбат жайда көлдөр өлкөсүнүн көзгө көрүнбөй уча турган шамалынан башка нерсе жок ко!

– Милу-у-цэ-э!

Энтиккен ичке үн кудум суунун түбүнөн угулгандай болду. Жок-э, суу түбүнөн эмес, тигинде, күн кош айтып батар алдындагы кызгылт түскө боёлгон суунун боюна калың чачтарын жайып кургатуу үчүн суу периси чыгып келиптир.

– Милуцэ, эй, Милуцэ! Эмне балээ болгонсуң, кулагың бүтүп калганбы?

Кызык, суу периси да ушундай копол сүйлөйбү?..

– Эмне, дагы деле менден капаланып жүрөсүңбү? Суранам, капаланбачы, андан көрө кел, бул жакка. Сууга түшөбүз. Аябай жыргал!..

Милуцэ эси ооп таң калып карап калды, бир аздан соң гана өзүнө келип акырын суунун жээгине түштү. Ылдыйда, бадалдардын арасында кимдиндир бут кийимине чалынып кетти. Бул бут кийимди ал кайдан көргөн эле?.. Мына бул кызыл гүлдүү көйнөктүчү? Э-э-э, бул ошол кыз! Жада калса, бул жерде да ага тынчтык бербейт, аны өз жайына койбойт э... Ой, тентек десе, аны суу периси деп ойлоптур. Ралука Гопп кайда, суу периси кайда!

Суу периси ошол замат суу түбүнө көздөн кайып болуп, көл үстүндө тегерек толкундар гана калды.

– Милуцэ, келдиңби?

Кыздын үнү эми өтө жакын жерден угулду.

– Эмне, мен чыгайынбы? Макул, бара жатам. Сен менен көптөн бери сүйлөшүп алсам деп жүргөм. Бактыма жараша, сени бул жерден жолуктуруп калбадымбы?

Милуцэнин эриндери кыймылдап, бир нерсе деп жаткандай болду да, скрипкасынын сыртын колтугуна кыстырып, арт жагына карабай басып кетти.

Ралука таң калды. Анан ачууланып, баланын артынан кыйкырды:

– Бул жерге курбакалар менен сүйлөшкөнү келген окшойсуң! Баткакта концерт коймок белең! Эчтеке эмес, сенин бир адебиңди бербесекпи! Басар-турарыңды билбей калыптырсың. Оюңа келгенин кыласың. “Мени эч ким түшүнбөйт” деп ыйлактап жүрөсүң...

Бирок Милуцэ анын сөздөрүнө бир да көңүл бурбады. Жок дегенде бир жолу кыз жакка бурулуп карабады.

Мейли, каргап-шилей берсин деп койду өзүнчө... Бул жерде, өзүнүн күү жана жымжырттык салтанатында ага балээ барбы? Бул жер аныкы, бул жерди ал өзү тапкан. Ралука аны түшүнбөйт. Кызга спорт болсо мейли, бул сыйкырдуу көл ага

сүзүш боюнча машыга турган жай. Балким, азыр кетип калбай эле, мурдагы жана бүгүнкү окуялар үчүн аны жакшылап сөксө болор беле?

Дайым ага тоскоолдук жараткан Ралука Попп ким болуп кетиптир? Ал мындан бир нече ай мурда жаңы үйгө көчүп кирип, Милуцэге коңшу болуп калган. Азыр анын классында окуп жатат. Эмне болуптур? Туура, ал дене тарбиядан дайыма "5" деген баа алат. Ошондуктан аны отрядда спорт жумуштарына жооптуу адам кылып шайлашкан. Башка кыздардан айырмасы ушул эле. Бир ай мурда Ралука волейбол командасын түзгөнгө киришкен болчу. Бир окуучу команданын тизмесине жазылбаса, урушуп таштаган. Бирок Милуцэни колго түшүрө алган жок... Дубал газетадагы макаланын да, жыйналыштарындагы кеп сөздөрдүн да таасири болбоду.

Ушуга эле капалануу керекпи? Кыялына да келген жок... Кыз балага ачууланган болбойт го. Ралука менен жөн эле сүйлөшпөй койгон болчу. Ыргыштап секирүү, стадионду айланып, топтун артынан чуркап жүргөн артистке жарашпаса керек. Ралуканын бетине "спорт – бул болбогон нерсе" деп айтуу да оңой эмес. Адам жапайы экени, кыз айтмакчы, басар-турарын билбей калганы менен анын эмне иши бар? Күүнүн баркын билип, маанисин түшүнмөк беле? Билгенде маданиятты кадырлоо керектигин үйрөнгөн болор эле. Кыздын атасы музыка мугалими болгон экен. Бирөөлөрдүн айтымында, жаш кезинде сонун скрипкачы болгон, жада калса, Бухарест консерваториясынын Чоң залында күү черткен. Согуш аны сахнадан четтеткен, эми ал эч качан сахнага кайта албайт. Бирок азыр да өз алдынча скрипка чалып турат. Милуцэ ал чалган күүнү угуу максатында сирендин бадалдарынын арасында канча жолу бекинип жүргөн болчу. Болгону күүнү терезе ачык турган учурда гана укчу.

Ушундай учурларда Милуцэ бул тентек кызга аябай суктанып да жүргөн. Ралуканын бул күүнү бат-бат укканга мүмкүнчүлүгү бар эле да. Бирок ага мунун айырмасы деле жок. Атасы күү чалып жатканда кыздын ою алда кайда болуп, волейбол майданын кезип жүрөт же мындан бетер, жаңы көйнөккө арзуусу менен убара болот. Бир күнү күү чертилип

жатканда, Милуцэ кыздын күзгүгө каранып отурганын көрүп калган.

Ушул ой-кыял менен Милуцэ үйүнө жетип келип калганын байкабады. Өзүнүн дарбаза алдында турганын көрүп, таң калды...

Кокустан баланын жүрөгү дүкүлдөп согуп кетти: Ралуканын атасы – музыка мугалими көчөнү кесип өтүп жатканын көрүп калганда. Милуцэ батыраак ичкериге кирип кетүү максатында дарбазага жабыша түштү. Бирок ушул көз ирмемде:

– Токтоп тур! – деген үн угулуп калды.

Милуцэ айланасына алаңдады. Бул жакын арада экөөнөн башка эч ким жок эле.

– Ооба, жигит, мен сени чакырып жатам. Ралука менен бирге окуйсуң да? Мен анын атасы болом. Кел, таанышып алалы.

Ал балага жакындап келип, колун сунду.

– Теодор Попп. Музыкадан сабак берем.

– Милуцэ Черней, окуучумун.

– Окуучу дейсиңби? Ушул элеби? Жок, сени композитор жана скрипач деп дадил эле айтуу керек.

– Жок-э! Мен-а-а?

Милуцэ таң калды.

– Ооба, макул... Мен бардыгынан кабардармын. Баракелде!

– Балким, адашкан чыгарсыз... Билесизби... мен...

– Адаштыңыз дейсиңби? Эмне, сен Ралуканын ушул үйдө жашай турган классташы, скрипканы дайым дит менен чала турган курбусу эмессиңби? Сага ушуну айтып коёюн: мен сенин жараткан чыгармаңды укканмын. Кечээ, мына ушул жерде, дарбазанын жанында туруп уккан болчумун. Кызым менен терезеңдин артынан өтүп бара жатканбыз...

– Анан эмне болду?

– Мурдагыдай эле, Ралука сенин күүңдү угуп келүүмдү сураган.

– Ралукабы?!

– Ооба. Бирок мен сен чалган күүнүн авторун эстей албадым. Мага кызык туюлган. Ошондо Ралука күүнүн автору сен экениңди айтты. Чыгармаңды кунт коюп уктум, ал мага аябай жагып калды. Ушул тууралуу сага айтайын деген элем...

– Мен үчүн… бул – ушунчалык… кубаныч…

– Кубанычыңды келечекке асырап кой, Милуцэ. Эгер чыныгы музыкант болом десең, кунт коюп оку, көп эмгектенүү керек. Кааласаң, сага жардам берем.

– Ырахмат, бирок сиз билсеңиз керек, мени менен Ралука… Сизге айткан болсо керек…

– Билбеймин, билгенди да каалабаймын. Мени болгону бир нерсе кызыктырат: ишке киришебизби, жокпу? Ооба, же жок?

– Албетте, киришебиз.Чоң ырахмат.

– Канакей, чыгармаңды берчи. Аны көрүп чыгайын, бирсүгүнү келсең, жайынча сүйлөшөбүз.

...Мына, Милуцэ мугалимдин үйүнө жакын келип калды. Чиркин, бул үй мугалимдин үйү болбой эле, Ралуканын да үйү. Чатакташып жүргөндөрүн атасына айткан болсочу?..

Анын эмне кыларын алдыртан биле албайсың. Мына, мисалы, эмне себептен мугалим атасына анын күүсүн угууну сунуш кылат да, өзү болсо ошол эле учурда Милуцэни канчалык жаман көрөрүн билдирип коюу максатында дайым шылтоо издейт? Эгер эшикти Ралука ачса, аны айдап жиберишим турган кеп. Карс этип эшикти бети-башына карабай жаап жиберер бекенмин? Жок, жүрөгүм даабаса керек. Мени мугалим чакырган го… Эгер мугалимдин өзү…

Попптордун үйүнө жетип келгенде оюнан ар түрдүү күмөндөр өтүп турду. Кудум ушул учурда кимдир бирөө терезени ачкандай болду. Милуцэ артка чегинди. Күү көчөгө угулду. Ал турган жеринде таштай катты. Бул эмнеси? Ичкериден Милуцэнин күүсү угулду… Күү биринчи жолу ушунчалык тунук жаңырды. Милуцэнин оюнча алгач ирет угуп жаткандай туюлуп кетти.

Чачтары үрпөйгөн Милуцэ бир паста тепкичтен чуркап чыкканын өзү да билбей калды. Эшиктин коңгуроосун акырын баскан эле, эшик ачылып, караңгы далистен мугалимдин үнү угулду.

– Угуп жатасыңбы? – деп бармагын эринине коюп шыбырады ал. – Сенин чыгармаңды аткарып жатат. Бул жакка жүрө кой.

– Аткарып жатат дейсизби?! Ким?!

– “Ким?” дегениң эмнеси?

– Сиз эмеспи?

– Мен-а!.. Мен көптөн бери чала албаймын. Согуш бүткөндөн бери...

Милуцэ анын сол колуна көз салып, мээлейди көрүп калды. Ошондо мугалимдин эч бир мээлейсиз жүрбөгөнүн эстеди.

– Мени кечиресиз...

– Тсс, тынч олтуруп ук.

Милуцэ мугалимдин жанына отурду. Көздөрүн жумуп алды да, көз алдында толкундары шарпылдап жаткан көл пайда болду. Бадалдардын шытыраганы, куштардын сайраганы, баары алтын чабактар менен көлдүн түбүнө сиңип кетип жаткандай... Кудум жомокко окшош...

Милуцэ көзүн ачып, кыйгач ачылып турган айнектүү эшиктен киргендеги коңшу бөлмөдө суу периси олтурганын көрдү, бирок таң калган жок. Бир күнү тынч турган көлдүн жээгинде көргөн суу перисинин өзү. Бирок суу периси чачын жайып албаптыр... Эки өрүм кылып өрүп далысына таштап коюп, берилип скрипка чертип жаткан эле...

**Пулод Толис,**
**Тажикстан**

## БУУДАЙ

Бешимден ооп калганда Асандын атасы бир кап буудайды эшекке артып, тегирменге жөнөдү.

Асан шерик болсун деп белбоосуна бир нанды түйүп алды да, эшектин артынан айдап жолго түштү.

Ал короодон чыгып жатканда эле буудайды Курбан аганын тегирменине алып барууну көздөгөн. Айылдагы эки тегирменге караганда бул тегирмен анча деле алыста болгондугуна байланыштуу адам аз барчу.

Асан анча жерге жеткен соң, эшегин чоң көчөгө туташкан чыйыр жолго бурду. Тегирменге араба жол менен барса да болот эле, бирок ал бурулган чыйыр жол аралыкты бир чакырымга

кыскартат. Бир жагы ажайып даракзар менен бадалзарлардын кереметүү табигаты, көркү Асан үчүн аябай кызыктуу.

Жолдун четиндеги бадалдар барган сайын коюуланып барат. Асан айланасына суктанып, кээде ийилип карагат терет, кээде бутунун учу менен өйдө созулуп, тыттын шактарын ийип, мөмөсүнөн татып көрөт.

Асан мөмө терип жана көз жоосун алган табигатка суктанып жүрүп, тегирмендин астынан чыга калганын да байкабай калды. Тилекке каршы... тегирмен иштебейт экен. Эшигинде чоң кулпу асылган, айланасында тырп эткен жан көрүнбөйт.

Бул кандай кеп? Тегирменди ээсиз калтырууга болот бекен? Бул четки айылда уурулар жок болсо деле, этияттоо абзел го. "Менимче, тегирмендин суусу кургап, Курбан ага суу ачып келүүгө кеткен окшойт," – деп ойлоду өзүнчө Асан.

Ал эшегин даракка байлап, тегирмен жакка жакыныраак барды да, иттин арсылдаган үнүнөн сестене туруп калды. Ит пешайвандын устунуна байланып туруптур. Пешайвандын ичкерирээк жагына буудайга толтурулган каптар тизилип турат.

– Мех, Алапар, мех! – деп, Асан итке жакындады.

Ит аны жакшы таанычу. Ар дайымкыдай үрбөй калуунун ордуна, кайра катуу-катуу арсылдап, ары-бери жулкунат: жер чапчып, чынжырын үзүп кетчүдөй болот.

"Жинди болгонбу бул?" – деп Асан артына кетенчиктеп барып, бир нерсеге чалынып, жыгылып кете жаздады. Ошол учурда ал бутунун астын карап, таштай катып калды. Ылай суу арыктан ташып, буудай жакка агып келе жаткан болчу. Бул кебетесинде суу бир аздан соң каптарга жетип, буудайды каптап калуусу турган иш эле.

Асандын айласы кетти. Эмне кылыш керек? Кайда барат? Жок, анда кеч болуп калат! Кыйкырсабы? Жок, болбойт. Бул жерде аны угар эч ким жок!

Асан айланасына алаңдап тиктеп, же күрөк, же кетмен таба албады. Айласыздан арыктын баш жагына чуркады. Адатта, шар агып түшсүн деп тегирмендин арыгын бийик көтөрүшөт. Эңиш орнотулган мындай ноодон келген суу күч менен келип, тегирмендин барасын айлантат. Тегирмен иштетилбеген

учурда сууну башка жакка буруп жиберишет. Бул ноо, негизи, демейдегиден бийигирээк жайгаштырылган экен. Тегирменчи ноонун башын жапканы менен, арыкка сууну коё бериптир. Суу жоон чымды агызып келип, ноонун оозуна кептелип, чөп-чарлар менен кесектер жабылып, ошол жерде чоң тосмону пайда кылган экен. Суу жол таппай тегирменчинин чарбагына карай кеткен арыкты жырып өтүп, пешайван жакка ага баштаптыр.

Асан эми чечинип, алгач чымдарды сүрүп чыгарды. Чымдар менен арыктын жолун тосконго аракеттенди, бирок эптей албады. Жок дегенде, эки тактай керек болчу. Асан чуркап ылдыйга түштү. Ал дагы эле бир нерсе табуу максатында ары-бери жакка аландап көз салды. Эч нерсе көзгө илинбеди. Ого бетер тынчы кетти. Денесинен муздак тер агып, көл-шал болду. Күрмөсүнүн жеңи менен бетинин терин аарчып жатып, башына келе калган ойдон көңүлү ачыла түштү. Үстүндөгү кийимин чече салып, суунун жолун бекитти. Суунун жолу байланган соң Асан бир аз демин басты. Бирок суу башка жактан ашып өтүп, буудай жакка жакындаганы Асандын үмүт отун өчүрүп салды. Ошончо жандалбастаганы текке кетип, суунун бир жагын бекитсе, экинчи жактан ташып кетип эсин кетирди. Асан эми катуу кайгыра баштады. Кандай, өзү тирүү жан болуп ушул жерде туруп, ушунча буудай набыт болобу? Жок дегенде бир күрөк же кетмен табылбаганы кандай?!... Ал бир саамга устунга көчүк басты. Бирок бат эле кайра аракет кылып, тегирмендин артына чуркап өттү. Ошол жактан тегирменчинин жерде оонап жаткан кетменин тапты. Асандын өңүнө кан жүгүргөндөй болду. Пешайванга өтүп, суунун жолуна топурак үйө баштады.

Алапар Асанга үрүп, дагы эле арсылдаганын койбойт. Ал бети-башынан аккан терди аарчып, суунун агымына көз жүгүрттү. Бул учурда суунун шаштырганы кайтып, каптардагы буудайга жете албастыгына көзү жеткен сымал, эми жолун тегирмен жакка буруп жаткан болчу. Бирок суунун агып жаткан бул жолу да кооптуу болчу. Себеби тегирмендин кампасында ун бар экен!

Асан секирген бойдон тегирмендин эшигине жетти. Ал жакка да топуракты үймөлөктөй баштады. Анын бети-башынан тер куюлуп, көйнөк-ыштаны шалпылдап, денесине жабышса

да көңүл бурбай, жан далбастап кетменди жерге катуу-катуу ургулап, топуракты көбүрөөк тартканга аракет кыла берди…

– Эмне болду? – тааныш үн угулуп, Асан башын көтөрдү. Маңдайында бош каптарды колуна кармап алган Курбан ага турган эле. Анын да үрөйү учкан, көздөрү чанагынан чыга жаздап, коркуп алган. Асан аны көрүп, дене бою бошой түштү. Кол-буттарынын дарманы кетип:

– Суу ташып кетиптир, – деди да, колунан кетмени түшүп, ыйлап жиберди…

**Иброхим Олимов,**
**Тажикстан**

## ШОР КООН

Таң заарда палатабызга төртүнчү оорулууну жаткырышты. Ирeңи азгын, коюу каш, ээги узун кишинин сокур ичегисин алышыптыр. Зарылдык болгондо гана араң ордунан турат. Эки бүгүлүп кадам шилтесе да, баскетболчулардай бойлуу экени көзгө даана көрүнөт. Эки оорулуу жана мен бөйрөк оорусунун айынан ооруканага түшкөн болчубуз. Жанды сууруп алчудай катуу ооруну баштан өткөрдүк. Бир “баралгин” бардыгыбызды кыл көпүрөдөн өтө тургандай коркунучтан куткарып калды десек аша чаппайбыз. Жарык дүйнө укмуш көрүнүп кетти ошол учурда.

Мындай кезде оорулуулар бири-бири менен бат ынтымакташып кетишет. Жада калса, сырдаш да болуп калуусу ыктымал. Үч-төрт күндө эле алар бири-биринен ажырагыс болушат. Азил-тамаша, анекдот айтышуу кызып кетет.

Терезеден ары жактагыларды тамаша кылып жаткан Жуманазар деген сары чачтуу, жалпак мурун жигит апыл-тапыл керебетке жатты да:

– Азыр силерге укмуш тамаша көрсөтөмүн. Карагылачы! – деп калды.

Бир аздан соң биз жаткан каанага эки киши кирди. Жуманазар тура калып, досу менен кучакташып учурашты.

Андан кийин экинчи досунун желкесине жабышты. Бөлмө тар болгондуктан жигит керебетке сүрдүгүп отуруп калды.

– Ыя, Эшмат, бутуң катуу тийдиби? – деп Жуманазар анын колтугунан көтөрүп, ордунан туруусуна жардамдашты. Стулдарды түздөп отурганга жай көрсөткөн соң, аларга чай куюп узатты.

– Жума, кандайсың? Сакайып калдыңбы? Айылда адамдардын оозунан түшпөй калды го сенин атың. ”Ооруканага араң жеткириптир, абалы оор” деп уктук. Тирүү эле экенсиң!

– Ооба, кудага шүгүр! Азыр жакшымын. Мурдагыдай оору жок. Өлүп калам го деп ойлогонмун. Эрте окшойт, – деп күлдү ал. Жаактары чоңураак ачылган учурда орсок тиштери көрүнүп калып жатты.

– Тегирменден бүтүн чыга тургандардын түрүнөнсүң да!

– Дарыяга зордуктап чөктүрсө да аркы өйүздөн кургак чыга тургандардан, – деди анысы.

Он-он беш мүнөттөй алды-качты аңгеме кызыды. Бала чактагы тамашалашкан какшык сөздөрдөн бири-бирине ыргытышты.

– Эми бизге уруксат. “Неврологиядагы” тайкемди көрүшүм керек, – деди Эшмат.

– Айткандай эле, уюлдук телефонуңдан Акбардын номерин айтып койчу, жазып алайын, – деди Жуманазар.

Досу аяк-башын тыткылап, уюлдук телефонун таппай койду. Жөжөсүн жоготкон эне тооктой алаңдап, каңырыгы түтөдү. Бешенеси тердеп, буулуп, бардык жагын кайрадан тытып чыкты.

– Кымбат телефон болчу. Бир ай иштеткен элем, – деди бозоруп.

– Ыйлаба, дос, жоголгон жок! Ме, ал! Абайлап жүр да! Дагын эле ошол жүрүшүң калбаптыр шөмтүрөп. Эскертип койдум да силерге! Мына бул сеники, – деп аркы досуна да көк калем сабын узатты.

Баары таң калышты.

– Дагы ошол кылык, ошол жорук. Жаныңа жолоп болбойт сенин! Качан адам санына киресиң, билбедим, – деп зоңкулдады Эшмат. Жуманазар ырсаңдады.

– Бул "исскуство" калла! Кам сүт эмгенче, шөмтүрөп калба дегеним бул! Көзүңөрдү ачып жүргүлө!

– Э…э… кой-е!

"Болуш-турушуң ушул сенин" дегендей кол силкип чыгып кетишти.

– Кантип үлгүрдүңүз? – таң калып сурадым мен.

Ал маалымат берип жаткандай каштарын чимирилтип, түшүндүрө баштады:

– Кучакташып учурашып жатып, мени ылдыйлатып жерге койгон чакта курткасынын чөнтөгүнөн сездирбей алдым. Ачкычтары да бар болчу. Шыңгырайт деп, тийбедим. Анысын желкем менен түртүп жиберип, атайын жыгылганга мажбур кылдым. Бир колум менен колтугунан сүйөп жардамдаштым. Экинчиси менен акырын көтөрүп жаткан болуп, калем сабын алганга үлгүрдүм. Эңкейип, стулдарды оңдоп жатып, олжолорду чөнтөгүмө жайлап алдым. Бош колдорумду столдун үстүнө ала коюп, аларды отурганга чакырдым.

– Ой тобо! – деп жибериштi таң калып алар.

Чет элдик адабияттан Чарлз Диккенстин "Оливер Твист" аттуу романындагы каармандар эсиме түштү. Уурулардын тобу тилемчилик кылып жүргөн жетим балдарды таап келишет. Топ-башчысы карыя чал аларга уурулуктун жолдорун үйрөтөт. Ар түрдүү нерселерди алып коюу жолдорун бөлмөдө машыктырат. Бышып жетилгендерин "ууга" жөнөтүп, артынан аңдытып бир адамды коёт. Чал олжо тапшырбагандарды аябай катуу жазалайт.

– Жок!.. Токтотконмун!.. – Жигиттин жүзүндөгү жана көзүндөгү жанагы жылмаюу өчүп, саргыл жаактарын суук түр каптады. – Ал күндөр өттү. Артка кайтыш жок…

Жигит жаман чөйрөгө аралашып калганы, бекер күчкө берилип кеткени жөнүндө сүйлөп берди. Кыргызстандагы шериктери түндө айдап келген аттарды алыстагы кардарларга жеткирип бергендери жана мал уурдап камалганына чейин айтты. Жада калса, боштондукка чыккандан соң да, бир аз убак мал базары, кийим-кече, азык-түлүк, мөмө базарларын айланып жүргөн учурларын эскерди.

– Кудайга шүгүр, ынсап берип, туура жолго өтө алдым. Эми өкүнөмүн. Адамдарга боорум ооруйт. Мага окшоп жолдон адашкандарга туш келбесин деймин.

– Муну "түзөлбөс дарт" дешет. Сиз кандай кутулдуңуз?

– Кудайдын өзү жол бербесе, миң үгүт-насаат, жаза бекер! Ыраматылык атам талаада иштечү, – деп аңгемесин улантты ал. – Өмүр бою колунан кетмени түшкөн жок. Эрте жаздан жер айдаганы атам менен талаага кошо бардым. Таң заардан күн батканга чейин жер тегиздедик. Коңшунун атын жалынып сурап, жерге мала тарттык. Кечке жуук атам ооруп калды. Кийинки убакта жүрөк оорусу бат-бат кыйначу. Ошондон дем алуусу оорлошту. Үйгөн чөптүн үстүнө чыгып жамбаштады. Көкүрөгүнүн кышылдаганы эки-үч кадам нарыдан угулуп турат. Чай куюп узатсам, "Рахмат, уулум!" деди араң үн катып. Эмне кылууну билбеймин. Атамдын жүзүнө-көзүнө тигилип тиктедим. Буудай өңдүү жүзү көгүш түскө айлана түшкөнүн байкадым. Эски кемсели тер-чаңдан карарып, денесине жабышып калган болчу. "Рахмат, уулум" деди кайра.

Күн нурунан карарган бырыштуу бешенесинен, сөөгү уркуюп чыккан жаактарынан таңкы шүүдүрүмгө окшош суу тер тамчылары жылтырап агып жатты. Эти качкан, как сөөк колдорунун тамырлары барыгып кеткен. "Рахмат сага, балам!" деп кайра кайталады.

"Эмнеге рахмат дейсиз, ата?! – дедим таң калып. Унчукпады. Бир аздан соң "уф" деп терең дем тартып туруп, кырылдаган, алсыз үн менен сөзүн баштады: Эми мен карыдым. Сен менин жалгызымсың, балам. Эмгекке, адал оокатка канаат кылганыңа, ынсапка келип калганыңа рахмат деймин, балам! Мурунку жаман адаттарыңды унутканыңа рахмат, уулум..."

Деми кысылганынан кышылдаганы күчөп, сөздөр бир токтоп, бир уланып жатты: "Кечээ Салыбайдын маарекесинде Керим "домком" "уулуңузду туура жолго сала алдыңыз! Бул иштин үстүнөн чыктыңыз! Сизге ырахмат!" – деди. Көпчүлүктүн арасында көзүмдөн жаш чыгып кетти. Бул сөздү он сегиз жыл күттүм-а, балам! Өткөн өмүрүмө арзый турган сыйлык болду – бул, билсең. Аш-тойлордо өзүмдү четке тартып, эки

кишинин сөзүнө аралаша албай жүрчү элем. Саттар “мамадана” “шекерпалектен шор коон чыкты” – деп ушак сөз тараткан эле. Эл бул ушакты ооздон-оозго илип жүрдү. Шор коон – таштанды. Анын эч кимге кереги жок. Балдарыңды да тели-теңтуштары “шор-коончо” деп шылдыңдачу. Камакта отурганыңда күн алыс ыйлап келишчү. Ушул жаман ат менен өлүп кетемби деп ойлогом. Насаат айтсам, укпачу элең. Ыраматылык энең тирүү болгондо, балким, мындай жолго барбайт белең? Бирок сени каргабадым, тилдебедим, жаман сөз айтпадым. Түндөрү көз жашым көл болуп, Теңиримден жалынып-жалбарып ынсабыңды гана сурадым. Жараткандын чындап боору оорудубу, тилегимди берди. Сага мурас кылып, байлык, дүнүйө калтыра албадым. Өнөр үйрөтө албадым. Бешене теримди төгүп, кетмен чаап, адал тамак таап жегенден башка жумушту билбедим. Күч-кубатым, алым кетип баратат. Соңку өтүнүчүм, осуятым, мурунку наалаты жолуңа кадам баспа. Адамдык касиетиңе так түшкөн соң, аны актоо оңой иш эмес, балам. Бир өмүрлүк убакыт да жетпейт...”

Атамдын каректери жашка толду. Мурда ыйлаганын эч бир көрбөгөн элем. Ыйлаганда да үнсүз ыйлады. Жүрөгүм ийне менен сайгандай сыздап чыкты. Уурулукту кээ бир-кээ бир учурда дагы эле улантып жатканымды атам билбес эле. Себеби эч кимге сездирбей жүрчүмүн. Үнсүз солуктаган атама тиктедим. Акчасын, кээ бир буюмдарын уурдап кеткен адамдарым көз алдыман өттү. “Алар да муңайып отурган мына ушул атамдай эзилип, оор эмгек менен, тиричилик үчүн араң оокат кылган кишилер эмеспи” деген ой жүрөгүмдүн ар бир тамырын зыркыратып тарта баштады. Мээмде “ууру, шор-коон” деген сөздөр чарпалектей тегеренип айланып жатты. Көчкү баскандай катуу оору пайда болуп, бүт денемди зыркыратты. Балдарым да бүкүрөйүп, көзүмө мөлтүрөп тургандай эле. Ошол учурда эс-акылымды уурдаган шайтандын жолун баспайм деп ант ичтим. Атамдын солгун, аялуу жүзүнө көз салдым...

“Табым жок, эшекти алып кел, балам!” – деди атам оор энтигип.

Үйгө келдик. Дарыгердин дары-дармектери атамды бир жума гана кармай алды. Ооруканадан кайтарып беришти. Атамдын

соңку сөзү ушул болду: “Кудайдын аманатын тапшыруучу убакыт келди. Рахмат балам! Осуятымды унутпа! Мага ыраазы бол!” деп келме келтирди. Нурсуз көзү мага кадалып, акырын жумулду…

Узак жылдар атакемдин көңүлүн оорутуп, азапка салып, өмүр жолун кыскартканымды баамдап, атамды өзүм эле өлтүргөндөй сезилип кетти мага. Атамдын кучагына өзүмдү таштап, жалбарып кечирим сурадым. Көзүнүн тирүүсүндө кылган кылмыштарым үчүн кечирим сурап, ыраазы кыла албай калганыма сыздап өкүндүм. Санаам санга бөлүнүп, эсим ооп калыптыр. Колу-бутум бүрүшүп, тамырларым тартышып калыптыр. Бетиме суу бүркөлгөн соң гана өзүмө келип, эшиктин алдындагы сөөрүдө жатканымды көрдүм. Аңгырап атама чуркадым. “Маркумду азапка салба” деп мени ажыратып алышты. Жараланган көңүлүм даба таба албай, өзүмдү ар жерге урдум…

Жигит ыйлап жиберди…

Арадан үч күн өттү. Түнү менен уктай албай, ой басып чыкканы көрүнөт. Ошол күндөрү бир да анекдот же тамашалуу сөз айтпады. Кучакташып коштоштук. “Жашоо” же “Өмүр” аттуу китептен ал өзүнө жаңы, апакай таза барак ачканына ишенем…

## ШАРАПАТ ТАЕЖЕМДИН БАТАСЫ

Дүйнөдө эң чоң мамлекет болуп эсептелген – Советтер Союзу аарынын уюгундай чачылган учур болчу. Элдин баары өз билгенинче жашоосун улантып жаткан. Адамдар күн сайын бир жолу таратып берилүүчү эки даана “буханка” нанга кезекке туруу үчүн таң заардан айылдагы дүкөн алдына чуркашат. Нанды күндө Калмат байке араба менен жеткизип турчу. Алыстан арабанын карааны көрүнөрү менен кезекте турган адамдардын катары жанданып, кыбыр-шыбыр башталат. Кээде нан бат түгөнүп, кечирээк келгендерге жетпей да калчу. Элдин санаасы күндөн-күнгө күчөп жатты. Мамлекет элге айлык бере

албаганына да эки жылдан ашты. Кээ бир үй-бүлөлөрдүн абалы оорлошуп, жумалап, айлап казаны кайнабай калган учурлар да болду.

Таң эрте мектепке кирип келе жаткан балдар-кыздарды көрүп жүрөгүм эзилет. Кичинекей кыздар “таш галоштор” жана эски жупуну кийимдер менен келишет. “Таш галоштор” мектептин плита капталган залында такылдатып үн чыгарат. Мамлекет деңиздеги кампасы бузулуп калган кемедей чайпалып, агым кайда агызып кетип жатканын эч ким билбейт.

...Целофан баштыкчага тапкан-тутканымды салып алып, сексен беш жаштан ашкан Шарапат таежемди көрүп келүү үчүн жөнөдүм. Ошол учурда туугандардын арасында жашы эң эле улуусу Шарапат таежем болчу. Элге келген той демекчи, замана куруп жашоо абалыбыз оор болуп кеткенине карабай, таежемдин тилинен ширин сөз арылган жок. Ак көңүл, жөнөкөйлүгү, ага төп келген ширин сөздүгү таежемдин жүзүнөн нур балкыткандай. Бул нур анын жанында аңгемелешип отурган ар бир адамдын көңүлүн жибитип жиберет десем аша чаппаймын.

Таежем менен учурашканыбыздан кийин ал бата бермекке алаканын жайды. Эл-журтубузга, мамлекетибизге тынчтык, амандык тиледи. Андан соң менин ал-абалымдан сурап кирди.

– Өзүң амансыңбы, бала-чакаң жакшыбы, иштериң кандай? Апаң жакшыбы? Дагы эле тигүү-бычуу менен алекпи? Анын тигүү машинасы тынчыбады-тынчыбады да. Түндү-түн, күндү-күн дебей кылдыратып, бычып-тигип, элдин бергенин аз-көп дебей, баарына канаат кылып, сегиз жетимди чоңойтту. Силер окудуңар, үйлөнүп-жайландыңар. Иши кылып күч-кубат берсин, кудайым! Мектебиң кыйнаган жокпу? Мугалимдериң башка жумуштарга кетип калып жатат деп уктум. Анда кандай болот?

– Баары жакшы болот. Эч кыжаалат болбоңуз. Өзүңүздөн сүйлөңүз. Ден-соолугуңуз кандай? Тиричилик кандай болуп жатат?

– Кудайга шүгүр. Наалый турган жерим жок.

– Тамак-ашыңыздар жетиштүүбү?

– Барына шүгүр балам, барына...

Таежем дастаркондогу арпа уну аралаштырылып жабылган кебектүү нанды ушатып болуп, чыныга чай куюп мага узатты.

– Ысык нандан ал, балам! Мына бул жездең өстүргөн өрүктүн кагы.

– Чайнекти мага бериңиз, чайды мен куюп берейин! – дедим таежеме.

– Кудай жалгасын, ала кой, ботом, – деп чайнекти мага узатты да, эшик жакка карап үн катты: – Яйра, кайдасың кызым, бул жакка карачы!

Бөлмөгө неберелеринин бири кирип келди. Таежем белбоого эки нанды түйүп, анын колуна карматты да:

– Муну ылдыйкы көчөдөгү эшендин үйүнө жеткирип бересиң. Чоң энем берди, жер ээлеринин акысына бата окуп коёт экенсиз дейсиң! Кайра бат кайтып кел! – деп дайындады.

Мен аябай таң калып сурадым:

– Кайсы жердин ээлерине тилават окуттурасыз?

– Кайсы жер болмок эле? Мына ушул жашап жаткан үйүбүздүн ээлерине да.

– Бул жерди Совет өкмөтүнүн учурунда ыраматылык жездем алып, мыйзамдын негизинде үй салынган эмес беле?

– Туура, өкмөт мыйзамдын негизинде бергени менен мурда бул жерлерди “баланчанын” жери дешчү. Руху үмүткөр болуп турабы, ошондуктан алардын акысына жыл сайын Куран тилават багыштоо шарт. Себеби өткөндөр ыраазы болбосо, Кудай ыраазы болбосо, орозгерден береке кетет, тынчтык болбойт. Пендесинин жарык дүйнөдөгү ар бир күнү Алланын ыраазычылыгы менен өтсө жакшы да. Үйгө коноктоп, Куран тилават окутканга эмне жетсин! Бирок кичүү келиндин оорукчандыгын билесиң, аны убарага салбайын деп ушул жолду тандадым! Ылайым эле эшендин батасы кабыл болсун!

Таежем ошол учурда молдону үйүнө чакырып, Куран тилават окутууну бир да оозуна алган жок. Жана дубага кол ачып, өткөндөрдүн акысына бата кылды, тирүүлөргө аманчылык, бүт эл-журттун жашоосуна кут-береке тиледи. Адамдар нан табуу үчүн гана тырышып, көңүлүнө башка эч нерсе сыйбай калган

учурда мурда жашап, көзү өткөндөрдүн рухун ыраазы кылуу керек деп билген таежем бул түшүнүгү менен көз алдымда даанышман сыяктанып кеткендей болду. Дагы суроо узаттым:

– Таеже, бардык нерсе жетиштүү дейсиз. Дүкөндөрдө ун жок. Элдин колунда жетишээрлик акча жок. Күн сайын эки “буханка” нан бирөөгө жетип, бирөөгө жетпей калып жатат. Данды уурдап кетип жатат. Адамдар бардык нерсесин өздөрү уктачу бөлмөсүнө катып сактап жатат. Сиздерде буудай барбы?

– Бар, балам, баары бар, Кудайга шүгүр, бар!

– Канаке, кайда турат? Мурда пешайбанда турчу эле буудайыңыздар. Азыр эмнегедир көзүмө илинбей жатат го?!

– Бар, кургап турсун деп ичкери үйгө койгонбуз. Бар десең берекесин берет, жок десең жокчулук келе берет, балам. Кудайга шүгүр, буудайыбыз бар.

– Канаке, бул жерде да кап көрүнбөйт ко?

– Мына, жанында эле турат! – деп биз отурган үйдүн бурчунда үстүнө кызыл гүлдүү жакандоз таштап коюлган, томпойгон жерге ишарат кылды таежем. Мен сандалдан чыгып, жакандозду көтөрүп көрдүм. Анын астында жарым кап чыгар-чыкпас буудай турган экен.

– Балам, менден кабатыр болбогула. Түзүк элемин. Кудайга шүгүр, баары бар. Мына көрөсүң, бат эле заманыбыз оңолуп кетет. Мындай күндөр илгери көп болгон. Нанды жок деген туура эмес. Супарадагы унду кагып кайнаткан убактар да болгон. Жокчулук башкача болот, балам…

Мээмде ар түрдүү ой-пикирлер ызылдап айлана баштады: азыр январь айы. Оорукчан келин, жумушсуз, айлыксыз уул, бир этек неберелерге жарым кап ун канчалык убакка жетет? Сексен беш жаштан ашкан кемпирдин тилинен кайнап чыгып жаткан шүгүрчүлүк, токтоолук, жашоого, жаркыраган келечекке чоң үмүт, Жаратკандын берген ырыскысына канагат кылуу, ыраазычылык, чыдамкайлык кайдан чыгып жатат? Тилинен Алла түшпөй, шүгүр кылат, жарык дүйнөгө келгени, жашап жаткан жери үчүн ата-энесине жана дагы кимдир-бирөөлөргө өзүн карызмын деп эсептейт. Аманат дүйнөдө жолоочудай

сабырдуу кармайт өзүн. Анын ар бир жөнөкөй сөзүндө терең философия, ойчулдук бар, ойлоп аягына жетпеймин.

Жетимдикте чоңоюп, оор күндөрдү көрүп, ачарчылык, жокчулук, кымбатчылык, каатчылык, жугуштуу оорулардын заманын да, токчулук, молчулуктун заманын да өз башынан өткөргөн инсандын картайган мезгилинде татаал шартта да турмушунун кыйынчылыгына наалыбай, кайра Аллага шүгүрчүлүк айтуусу мага чыныгы баатырдыктай болуп туюлду. Тагдырдын мындай ачуу сыноолоруна туруштук бере албай, сакайбас ооруларга чалдыккандар, болор-болбос нерселерге ачууланып, чырдашып, бири-биринин жакасынан алгандар, башкалардын аманатына көз арткандар бул заманда аябай көп эле. Бирок таежемдин бул сыноолорго карата өзгөчө дүйнө таанымы мени аябай таң калтырды. Анын маегинен кудум окуп жаткан кызыктуу романымдын аянычтуу окуялары бат эле аяктап, кубанычтуу барактары башталчудай маанини туюп, жеңил дем алгандай болдум.

Сабырдын түбү сары алтын демекчи, таежем ошол сыноолорду да сабырдуулук менен жеңе алды. Барга көппөй, жокко чөкпөй, шүгүрчүлүк менен жүргөндүгүнөнбү, Алла да ага узак өмүр берип сыйлады окшойт. Таежем сыяктуу улуу, аруу тилек инсандардын батасы кабыл болуп, ак төөнүн карды жарылган заман келди. “Кыш өлтүрбө, жаз өлтүр, ач өлтүрбө, ток өлтүр” демекчи, таежем токчулук заманда, токсондон ашып, жүз жашка жакындап, улуу арапа күндөрү ааламдан өттү.

Таежемдин төрдө периште сыяктанып илинип турган сүрөтүнө карап, анын коңгуроодой үнүн кайра уккандай боломун:

“Барына шүгүр, балам. Жокчулук башкача болот...”

**Кудайберди Холлиев,**
**Түркмөнстан**

## БАЛЫКСЫЗ БУЛУТТАР

Сардар бүгүн самолётто уча тургандыгын угуп аябай кубанды. Себеби ал көгүлтүр асманды, булуттардан да бийиктикти көрүүнү качантан бери арзуу кылып жүргөн болчу. Мына бүгүн ошол ою ишке аша турган болду...

Самолёт тегиз жолдо термеле-термеле тездигин ашырып барды да, өйдө көтөрүлүп жөнөдү. Чоң аба лайнери жеңил чайпалды. Жүрөгү шуулдап кеткен Сардар акырын ары-бери жагына карап койду. Жанындагылар баары тынч эле отурушат. Алардын бардыгынын самолётто учкандан коркпостугу байкалып турат. Эмне, Сардар коркобу? Эч коркпойт да, анын айнектен сыртка кароого да кудурети жетет.

Самолёт бир пас абада сүзүп барды да, капкара булуттардан да бийикке чыгып алды. Сыртка тиктеп отурган Сардар атасына суроо узатты:

– Ата, бул эмне?

– Булут, уулум.

– Булуттар асманда эмне кылат?

– Булуттарбы? Алар жерге кар, жамгыр жаадырат.

– Кандай кылып?

– Уулум, булуттардын ичинде суусу көп.

– Суусу көп? Ошол суунун ичинде балыгы да барбы?

– Жок, уулум. Бул суунун ичинде балык болбойт.

Атасынын сөзүнөн улам Сардардын маанайы түшүп кетти. Ал балыксыз булуттарга көңүл бурбай койду.

Самолёт асманда учпай эле, кудум көзгө көрүнбөс жипке асылып тургандай. Ылдыйда калган булуттар акырын самолётко каршы сүзүшөт. Эми алар Сардар дайым жерден байкап, кызыккансып караганы менен булуттар эмес эле, кургатуу үчүн жерге жайып коюлган жүнгө же кебез кырманы үйүлүп жаткан майданга окшоп кетти. Көрө турган башка нерсе жок болгондугунан Сардар атасына кайра суроо бере баштады.

– Ата, асман канакей?

– Мына ушул боштук асман болот, балам.

– Анда асмандын башы кайда?

– Асмандын башы абдан алыста. Биздин самолёт ал жакка бара албайт.

Сардардын көңүлү кайрадан чөктү. Ал ылдыйдан тиктегенде алыс-алыстагы көгүлтүр асмандын төбөсүн аябай көргүсү келген болчу. Самолёт учуп бараткан жерди ал ылдыйда туруп эле жакшы көрө алат болчу. Булуттар кайра жерден сонун көрүнчү эле. Ичинде балыгы болбогон соң, алардын суусунун эмне кереги бар?!

Ал бул абалдан тажады. Чындыгында, бул ааламда жашап жаткан жериңден кызыгыраак жана жакшыраак жай жок тура. Ошол учурда Сардар өз жерине бат эле кайтып түшкүсү келип кетти.

**Холгер Пукк**
**Эстония**

## ДААНЫШМАНДЫКТЫН ҮРӨНҮ

Бариндин башына оор иш түшүп калды. Ал даанышмандыктын үрөнүн жоготуп койгон болчу.

Барин сарай жакка жол алды. Өзүнчө үрөн ошол жерде болсо керек деп ойлогон.

– Кеңешчини чакыр! – деп кыйкырды барин. Ал бат эле жетип келди. Бирок барин кеңешүү тууралуу ойлогон да жок. Себеби анда башка даанышмандык үрөнү жок, ошондуктан тобокелдикке барса да шашылыш чараларды колдонбосо болбойт, убакыт тар болуп жатат, убакыт данакер.

Чыдамы кетип буйрук бере баштады:

– Куштарды чакыр! Миң чактысын! Канча көп болсо, ошончо жакшы! Үрөндү таап келишсин! Куштар дан издеп тапканга уста келишет!

Кеңешчи көздөрүн ирмеп-ирмеп койду. Ал эмне кылсын? Бариндин ар бир сөзү – мыйзам.

Кеңешчи барин айткандай, куштарды чакырды. Жүз, миңин, чоң-кичинесин...

Сарай кушка толуп кетти. Бири-биринен өтүп чуркурашат, чарылдашат, топтолушуп какылдашат, уйкусурашат, түртүнүшөт. Асманга тыйын-тыпыр ыргытсаң жерге түшпөйт. Куштардын деңизи дейсиң көрүп.

Бул топтолгондон чыккан чаң тамга чейин көтөрүлөт. Чуру-чуу үндөр үч чакырым нарыдан да даана угулат.

Сарай короосунда үч тоок турат. Алар тополоңду көрүп, баш чайкашат. Анан унчукпай жерди тыта башташты. Үрөндү издөөгө киришишти. Аларга мындай мүмкүнчүлүк башка учурда келеби-жокпу кудай билет. Курсак тойгузуп, жумуртка тууп, жөжө чыгаруу...

Куштардын деңизи толкундагандан-толкундайт. Бирок эч кандай тыянак жок. Ур-сүр, чаң-тополоң. Тозгон канаттар. Айла таппай учуп кетишти. Даанышмандык үрөнү табылбады.

Бариндин эч нерсеге көңүлү жок, ары-бери басат. Эч бир пайдасы жок маанисиз буйруктарды берет. Кеңешчи аябай убарада. Аны айдап жиберет го! Үрөн жок, кеңешчиге балээ барбы?

– Кук-кук-кук", – үч тоок ары-бери чуркашты, какылдашты, жерди тытышты. Ар бир кадамды чукуп көрүштү.

Сарай жымжырт. Жанагы чаң-тополоң басылды.

Ушинтип жүрүп үрөн табылды. Сарайга кире бериште, коолап өсүп кеткен чөптөрдүн астынан табылды. Барин дарбазага жөөлөшүп кеткенде түшүрүп койгон болсо керек.

–Кук-кук-кук, – деп какылдады тоок үрөн табылганын сүйүнчүлөп.

Калгандары да анын жанына чуркап келишти. Алар үчөөлөп бул табылганы абдан издешкен эле. Үрөн абдан кичинекей, кургак, бүрүшүп калган. Ушул үрөн үчүн ур-сүр, чаң-тополоң болбодубу!

Тооктор өз ара кеңешип жатканда, кеңешчи чыга келди. Башын чеңгелдеген, көзүндө – жаш... Абалы аянычтуу. Эми баринге кеңешчинин кереги жок! Себеби ал өзү акылдуу...

Тooктордун бири даанышмандык үрөнүн тумшугу менен көтөрүп, кеңешчиге жандап барды. Үрөндү ал түшүп келе жаткан тепкичке акырын койду:

– Как-как-каа... Мына үрөн!

Кеңешчи алгач эч нерсени байкабады. Көз айнегин тагынып чөгөлөдү. Ошондо көзү үрөндү көрдү...

– Ой, кудайга шүгүр! – деп ал кыйкырып жиберди. – Мен өз ордумда каламын!

Ушинтип сүйүнүп кетти кеңешчи. Ал үрөндү алаканына салып, ичкериге көздөй чуркады.

– Как-как-ка... – деп тooктор жайларына кайтышты да, өз жумуштарын аткарууга киришишти.

Кечкурун сарайда чоң майрам болду. Бариндин көздөрү күлүңдөйт, жайдары. Кеңешчисин чоң кызматка көтөрдү.

Үч тоок да сыйдын үстүндө. Дастаркон жайнаган...

**Дилмурад Хошимурадов,**
**Тажикстан**

## АРМАН

Бүгүн Хуршит төрт жашка толот эмеспи. Анвар көптөн бери уулунун туулган күнүндө аны көтөрүп алып шаарды кыдыртууну, каалаган нерсесин алып берип баласын кубандырууну ниет кылып жүргөн болчу. Ошондуктан жумушунан суранып, эртерээк үйүнө кайтты. Жол ката эң жакын досу Саматка чалып: "Кечинде аяш менен үйгө келгиле", – деп дайындап да койду.

Иштечү жери менен үйүнүн аралыгы жөө басканда жыйырма мүнөттүк жол болсо да, Анвар андай-мындай жумуштарга алаксып жүрүп бир сааттар чамасында үйүнө жетип келди. Адаттагыдай коңгуроону чалып отурбай, өзүнүн ачкычы менен эле эшикти ачты. "Апасы, ай, апасы! Биз келдик", – деп койду. Ошол замат ашкана жактан аялынын үнү угулду:

– Келе бериңиз, биз бул жактабыз.

– Канакей, юбиляр батыраак кийинсинчи, шаарды бир кыдырып келели.

Ошол кечте ата-бала бир канча убакка чейин сейилдешти: дүкөндөрдү кыдырышып, үч-төрт оюнчук жана бир сонун шортик сатып алышты, балмуздак жешти, эс алуу багына кирип, оюнчук аттарга миништи.

Үйгө кайтып жатышканда уулун бир колуна, буюмдарды бир колуна көтөрүп келатып чарчаган Анвар кичине демин басып алуу үчүн жолдун боюндагы отургучка көчүк басты.

Хуршит жөн отурбай, атасы алып берген оюнчук автоматы менен тарылдатып, бактын ары-бери жагында сейилдеп жүрүшкөндөрдү "атып ойноп" жаткан. Ушул чакта арыраактан велосипед минип бири-бирин кубалап эки бала өтүп калды. Алдыда бара жаткан чоңураак бала арттагы кичинекей балага жеткирбей велосипедин катуу айдап баратты. Алардын шаттуу кыйкырыгы Хурш иттин да көңүлүн аябай бурду окшойт, эки баланын артынан көпкө чейин кызыгып карап калды. Анан күтүүсүздөн эле атасынан сурап калды:

– Ата, мага велосипед алып бербедиңиз го?!.

– Ошончо оюнчуктарың бар го, уулум, велосипедди эмне кыласың?

– Мен дагы ушул балдардай жыргап айдамакмын да!

Анвар эмне дешин билбей элейип калды. Бирок бат эле өзүн кармаганга аракеттенип, бир жактан уулунун көңүлүн оорутуп койбостук үчүн: "Чоңойсоң, албетте алып берем", – деп койду.

– Ага чейин буттарым да жакшы болуп калат да, ыя, ата?..

Баласынын бул сөздөрү эми Анварды бычаксыз эле сойгондой болду. Анын көзү караңгылашып, тамагына ачуу бир нерсе келип тыгылган сыяктанды. Баласы менен үйүнө кантип жетип келгенин өзү да билбей калды...

Эч кимди эч нерсеге зар кылбасын иши кылса. Эки-үч жыл бою ар кимдин: "Жаш эле турбайсыңарбы, силерге окшоп көпкө чейин жүрүп балалуу болгондор жокпу?" деген сөздөрү Анвардын жүрөгүндө алгач үмүт учкундарын алоолонткон болсо, кийинчерээк буга окшогон сөздөр ага оор тие турган. Көчөдө баласын жетелеп бара жаткан теңтуштарын көргөндө көңүлү өксүй турган болуп калды. Мурда кээ бирөөлөр билип-билбей

"Бала-чакаң жакшыбы?" деп сурап калса, тамашалашып, күлүп, жооп кайтара турган жигиттин эми бирөө менен ал-абал сурашканга да жүрөгү сызылат. Анвардын кылбаган ырым-жырымы, барбаган дарыгери калбады. Эмне болгонда да, кудай оң жакка баштап, борбордогу белгилүү профессорго аялы менен барып, дарыланып келген соң, сүйүктүү Манзурасы үч ай дегенде, анан сүйүнчүлөбөдүбү. Бирок балалуу болушканга чейин ал бир жаман жорук баштады, ичкиликке берилип кетти. Туура, кээ бирөөлөргө окшоп ичкенден кийин туш келген жерде оонап калбайт, же чыр-чатак, жаңжал чыгарбайт, бирок үйгө келип, көз жашын көлдөтүп, ыйлаганы-ыйлаган. Билгисиз эле себептер менен көп иччү. Ушул жол менен өзүнчө жүрөгүн өйүгөн көйгөйүн бир аз болсо да унуткандай болор эле…

Мына, беш күндөн бери Анвар өзүн койгонго жай таппайт, кубанычы койнуна батпайт. Себеби алты жылдан бери арман менен өткөргөн түндөрү артта калып, зарыгып, көздөрү төрт болуп күткөн олуттуу окуяга туш болду жашоосунда. Алар уулдуу болушту!..

Алтынчы күнү саар менен төрөт үйүнүн кире беришинде аялын күтүп турган. Ошол кезде Анвардан медайым сурады:

– Саламатсызбы?

– Саламатчылык.

– Кечиресиз, сиз Обидова Манзуранын күйөөсү болосузбу?

– Ооба, эмнеге сурап жатасыңар?

– Дарыгер сизди келгенде мага бир жолугуп кетсин деген болчу…

Анвар дарыгердин кабылдамасынан оор бир арман менен чыкты. Дарыгердин айтышынча, алкоголдун таасиринде наристенин буттары шал болуп төрөлүптүр.

Ошондон бери Анварды мына ушул арман кыйнап келет. Анын үстүнө, бул арманды ал жүрөгүнө өз колу менен салганын ойлосо, кечирип болбой турган күнөө кылгандай же кылмышкердей сезип кетет өзүн. Ошондой учурларда оюнда бүт дүкөндөрдөгү ичимдиктердин баарын чогултуп, бүтүндөй жерге ыргытып талкалагысы, жок кылып жибергиси келет.

Бирок айла канча, күнөө бир эле аракта беле?..

**Герберт Бейтс,**
**Улуу Британия**

# УУЛУУ КЕМПИРЛЕР

Сиз эми төрт жашка толгонуңузда, жети саны жүздөн көп, беш дюйм (чен системасындагы узундуктун үлүштүк бирдиги 1д–1/2=00,0254м.) – бүтүн баштуу миль (бир миль чамалап айтканда 1,6 километрге тең) болгондой туюлат.

Бен жети жашта, мен болсом эми төрт жашка толдум, анын бою меникинен беш дюйм бийик.

Бен артына шапалактай териден жамаачы салынган баркыт ыштан кийип жүрөт, анын үстүнө, эки жагы миздүү, ичке курч тиштүү жана курч мүйүз саптуу бир укмуштуу бычагы бар.

– Дубалдан ашып өтсөк эле алчазар башталат – деди Бен, – кийин биз уулуу мөмөлөр асылып жаткан жерге жетип барабыз. Абайла, мөмөлөрдөн оозуңа сала көрбө, макулбу? Накта өлөсүң, э! Бир жолу уучума толтура салып жеп алып, түнү менен өлүп кала жаздаганмын.

– Чын элеби?

– Чын.

– Өлгөн кандай болорун билдиңби?

– Алгач ичим аябай катуу ооруду, – деди Бен. – андан соң “гуу-гуу, бум-бум” деп башым ооруду... Эч бир токтосочу.

– Көңүлүң айныдыбы?

– Ооба, жөн эле көңүлүм айланып, ары барып-бери келдим, – деди Бен, – бөлмөнүн шыбынан көзүмө майда-майда кара нокоттой болгон кичинекей-кичинекей карыя кишилер көрүндү. Алар жөн эле бийлеп, мени маскаралап шылдыңдагандай болгон. Кудум Перси чоң атам ичип алып, “Юникериндеn” үйгө кайтканда эңги-деңги болуп каалгып келгендеги абалына окшогондой боло түшкөм.

– Өлгүм келбейт, – дедим мен. – Өлүмүш болуп көрүнүүнү да каалабайм.

– Анда жакшы, уулуу мөмөлөрдү байкабай жеп алып жүрбө, ал мөмөлөр кандай экенин билесиң да?

– Жо-ок…

– Мына мындай, кээ бирлери кызыл, кээ бирлери кара өңдүү болот – деди Бен. – Бирок экөө тең көңүлүңдү айнытып, ичиңди оорутат… Денең чымырап, ыйлап жибере турган абалга түшөсүң.

Мен карагат бадалдарынан турган тосмонун жанында бекинип жатам, төбөмдө, августтун чексиз асманында мөмөлүү өсүмдүктөрдүн шактары кудум ак скелеттерден турган сакчыларга окшоп какайып турат.

– Эмнени күтүп жатабыз? – деп сурадым андан.

Бен бычагын алып кынынан сууруду.

– Мен алгач байкап көрөйүн, тыңчылар жокпу? – деди Бен. – Сен азырынча ушул жерде жата тур.

– Көпкө күтөмбү?

– Мен эмгектеп барып келгенимче, – деди Бен. – Кыймылдабай, башыңды көтөрбөй, үн чыгарбай отур, кайра кайталаймын, уулуу мөмөлөрдөн оозуңа сала көрбө.

– Жок… жебеймин.

Бен бычагын бир силкти эле, кара карагаттын сөңгөгүнө барып сайылды.

– Оси Тенерди тааныйсыңбы? – деп сурады ал.

– Албетте, тааныймын!

– Эрини тырык Оси бир бутун сүйрөп, колтугу менен таяк таянып жүрчү. Ага жолукканда абалын көрүп дайыма боорум ооручу. – Бен сөзүн улантты, – Эмнеликтен Оси мындай болуп калганын билесиңби? Ал ушул жерден ашып түшүп жаткан учурда тыңчылардан абайлаган эмес, байкабай калган… Ошондо аны кармап алып майып кылып коюшкан.

– Ким кармап алган?

Бен бычагын колуна кармап, мени жалгыз калтырып, жөрмөлөп кетип калды.

– Ким болот эле? Уулуу кемпирлер да… – деди ал, – алар ары жакта, ылдый жактагы үйдө жашашат. Эсиңдеби, сага айтып берген элем. Азыр биз көрмөкчү болуп барып жатканыбыз ошол коркунучтуу эки кемпир да!

Бен алга карай эмгектеп кетти да, анын ыштанындагы коңур түстүү териден тигилген жамак бир паста көздөн кайым болду. Төгүлгөн жалбырактардын үстүндө жалгыз, көзүмдү чылк жумуп жатып торгойдун үнүн тыңшадым. Торгойдун сайраганын абдан жакшы көрөм.

– Бирок азыр сентябрь айы жакындап калган мындай ысык күндө чөп-чарлардын арасында үнүнүн барынча чырылдап жаткан чегирткенин дабышынан башка эмнени деле укмак элең!

Бен кайтып келгенче арадан туптуура элүү жыл өтүп кетти. Элүү жылдыгын анык билем, өзүм эсептеп жаткам.

– Эч кандай из жок, – деди Бен.

– Мен уулуу мөмөлөрдөн жегеним жок, эч кайсы биринен...

– Канакей, тилиңди чыгар, көрөйүнчү?

Тилим кудум чочуп кеткен кескелдириктин тили сымал сунулду. Бен көздөрү алайып оозумду карады да, ачуу менен мындай деди:

– Макул. Кеттик. Башка... Демиңди чыгарба.

– Алыстабы?

– Эх-хе-е, алыс-алыс дейсиң, ит өлгөн жерде... Бир нече миль келет го, – деди Бен. Алгач чыйыр жол менен ылдыйга түшөбүз, Акки-Дүктүн астынан өтөбүз.

Акки-Дүк эмне экенин билбейт элем. “Алда кандай куш болсо керек” деп ойлодум өзүмчө.

– Бул – көпүрөгө окшогон жай, – деди Бен. – Анын асты капкараңгы. Үстүнөн суу акчу жер.

– Уулуу кемпирлер ошол жерде турушабы?

– Жок, кичине арыраакта, – деди Бен. – Биз Акки-Дүктүн астына бекинип алабыз, ошондо сен акырын байкап барып аларды көрсөң болот.

Караңгы карагайзардан аралап өтүп, чыйыр жолго чыгып, көк-жашыл мөмөлүү алчазарларды аралап барып жатканыбызда коркконумдан жүрөгүм жарылып кете жаздады.

Бенге жетип жанаша сүйлөшүп барабыз деп ойлогон элем, бирок ал ошол замат бычагын чыгарып алып мындай деди:

– Артыман жүр. Мен командирмин. Жолду мен билем, түшүнүктүүбү? Бир кооптуу жер бар-жоктугун билүү үчүн мен

ал жерге биринчи болуп барышым керек. Ушундай. Билесиңби, болбосо сени да Оси чолоктой майып кылып салышат. Түшүндүңбү?

– Ооба, Бен, түшүндүм...

Арадан көп убакыт өтпөй койлорду кириитчү каналдын жээгине жетип келдик.

– Сууну карачы, – деди Бен. – Алтын түскө айланып, кулпуруп агып жатканын көрдүңбү? Уулуу болгондугу үчүн алтын түспөлдү көрүнөт. Жада калса, колуңду жуусаң өлтүрөт.

Каналдын аркы өйүзүндө, бардык жерди көкмөк шибер каптап, нымдуу топуракта саябандуу, кудум пилдей келген чоң-чоң козу карындар өсүп турат. Бен аларды да уулуу деди.

– Артыман жүр.... – деди ал. – Артыман жүр. Эңкейип ал. Акки-Дүккө жакындап келатабыз.

Бир аздан соң биз көпүрөнүн астында эңкейип туруп калдык. Бат эле үшүп кеттик. Көпүрөнүн тумбасынын кыштарынын арасынан сызылып тамчылар түшүп жатат. Бен бул жерде велосипеддин насосу сыяктуу узун-узун шактуу, шалгамдай чоң музоо баштар (же үлүлдөр) бар экенин айтты.

– Жылан, кескелдирик, келемиш да бар. Ат кошулган шайтан араба да болот..

– Алар да уулуубу?

– Ананчы. Бул жерде бардык нерсе уулуу!

Бендин этегин кармап, “ат минмей” ойномок болгон элем, ал “жок” деди: кайра арыраакка барып тыңчы бар-жоктугун билип келүүсү зарыл деди. Мага ал ышкырмайынча ушул жашыруун жайда бекинип туруумду айтты. Бен Акки-Дүктүн ары жагына, күндүн нуру түшүп турган жайга барып тыңчылар жөнүндө билип келгенче караңгы күмбөздүн астында жалгыз өзүм бекинип күтүп тура бердим. Эч кандай музоо баш, кескелдирик, жылан же ат кошулган шайтан арабаны көрбөдүм.

Бен ышкырганда кокустан чочуй түшүп, карайып турган көлчөктүн үстүнөн секирип өттүм.

– Шалпылдатпа! Эмне балээ, мас эмессиңби? – деди мага Бен. – Алар угуп калышат! Билесиңби, кемпирлердин кулагы

чоң-чоң, кудум карт чочколордукундай жондоруна асылып түшүп турат.

Мен күнөскө чыгып алганча аябай титиреп кеттим окшойт, аны баамдап калган Бен суроо берди:

– Эч нерседен коркпойсуң ээ, туурабы?

– Туура, – дедим мен. – Коркпоймун. Мен кичинекей бала эмесмин го.

– Абайла, эгер корксоң бат сезип калышат, – деди Бен. – Анда экөөбүздү тең казанга тыгышат.

– Эмнеге? Эмне үчүн?

– Кайнатып бышыруу үчүн да. Эмне, өзүңдүн акылың жетпейби? – деди Бен. – Экөөбүздү бышыруу үчүн... Түшүнгөндүрсүң?

– Жана мени уулашкан деди элең го.

– Эмне болуптур. Кудум ошондой да кылышат: алгач ууландырышат, анан бышырышат.

Мени бирдеме деп сөз айтканга үлгүртпөй Бен колун алга карай созуп:

– Ана... алар жашай турган үй... – деп калды.

Алды жагыбызда бизден элүү ярд (бир ярд – 90 см) нарыда тамына жашыл чатыр жабылган, мору калпак сыяктуу кыштуу үй көрүнүп турган. Үй жарым чалдыбар: чатырынын жарымы бузулган, терезелердеги айнектердин көбү сынык эле.

Үйгө жакыныраак келгенибизде, чарбакта жумуртка сымал көкмөк мөмөлөрү күн нурунда жалтыраган кайналы дарактарына көзүм түштү. Бардык жагын чөп басып жаткан тооккана турат. Бул жай жанагы жерден анча жылуураак туюлуп кетти. Айлана-чөйрөдөн чегирткелердин чырылдаганы угулуп турат.

Үйдө эч ким жок окшобойбу. Бен колдорун силкип мындай деди:

– Ах-ха! Ошондой деп ойлоп жатасыңбы? Кемпирлерге да кудум ошол керек. Эх, сени кара!

– Аларга мунун эмне кереги бар?

– Эмне кереги бар имиш?... Билсең, алар сенин дубалга чыгып кайналыдан жулуп алууңду байкап турушат, эми жулуп

алайын дегенинде кемпирлер чуркап келип, желкеңден кармап калышат.

Дубалды бойлоп эмгектеп кетип жатканыбызда жүрөгүм үшүп кеткендей болду.

– Ылдыйраак жөрмөлө!.. – деп кайра-кайра шыбырады Бен. – Сезип калышпасын, эңкейип ал!...

Боз үйдүн нак оропарасына жеттик. Айнектери сынган терезелер, тамдагы жылаңач жыгачтар, морунун кара түтүн баскан калпак сымал башы даана көрүнүп турду. Биз жактан түшүп жаткан күндүн нуру айнектин сыныктарына чагылышат. Кайналынын мөмөлөрү бул жерден караганда чоң-чоң жана таттуу болуп туюлат, дарактардын айланасында аарылардын тобу дуулдап учуп жүрөт.

– Кайналынын бардыгы уулуу, – деди Бен, – жада калса, кемпирлер желкеден кармаса деле ууланасың. Эгер уудан өлбөсөң, аарылар чагып өлтүрөт.

Бирок үйдө бир тирүү жан билинбейт. Бен кокустан жонуман кармап, өйдө жакка карап акырын минтти:

– Ошол жерде... алар ошол жерде. Азырынча бирөө эле окшойт. Бизди байкап жатат....

– Канакей? Кайда?

– Өйдөдө, тиги терезеде. Сол жакта!

Мен дагы, Бен дагы, колубуздун кайсы бири сол, кайсы бири оң экенин биле албай туруп калдык. Бирок ал бычак кармаган колу менен көрсөткөн өйдө кабаттын оң жагындагы терезесине карадым: ал жерде эч ким жок эле.

– Аны көрүп жатасыңбы? – деп сурады Бен. – Апакай чачынын өрүмү узун экен. Шалпаң кулактары да көрүнүп турат.

Алгач биринчи, анан экинчи кабаттагы терезелерге көз салып, айнектерден башка эч нерсени байкабадым.

– Бир дагы тиши жок окшойт, – деди Бен. – Оозу жап-жашыл.

Бенге эч нерсени көрбөй жатам дегенге жүрөгүм даабады. Ал кайра жонума жабышты.

– Экинчиси да ушул жерде экен!... – деп шыбырады ал. – Биринчи кабатта. Буй-буй, анысынын көздөрү сапсары экен!

Жүрөгүм дүкүлдөп, денем дүркүрөп кетти.

– Буй-буй! Чоң-чоң көздөрү сап-сары турбайбы, – деп сөзүн улантты Бен, – сап-сары-э, кудум үкүнүкүнө окшойт-э!...

Бирок астыңкы терезелер бопбош эле. Сары нерсе – учуп жаткан аарылардын уюгу эле.

– Кандай экен? Бир нерсени көрбөй жатасыңбы? – деп сурады Бен.

– Жок, көрбөй жатам...

Ал бурулуп мага шылдыңдагандай карап койду.

– Ы-я! Мындайда бир нерсе көрчү белең деги? Аңырайып турушуңду кара! Мына, мындай кылып кара, эми көрдүңбү?

Бен көзүн жүлжүйтүп көрсөттү.

– Байкуш үкүлөр караңгыда да көрө алышат, – деди ал. – Жада калса, биз көрө албаган нерслерди да көрүшөт. Ушуну билесиңби?

Мен билчү элем, атам да айтып берген. Мен кудум Бенге окшотуп көзүмдү жүлжүйтүп алдым.

Ошентип кайра үй жакка карадым. Бен айткандын бардыгы туура чыкты. Терезелерде кудум байкуш сыяктуу бири өйдөдө, бири ылдыйда отурган эки кемпирдин бири сап-сары көздүү, экинчиси жашыл ооздуу, узун ак чачтуу-уулуу эки кемпирди мен да көрдүм. Экөөсүнүн тең кулактары аябай чоң эле.

– Аларды эми көрдүм, Бен – дедим шашып. – Эми көрүп жатам!

– Абайла! Кемпирлер бул жакка келе жатышат! – деп кыйкырып жиберди Бен. – Алар биз жакка чуркап келе жатышат!

Биз корkконубуздан бат эле аарыларды да, Акки-Дүктү да, козу карындарды, алтын түспөлдүү уулуу сууларды, малкананы да артта калтырып, качып жөнөдүк.

Оозумдан ысык буу чыгып, бирок денем муздап, жүрөгүм коркконумдан алкымыма тыгылып калгандай болду.

Чыйыр жолдун өйдө жагындагы кең майданга чыкканча чуркай бердик. Ошул жерге келгенде Бен күлүп жиберди. Мен да кошулдум ага.

– Кемпирлерди көрдүк! – деп мен да кыйкырдым. – Кемпирлерди көрдүк!

Бен чөптөрдүн үстүнө томолонду. Биз кыткылыктап күлүп, колдорубузду силкип кыйкырдык:

– Мен анын сап-сары көздөрүн көрдүм!

– Апакай, узун чачтарын да!

– Чоң-чоң шалпаң кулактарын да!

Кокустан артыбызда, козу карындуу талаада карга каркылдап калды. Бен чочуп артына карады. Мен да чочуп кеттим.

– Кел, "ат минмей" ойнойбуз, – деди Бен. Үйгө чейин аттай чуркап барабыз.

– Мен ат болом, – дедим ага. Ылдам, суулукту тиштеп алдыга өттүм. Бен кемселимдин этегинен кармап алгандан соң, экөөбүз шамалдай учуп кеттик.

– Биз уулуу кемпирлерди көрдүк! – деп кыйкыра баштады Бен. – Биз уулуу кемпирлерди көрдүк!

– Алар артыбыздан кубалашты!

– Биз араң качып кутулдук!

– Миллион жылдан бери тырмактарын алышпаптыр!

Бен эмне деп кыйкырса, мен да ошону кайталай бердим. Ал күлсө, мен да күлө бердим. Эмнеге ишенсе, ошого ишене бердим. Ал коркподу, мен да коркподум. Мен да үйгө куюн сыяктуу учуп келаттым.

Сиз төрт жашка толгонуңузда, жети саны жүздөн көп, беш дюйм – бүтүн баштуу миль болуп туюлуусун эми түшүнгөн чыгарсыз...

**Ли Дон Сок,**
**Корея элдик демократиялык республикасы**

## ЧОЙМО МЫЛТЫК

Бүгүн Ен Намдын жашоосундагы эң кубанычтуу күн: ал өзүнө ача жыгачтан укмуштуу чоймо мылтык жасап алганына жетине албай жүргөн учуру.

Ен Нам өзүнө керектүү шакты күнү бою издеген, анан аны онтолоп-сонтолоп жүрүп жонгонго да көп аракеттенди. Анын эки учуна созмо байлады. Ача жыгач даяр болгон соң, аны балдарга бүгүн эле көрсөтүүгө ашыкты.

Ен Нам тепкичтен үчтөн аттап-буттап короо жакка чыкты. Майда-майда тоголок таштарды алаканына толтура терип келип, бирөөсүн ача жыгач менен алысты көздөй аткан эле – таш асманга зуулдап учуп кетти. Кап-кара чекит барып-барып көгүлтүр чексиздикте көздөн кайым болду.

Ур-р-ра!.. Ал кубанычы койнуна батпай ыргыштап-ыргыштап короонун ары жагынан-бери жагына чуркап чарчабайт: Син Чхолдун тезирээк чыга калуусун чыдамсыздык менен күтөт. Ен Намдын мындай укмуштуу чоймо мылтыгы бар экени ал жети уктаса да түшүнө кирбесе керек!

Жарым сааттан соң Ен Нам оолугуп эшикти ачты да, мектепте эң жакшы чоймо мылтыгы бар Сан Чхол менен аз жерден жөөлөшпөй калды.

– Мына, мына көрүп кой, сеникиден да жакшы! – деди Ен Нам ача жыгачын көрсөтүп, өзү да керсейип койду.

– Канаке, жүрчү, атып көрөбүз!

Алар чуркап көчөгө чыгышты. Ен Нам өзүнүн куралына ылайык олжо издеп айланага алаңдады.

Олжо да бат эле табыла калды: көчөдө кекирейип жай келаткан короз көрүндү.

– Ах-ха-а! – деп кубанып кетти Ен Нам, – Ача жыгачымдын кандай экенин азыр силерге көрсөтүп коёмун! – Ал созмосун чоюп атып жиберди эле – таш түз барып короздун канатына тийди.

– Кач! – деп кыйкырды Син Чхол жана экөө тапырап качып жөнөштү.

Бирок алардын бул ишин эч ким деле байкаган жок. Байкуш короз эле тентек балдардын шоктугунан боорукер тоокторго арызданып барды.

Эртеси күнү Ен Нам азанда ойгонду. Шашкалактап эртең мененки тамагын ичти да, чоймо мылтыгын бекем кармап мектебине чуркады. Мектептин короосунда классташтары топтолуп турган эле.

– Эй балдар, эй! – деп, аларга жетпей туруп эле кыйкырды Ен Нам, – мына муну көргүлө, мен кандай керемет ача жыгач жасадым! Мындай чоймо мылтык эч кимде жок.

– Чындап эле ача жыгач го, бирок мергени кандай болду экен? – деди алардын арасынан кимдир бирөө.

Ен Намдын төбө чачы тик турду:

– Билсеңер, эгер мен чоймо мылтыгым менен ата турган болсом, каалаган нерсеме түз тийгизем...

Дал ошол маалда мектеп короосуна биринчи партада отурчу кыз Сун И кирип келе жаткан.

– Ошонун баштыгына тийгизем! – деп оолукту Ен Нам.

Ал чоймосун чоюп, классташ кызынын баштыгын мээлеп калды.

– Ай!.. – деп Сун И колун кармаганча, “бай-байлап” кыйкырып калды: таш кыздын манжасына тийген эле. Балдар каккан казыктай Сун Иге карап калышты.

Ен Нам бир нерсе демекчи болуп ооз ачмак болду эле, коңгуроо кагылып, бардыгы чоймо мылтыгын бекитип класска чуркашты.

Бир нече мүнөттөн соң Сун Ини жетелеп мугалим кирип келди. Ен Нам жада калса мугалимге кароого жүрөгү даабай, жерге башын салып калды. Жүрөгү түрсүлдөп сого баштады. Азыр мугалим аны жанына чакырып, чөнтөгүн текшерет. Бир гана Ен Нам эмес, шоруң каткыр балдардын бардыгынын шоруна шорпо төгүлдү: эми баарынын чоймо мылтыктарын тартып алышат, ал аз келгенсип ата-энелерине да айтышат.

Сун И өз партасына барып отурду. Мугалим столдун жанына келди. Мына азыр... Бирок ал күткөндөй болбоду. Мугалим жаңы теманы түшүндүрө баштады, адаттагыдай маанайы ачык эле.

Күнү бою Ен Нам кудум ийненин үстүндө отургандай болду. Ал мугалимдин бир да сөзүн аңдаган жок, анын ордуна: “Билди бекен, же билбеди бекен? Сун И даттанып айтып салды бекен, же айтпады бекен?” – деп ойлой берди.

Сабак бүтүү. “Уф-ф!” – деп Ен Нам жеңил дем алып, китеп-дептерлерин жыйнай баштады.

– Билесиңерби, балдар, бүгүн кандай күн? – деп кокустан сурап калды мугалим.

– Билебиз, билебиз, – деп жооп беришти балдар, – бүгүн шейшемби.

– Туура, – деди жылмайып мугалим. – Бизде шейшемби күнү эмне болчу эле?

– Чогулуш!

Ен Нам кайра кабатырлана баштады. Демек, мугалим ал күткөндөн да бешбетер, окуучулардын жыйналышында уяткармакчы окшойт го. Сабакта эле урушканы дурус болмок!

Ен Нам кайра мугалимге көз кырын салды. Бирок эч түшүнө албады. Адаттагыдай эле жылмайгансып турат. “Эх!” – деп Ен Нам күрсүндү да, пионерлер жыйыны өткөрүлө турган жайга – тарых каанасына карай басты.

Ал жакка барса терезелер жабылган, дубалга ак шейшеп тартылган, терезенин жанында көчмө кино аппараты турат.

– Кино! Бүгүн кино болот турбайбы! – деп кубанышты балдар.

Ен Намдын жүзүнө кан жүгүргөндөй болду. Жүрөгү да ордуна келе түштү. Балдар жайланып олтуруп, мугалим чыракты өчүргөн соң экранда жоокерлер жөнүндөгү тарыхый фильм башталды.

...Өрттөлгөн шаарлар жана айылдар. Карыялар, балдар көчөлөрдө тентиген. Мына, душмандар бир кыштакка жапырт киришти. Алар үйлөрдү талап, тоок-каздарды бир четинен атып жатышат...

Кадрлар өтүп жатат...

Узун бойлуу жоокер каарданып бир жаш баланы мылтыктын башы менен катуу урду... Балдар ачууланып кыйкырып жиберишти, кыздар бышылдап ыйлашты.

Мугалим чыракты жакты.

– Эми балдар, ар бириңер ушул фильмди көргөндө эмнелер жөнүндө ойлогонуңарды айтып бергиле, – деди мугалим.

Окуучулардын баары ирети менен ордуларынан турушуп, өз мекендерин канчалык сүйгөндүктөрүн, аны душмандардан коргоо жөнүндөгү ой-пикирлерин айтышты.

Кезек Ен Намга келип жетти. Ал ошол чоймо мылтыгын колунда бекем уучтап, жерди карап турган эле.

– Мен эч качан... – деп араң шыбырады ал, – эч качан чоймо мылтык менен атпаймын. Бүгүн байкабай Сун Иге карай атып алыпмын... Мына, ошол чоймо мылтык, алыңыз...

Ал чоймо мылтыгын мугалимине сунду...

**Доро Алонсо,**
**Куба**

## НАЙЗАЛУУ БАЛЫК

Гилье менен анын жакын досу таңкы туманда бара жатышты. Таңкы жылдыз менен ай акырын асманда сүзүп барат.

Тизе бою келген шибердин муздак шүүдүрүмү балыкчынын жылаңайлак бутун үшүтүп, таманына таштар өтүп жатканын сезип баратты.

Алар таш жолду кесип өтүп, жапайы чөп баскан чыйыр жол менен бир аз жүрүп, деңиз боюна чыгышты.

Өйүздүн кырдуу таштардан турган жолу башталды. Бирок балыкчы бул жерде да таштардын курчтугун сезбегендей, шыдыр кадам таштайт. Аны ээрчип бараткан бала бат-бат чалынып, телтеңдей калат.

– Мен туулгандан бери кырдуу таштар менен жылаңаяк жүрө берип, үйрөнүп калган го деп ойлоп жатасыңбы? – деди балыкчы күрсүдөй күчтүү колдору менен анын жонунан кармап. – Өмүр бою кедейчиликте жашап, бала чагымдан бери мындай жолдордон кайра-кайра басып жүрүп, буттарым ушундай чыдамкай болуп калган. Жакынкы убакка чейин балыкчылар иттин күнүн көрүп жашашпадыбы?

– Сиз ушул жерде туулгансызбы, Хуан?

– Ооба, ушул жерде. Атам да, чоң атам да балыкчылык менен алектенишкен. Алар өз өмүрлөрүн азапка салып эмгектенишсе, олжонун пайдасын кеменин ээси менен алыпсатарлар көрүшчү.

– Качантан бери иштей баштагансыз? Мектепке качан барган элеңиз?

Балыкчы күлүп жиберди:

– Мектепке дейсиңби? Кандай мектеп? Биз жашаган жерлерде мектеп жөнүндө сөз да болбогон. Мен бир дагы тамганы, бир дагы санды тааныбаймын. Алардын айырмасын да билбеймин. Үйдөгүлөр да ушундай.

Гильенин балыкчыга боору ооруп кетти, кабагынан кар жаай түшкөндөй абалда жерди чиймелеп отуруп калды...

– Бирок мени сабатсыз го деп ойлобо, – деди балыкчы анын бул абалын көрүп. – Азыр окуганды да, жазганды да билемин. Себеби сабатсыздыкка каршы күрөшүү башталып, биз жактарга бир жигитти жөнөтүшкөн болчу. Ошол жигит кат жазганды үйрөнмөйүнчө жайыма койгон жок.

Гилье сүйүнүп кетти.

Ал басып кетип жаткан жеринен токтой калып, балыкчыга ачык маанайда мындай деди:

– Мен да сабатсыздыкка каршы күрөшкөнмүн. Тоодо! Алты дыйканга окуганды жана жазганды үйрөткөнмүн.

Балыкчы күлүмсүрөп салмактуу колун сунду да, баланын колун кудум темир мээлей сыяктуу бекем кысып койду.

– Баракелде, азамат! Мага бекеринен жагып калганың жок да!

Көп убакыт өтпөй балыкчы менен балакай кемелер токточу жайга жетип келишти. Жан жагында моторлуу кайыктар бирдей чайпалып турушат. Алар кайыкка отурушкандан соң балыкчы моторду жүргүздү. Алгач балыкчылар кооперативинин башкармасына жетип келишти. Хуан деңизге чыкканы тууралуу башкармадагыларды кабардар кылуусу зарыл эле. Ал бул ишти аткарган соң көңүлү жай болуп, өзүнүн кичүү жардамчысы менен убакытты текке кетирбей жээктен алысташты.

Моторлуу кайык толкундардын үстүнөн ыргыштап-ыргыштап туптунук сууда алдыга умтулуп бараткан эле. Суунун түсү бат-бат өзгөрүп турду: эгер деңиздин түбү кумдуу болсо суу кудум ачык жашыл, эгер балырлап кеткен болсо коюу жашыл, дээрлик кап-кара, эң терең жери көкмөк түскө өтүп жатты.

– Торду көтөрүүдөн мурда бир айланып келбейлиби? – деп калды балыкчы шеригине карап. – Кокустан найзалуу балык учурап калса, э? Мындай балык үчүн ар канча убакыт коротсоң арзыйт. Жүз килограммдай келе турган солокмондун кушка окшоп абада учканын көрсөң бир тамаша кылар элең.

Бул сунуш Гильеге жакканын айтпаса деле белгилүү. Хуан кайыкты ачык деңизге бурду.

– Найзалуу балык кайырмакты жутканда аябай кооптуу болуп кетет, абайла! – деп эскертти балыкчы.

Алар бир саатка жакын түз алга жүрүштү. Суу алда качан көкмөк тартып калды.

– Бул жерде суунун тереңдиги 75 метр. Эң терең жери эки жүз элүү метрдей бар, найзалуу балык ошол жерлерде болот.

Балыкчы кайыктын астында эмнелер болуп турганын кудум көрүп тургандай ишенич менен сүйлөп жатты.

– Мына, ушул жерде моторду өчүрүп коёбуз да, кайырмактарды даярдаган соң сага найзалуу балык кармаганды билбейт экен дебеши үчүн аны кармаганда эмне кылуу керектигин бир-бирден көрсөтүп түшүндүрүп беремин.

Балыкчы сууда байкалбай турган эки ачык жашыл нейлон жипти алды. Ар бир жиптин учуна кайырмак суунун үстүнө калкып калуусуна жол бербей турган тоголок коргошунду балыкчыларга гана тиешелүү болгон атайын ыкма менен байлады.

Анан “азыкты” кайырмакка илип, дагы да түшүндүрө баштады:

– Муну балыктар “тамак” экен деп ойлоп, найзалуу балык бат эле ага жабышат.

– Тамакка жабышканын кантип билсе болот?

– Өзүң көрөсүң го: кайырмактын таягы өзү эле билгизет.

– Найзалуу балык каршылык көрсөтөбү?

– О-о-о, аны көрө элексиң! – деп жооп берди балыкчы. – Кайырмакка илинсе да карматкысы келбей, каршылык көрсөтүп туруп алат. Ошондо аябай кылдат болуу керек. Эгер жүз килограммдуу балык кайыкты түртүп кетсе, же ыргып чыгып, тумшугу менен кол салса эмне болушун өзүң элестетип көр да!

Ал найза сыяктуу узун жана курч. Адамдын денесин жөн эле тешип өтүүсү ыктымал.

Бул сөздөрдү уккан баланын жүрөгү зыр дей түштү. Бирок коркууну жеңип, өзүн алаксытууга аракеттенди. Балыкчы болсо кайырмактын таяктарын ары жылдырып коюп, токмокко окшогон оор бир таякты да даярдады.

– Бул да керек болот, – деди балыкчы. – Балыкты тартып чыгарган учурда алгач карс эттире башына урабыз!

Ал ордунан туруп, эки кайырмакты тең деңизге таштады. Андан соң жиптер даана көрүнүп турсун үчүн таяктарды кайыктын чекесине тикесинен бекем байлап койду.

– Эми найзалуу балык кайырмакка илинсе, жип катуу тартылып, кайырмактын таяктары сууну көздөй ийилет. Азырынча беймарал сүйлөшүп отурсак болот. Кааласаң сага деңиздердеги ар түрдүү балыктар жөнүндө сүйлөп беремин.

Ошондо балыкчы ага деңиздин белгисиз, адамдар жакшы билбеген эң кызык ааламы жөнүндө чоң бир лекция окуп бергендей болду. Ар түрдүү көрүнүштөгү найзалуу балыктардын бири-биринен кантип айырмаланары, аларды кармоонун ыкмалары жөнүндө айта баштады; анан кубалык балыкчылардын жашоо абалы, ыңкылаптан соң деңиз мектептери уюштурулганы, учурда аралдын жээгинен алыс-алыс жактарга чейин балык уулаганы барган жаш балыкчылар жөнүндө сүйлөп берди. Ошол кездеги ачык асман астында, көкмөк деңиздеги ак көбүктөр арасында кайыкты чайпалтып отуруу кандай жыргал, кандай ырахат эле…

Балыкчы менен Гелье сукбатка катуу берилип, кайырмактардын биринин учу ийилип сууга тийип калганын байкабай калышыптыр. Балыкчы ошол замат ордунан ыргып турду да, кыйкырып жиберди:

– Тезирээк тур! Найзалуу балык илинди!

Гилье кокустан бул балыктын деңизден ыргып чыгып, кудум чоң бомба сыяктуу суу ичинен көтөрүлүп учканын көрбөш үчүн өзүн четке кармап, көзүн жуумп алмакчы болду, анан бат эле эсине келе түштү. Ал өзүндөгү коркууну сөзсүз жеңиши, белгилүү балыкчы жана эр жүрөк Хуан Кинконтенге ылайыктуу

досу экенин көрсөтө алуусу керек. Эриндеринин титирегенин басыш үчүн тишин-тишине коюп, балыкчыга жардам берүүгө аракеттенди. Балыкчынын “тим!” деген буйругу аны токтотуп калды.

Ал балыкчынын табышмактуу жүзүнө тиктеп, моюн сунуу менен кыбыр этпей туруп калды. Ал азыр адам менен деңиз макулугунун ортосунда катуу күрөш башталарын баамдап сезип турган эле.

Балыкчы аябай эпчилдик менен жипти таяктан бошотуп, эки колу менен аны бекем кармап калды. Буттарын кеменин капталына бекем тиреп, жип кармаган колу менен астыга эңкейди да, балыктын жаагынан илип алуу ниетинде бир силкип башына карай өйдө көтөрдү. Анан жипти шашылбай тарта баштады. Жип болот зым сыяктуу катуу болуп калды. Балыкчынын күндүн нурунан карарып кеткен терисинин астындагы тамырлары бүлкүлдөп, бети-башын жана көкүрөктөрүн тер басты.

– Аңкайба! – деди ал карсылдай сүйлөп. – Азыр бул айлакер суунун бетине чыгуу жолун издеп калат. Кайырмактын жибин байкап тур!

Гилье кап-кара суунун ичинде жип тырсыйып тартылганын көрүп турду. Балыкчы өзү да жипти байкап, кайырмак илинген жеринин ооруганынан эси эки болуп турган деңиз макулугунун каерде алдастап жатканын билүүгө аракет жасады. Бир убакта кайыктан жыйырма метрче ары жактан суунун бети бүлкүлдөдү да, найзалуу балык даана көрүндү.

– Мына ал! – деп кыйкырып жиберди балыкчы. – Колго түштүңбү?!

Балык суунун ичинен атылып чыкты да, кудум жаанын огу сыяктуу абаны көзөп өттү. Тумшугу узун найзага окшоп, денеси жаадай ийилип, сууга шалп эте түштү да, деңиз түбүн көздөй чумуду.

Гильенин деми ичине түшүп кеткендей болду. Ал калч-калч титирей баштады. Балыкчы өзүнүн ар бир аракетин байкоого алып, жипти бир бекем тартып, бир бошотуп, эми душманы сыяктанган балык менен тиреше баштады. Аёосуз күрөшүү барган сайын күчөгөндөн күчөдү. Балыкчы кайра кыйкырып жиберди:

– Абайла, Гилье!

Найзалуу балык баягыдан берирээк жерден суудан атып чыгып, даана көрүндү. Анын күл түспөлдүү алкымы күнгө жалтырай түштү. Ал экинчи жолу асманга секирди. Бул көрүнүш бир көз ирмемде болуп өттү. Балык кемеден атыла турган бомба сыктуу коркунуч салып кирди.

– Абайлаңызчы, Хуан! – деп кыйкырып жиберди Гилье.

Бир кезде айбаттуу балык замбиректен атылган октой, балыкчы жакка учуп келе жатты.

Гилье шашып, боюн алдыга карай таштады, бир убакта караса ал деңиз макулугу менен балыкчынын ортосунда туруп калыптыр.

Айбаттуу балык баланын денесинен сүрүлүп өтүп, аны сууну көздөй түртүп кете турган болду. Бирок күтүлбөгөн жерден баланын аракети балыктын жолун өзгөртүп жиберди. Балык өзүнүн өткүр учтуу найзасын Хуан Кинконтеге саям деп келатып, кайыктын калың, бийик капталынын чекесине урунду да, сууга шалак деп кулап түштү.

Карбаластап калган балыкчы дароо акыл–эсин жыйып алды да, өзүнүн куткаруучусун издей баштады. Бат эле Гилье көбүктөнгөн суунун үстүнө чыкты, кайык жакка сүзүп келе жатып балыкчыга карап кыйкырды:

– Коркпоңуз! Сууда сүзгөндү билем!

Балыкчы баланын кайыкка чыгышына жардамдашты, анан ыраазы болуп аны бек кучактады.

– Мени өлүмдөн куткарып калдың, балакай! Баракелде! Эгер сен болбогонуңда балык мени тешип кетмек. Кандай күчтүү экенин көрдүңбү?

Анын сөздөрүнөн Гильенин жүрөгүнө өзгөчө жылуулук киргендей болду. Сууда шөмтүрөп турганына карабай, токмокту алып балыкчыга узатты, ал кайыктын капталында мөңкүп жаткан балыкка жакын барып, бир нече ирет токмок менен башка уруп сулата чапты. Андан соң илмекке илип, кайыкка тартып алды.

– Жакшылап көрүп ал, – деди балага. – Бул аңчылыгыбыздын олжосу жаман болбоду. Кайырмакка илинип, суудан атылып

чыккан найзалуу балыкка оропара болуу ар кимдин колунан келе бербейт. Эгер ал сени тумшугу менен урганда барбы, акыбети эмне болушун ойлогондун өзү коркунучтуу.

– Мен сизди найзалуу балыктан куткармак болгон элем, – деди бала. – Себеби достор бири-бирине жардам бериши керек эмеспи!

– Дал ошонусу керек, уулум, – деди балыкчы ага тиктеп туруп. – Адам өзүн сактап калуу үчүн колунан келген аракетин жумшайт; бирок башка бирөөнү куткаруу керек болуп калганда, адамдар өз жандарын кокустукка түртүүнү каалашпайт. – Анан муну кошуп койду, – сага окшогон балдардан мыкты адамдар өсүп чыгат.

**Спиридон Вангели,**
**Молдова**

## ГУГУЦЭНИН ПАРТАСЫ

Мына, бир нече күндөн бери Гугуцэ короодон көрүнбөй калды. Өзүнөн чоң балдарга иши түшүп калыптыр. Ал бүт айылды кезип жүрүп, мектепке алып бара турган китептерди издеди. Төрт “Алиппе” таап келди, чоң атасынын баласынан желкеге асынчу баштыгын сурап алды.

Эртең биринчи сентябрь деген күнү кечинде Гугуцэ теңтуш балдарына башка шерик таап алууну айтты, карындашына өзүнүн бүт оюнчуктарын, жада калса, рулу менен айдоочу машинасын да белек кылды.

Мектепке даярданып жүрүп уктоого кеч жаткан болсо да, эч бир уктай албай койду. Бир жактан иттердин да дабышы жолтоо болду. Балдарга уйку алып келүүчү Ене чоң ата (элдик жомоктордогу образ) баштыгын алып келип калса э?

Короого чыгып Тарзанын чынжырынан бошотуп жиберүүгө туура келди.

Гугуцэ саар менен эрте уйкудан ойгонуп эшикке чыкса, ити короонун бир чекесинде уктап жатыптыр. Ити түндөсү Ене

чоң ата менен аябай күрөшүп чарчаса керек да. Бирок баштыгы койгон жеринде туруптур.

Гугуцэ жуунуп, эки кулагын тазалап, үстүнө кемселин кийди. Бакчадан гүл үзүп, баштыгын асынып алып, мектепке жол салды.

"Бир китеби менен биринчи класска, экөөсү менен экинчи класска барат, – деп ойлоду Гугуцэ жолдо бара жатып. – Төрт китебим болсочу?"

Мектептин короосуна киргенде директорго туш келип калбадыбы.

– Сен келдиңби, Гугуцэ? – деп таң калды ал. – Сенин боюң асынган баштыгыңа тете өспөптүр го. Биринчи класска кирүү үчүн дагы шапкеңдин боюндай өсүшүң керек. Макул, атайы келипсиң, мектептин бакчасындагы дарбыздан же.

Гугуцэ намыстангандан жер жарылбады, жерге кирип кетпеди. Баштыгы китепке толтура болгон адамды балдардын көз алдында дарбыз же деп кордукка салбадыбы?!

Гугуцэ жинденип үйүнө кайтып келди.

Директор анын көңүлүн оорутуп койгонун баамдап, кечкурун "жарашалы" деп келди. Канча аракеттенсе да аны "жарашканга" көндүрө албады.

– Үйүңөр мектепке жакын тура. Ошондуктан, эгер сага танаписте мектептин коңгуроосун чалганга уруксат берсем эмне кылмаксың?

– Эч нерсе...

– Эгер сен майрамдарда мектептин сахнасында ырдасаң, мен каршылык көрсөтпөгөн болор элем. Буга сен эмне дейсиң?

– Эч нерсе...

Директор кандай келген болсо ошондой чыгып кетти.

– Ата, короого мага мектеп куруп бериңизчи, – деди Гугуцэ директор кеткен соң атасына.

– Сен үчүн куруп берер элем, балам. Бирок менде жүк көтөргүч кран жана оодарма машина жок да...

– Андай болсо, парта жасап бериңизчи, – деп аргасыз сүйлөдү Гугуцэ.

– Ооба, макул, партаны жасап беришим мүмкүн…

Бир жумадан соң Гугуцэ чыныгы парталуу болду. Гугуцэнин үйү мектепке жакын болгонунан коңгуроо үнү угулду дегенче партасына отуруп алып, окууну баштап жиберет. Күндө кошуналардын кичинекей балдары, анча-мынча теңкурдуу балдары келип, дубалдын тешигинен аңдып карашат. Алар да мындай партада отуруу үчүн эч нерселерин аяшпас эле.

Гугуцэнин аларга боору ооруду: алгач китеп таап, андан соң кулактарын жуушуп, бирден-бирден кезек менен келишсе боло турганын айтты.

Бу парта жөнүндөгү имиш сөздөр бүт айылга жайылды. Чоңдор да алардын короосунун жанынан өтүп жатышканда дайым дубалдын тешигинен шыкаалап тиктеп, айылда дагы бир окумуштуу адам чоңоюп жатканын ойлошуп кубанышар эле.

Мына ошондой сонун күндөрдүн биринде Гугуцэ танаписке чыккан учурда мектептин директорунун өзү короонун эшигин ачып кирип келди.

– Мага да партаңда отурганга уруксат бер, Гугуцэ, – деди директор.

– Ооба, макул, – деп жооп берди Гугуцэ. – Бирок алгач бакчабыздагы алмадан даам татыңыз…

**Анна–Катрине Вестли,**
**Норвегия**

## КОҢГУРООЛУУ СААТ

Күз маалында уйкудан эрте ойгонуу аябай кыйын болот. Ата-энеси да, сегиз бир тууганы да ушул пикирде. Бирок жүк машиненин кандай пикирде экенин биле албаймын. Сегиз бир тууганды эң кичүүсү – наристе Мортен гана биринчи ойгонот. Уйкудан ойгонот да, бат эле “кызыктуу жумуш” таба калат, бир паста берилип ишин жасай баштайт.

Бир күнү ал коңгуроолуу сааттын буроолорун чыгарып, чачып таштаптыр. Ошондон бери үйдө коңгуроолуу саат жок.

Дагы бир күнү болсо бир баштык сулуну жерге төгүп салыптыр. Мортен азанда жалгыз өзү бир нерсе менен алектенип отурганды жакшы көрөт, ошондуктан баарынан мурда турат да, эч кимди ойготпойт. Бирок анын бу кылыгы башкаларга түк жакпайт.

Коңгуроолуу саат бузулгандан бери бардыгы уктап калып, бара турган жерлерине кечиге баштады.

Эртең менен атасы уйкулуу көздөрү менен жүк машинасына келет. Ал эч болбогондо бирууртам кофе ичип алса болот эле да. Бирок даярдалганча күтүп отурса жумушка кечигип калат.

Ошентип, балдар ар күнү мектепке эң соңку мүнөттөрдө араң жетише турган болду. Мындай тос-тополоңго чек коюу керек эле. Бирок кантип?

Кечкурун үй-бүлө мүчөлөрү топтолгон соң атасы бардыгын бет-маңдай отургузуп алып мындай деди:

– Эртең менен өз убагында ойгонуу боюнча кимде кандай пикириңер бар? Кимиңер эң жакшы ыкманы ойлоп тапсаңар, атайын белек берилет.

Бардыгы ойлонуп калышты.

Албетте, алда качан уктап калган Мортен ширинтайдан башка бардыгы ойлонуп калышты.

– Мортен абдан амалкөй болуптур, – деди апасы акырын ага ишарат кылып. – Эгер бардыгыбыз ага окшоп эрте уктаганыбызда, азанда ойгонуубуз оңой болот эле.

– Бирок өтө эрте уктап да болбойт, – деп каршылыгын билдирди атасы. – Эч болбогондо кечинде бир аз бош убакыт да болуш керек. Эмне, машинадан түшүп эле төшөккө жатып алмак белек?

– Мортен бузуп таштаган коңгуроолуу сааттын ордуна жаңысын сатып алсак болбойбу? – деп сунуш кылды кичинекей бөбөктөн улуусу Мартин.

– Жок, – деди апасы. – Акчабыз жок. Бир аз акча бар эле, ага жүн сатып алып, тайенеңе берип жиберем деп турам. Ал бардыгыңарга бирден жүн байпак токуп берем деген.

– Мага да болобу? – деп сурады атасы.

– Албетте, – деп жооп берди апасы.

– Демек, жаңы коңгуроолуу саат сатып ала албайт экенбиз да, – деди атасы.

– Өзүбүздө жандуу саат бар го, – деди Мале. – Бирок бул саат эртең менен бизге керек болгон убакта коңгуроо чалбайт да.

– Кимди айтып жатасың? – деп таң калып сурады атасы.

– Албетте, Мортенди да. Ал ар күнү эрте ойгонот. Биз ордубуздан турганга чейин акылыбызга кирбеген ар кандай жумуштарды жасаганга жетишет.

– Туура, ал биздин көп уктаганыбызга абдан кубанат, – деди күлүп атасы. – Бирок кандай айла кылсак ал бизди эрте ойготконго мажбур болот?

– Ага жага турган бир нерсени ойлоп табуу керек. Ата, тээ мурда бир эски коңгурооңуз болчу эле, эсиңиздеби, "кеме" оюнун ойногонубузда алып чыккан элеңиз?

– Чын эле... Аны эмне кылмак болуп жатасың? – деп сурады атасы.

– Биз мындай кылабыз: коңгуроону шыпка асып коюп, жибин түз эле Мортендин керебетине байлап коёбуз. Ага кызыгып калып, жибинен тартып көрүүсүнө ишенемин. Ошондо коңгуроо жаңырып кетет да, биз дагы ойгонуп калабыз.

– Баракелде, Мале, – деди атасы. – Атайын белек – сеники!

Атасы коңгуроону, апасы парда илгенде чыкчу кичинекей шатыны таап келди. Атасы шатычага чыгып, коңгуроону катуу үн чыгара турган кылып асып койду.

Андан соң бардыгы беймарал уйкуга кирişти. Ошол түнү алар эртең менен уктап калбайбыз деген ойдо тынч жатышты.

Саарда, адаттагыдай эле, Мортен биринчи болуп ойгонду. Алгач ал адатынча ары-бери оодарылып бир азга жатты. Анан айланасына кыдырата карады. Керебетинин жанында асылып турган нерсенин эмне экенин биле албай кызыгуусу артты. Текшерип көрүү керек... Мортен жипти тартып көрдү эле, коңгуроо кагылып кетти. Кызыгуусу ого бетер артып, жипти кайра силкиткенде коңгуроо катуу үн чыгарды.

Коңгуроо чоң энесинин Даграз ылакаптуу уюнун мойнуна асылган убакыттан бери мынчалык катуу жаңырбаган болсо керек эле.

Балдар акырын ооздорун ачып эстешип, уйкудан тура баштады. Мортен дагы эле коңгуроону кагып жаткан. Ал айланасында мындай ызы-чуу, тополоң болуп жатканына өзүнүн да акылы жетпей отуруп калды. Ошол күнү Мортен үйдөгүлөрдүн баарын саат алтыда ойготту.

Эртең менен алар эрте турушуп, бир канча жумуштарын аткарып коюшканын көрсөңүз! Алгач балдар аз-аздан апасынын жумуштарына жардам бергенге үлгүрүштү. Ошондуктан апалары бардык үй жумуштарын убагында бүткөрүп, чоңдору мектептен келгенге чейин ширинтайын таза абада сейилдетип келүүгө да жетишти.

Уйкудан эрте ойгонуу, анын пайдасы үй-бүлө мүчөлөрүнүн баарына жакты.

Мортен да ар күнү саарда жипти тартуу керектигин түшүнүп алды. Бирок ал жумуш күндөрү менен эс алуу күнү – жекшембинин айырмасын билбейт болчу. Ошондуктан жекшемби күнү да адаттагыдай жипти тартып, коңгуроону кагып туруп алат. Арга жок, дем алыш күн болгонуна карабай бардыгы саар менен саат алтыда турууга туура келет.

– Бул күндү эсепке албаптырбыз, – дейт атасы. – Ооба, эрте турганыбыздан пайдаланып, макул десеңер, токойго эс алууга барып келели. Даярдангыла, тамакты да ошол жакта бышырабыз, ойнойбуз, эс алабыз...

– Ура! – деп кыйкырды жети бир туугандын баарысы, Мортен да кубанганын билдиргендей, колдорун чапкылап, кубанганынан күлүп жиберди...

**Жозеф Зобель,**
**Мартиника (Франция)**

## АЛИППЕ

Аристид алыста калган үйлөргө бир сыйра карап алган соң жол азаптарын да унуткандай болду. Кубанып кетти, кичинекей жүрөгү дүкүлдөп катуураак сого баштады.

– Жетип келдик, балажаным!

Теодамиза бул кепти баятан бери далай жолу айткан болчу. Бирок бу жолу Аристид анын сөзүнө чындап ишенди: арыраактагы каналдын боюнда адамдар буттарын жууп, көпүрөнүн тосмосуна сүйөнүп бут кийимдерин кийип жатышты. Эркектер шляпа кийип алышкан. Ошондой болгон соң бул жер шаардын чети болсо керек да.

Көпүрөгө жакындап барганда Теодамиза токтоду.

– Саламатсыздарбы, айымдар жана мырзалар! – деди ал башына көтөргөн себетин жерге коюп.

Аристид да саламдашып, айлана-чөйрөнү сонуркап карай баштады.

Анын көзү эшектерге түштү: алардын кээ бирлери тосмонун жанында оттоп жүрүшөт, кээ бирлери кожоюндарын кыйкыртып жатып зорго кадам шилтешет.

Улуулардын жанында балдар жана кыздар да бар эле.

Албетте, ар жер-ар жерде сатуучулар мөмө-жемиштер жана жашылчалар салынган себеттердин жанында күзөтчү сыяктуу кармап турушат.

Теодамиза суунун боюндагы таштын үстүнө отурду. Ал колу менен суу сузуп алып уулунун бети-колун, бутун жууду. Андан кийин өзү да жуунду.

Жээкке чыгышты. Теодамиза көйнөгүнүн этегин жерге салып Аристидди отургузду да, бут кийимин кийгизди. Ошондон соң уулун ордунан тургузуп, көйнөгүнүн жакаларын иретке келтирип, шляпасын кыйшайтып кийгизди, көйнөгүнүн этегин суулап Аристиддин кулактарын аарчыды.

Аристиддин кебетеси энесиникине окшоп кара тору эле. Бирок ал жылдыздуу бала. Ошондуктан татынакай көрүнүп калды.

Теодамиза өзүнүн жоолугун башынан алып, кайра оңдоп-түздөп салынды. Юбкасын ылдыйраак түшүрүп бырышкан жерлерин тегиздеди, белине үч бурчтуу кылып бүктөлгөн башка жоолукту бекем байлап алды. Өзүнө көз салды. Бутунда туфлиси жок, бирок эчтеке эмес. Ооба, пушту көйнөгү бир аз эски болсо да, үтүктөлгөн, таза.

Өзүнүн сырткы көрүнүшүнө бир аз көңүлү толгон Теодамиза уулуна карап мындай деди:

– Кана, кеттик!

Эркектердин батинкелеринин, ат-улоолордун тарак-туругу, аялдардын үнү баланы кыжаалат кылып жиберди. Ибадат кылуу үчүн коңгуроо чалынганда Аристид: “Ушучалык алыска угулса, демек күчтүү коңгуроо экен да” деп койду өзүнчө.

Теодамиза ибадаткананын пешайванында туруп, адамды ыйманга үгүттөөчү сөздөрдү аягына чейин укмак болду, бирок Аристид ошол учурда зеригип, чыдамы кетип, апасынын этегинен тартып айласын кетирди.

– Китеп алганы качан барабыз? – деп кайра-кайра сураганын койбоду.

Өзү шашылып турса да, бата алуу үчүн таалимдин бүтүшүн күтүүгө туура келди. Ал баласын эптеп тынчтандырып турду да, үгүттөөчү сөздөрдүн бүтөрү менен акчасын колуна кармап, алга карай басты жана бирдемелерди шыбырап “күнөлүү пенделердин кутусуна” коло теңгени таштады. Бир нече жолу чокунган соң эшикти көздөй басты.

– Эми китеп сатып алганы барабыз, э, апа?

– Ооба, уулум.

Аристид кубанганынан ибадаткананын жанында турган кооз машиналарды, курман болгондордун эстелигин, бийик-бийик үйлөрдү, бетондон жасалган Бүбү Марямдын эстелигин, дарыканага кире бериштеги кээ бирлери пушту, башкалары кызыл, ар түрдүү түстөгү шарларды, жалтыраган туфли жана матросчо чаар кемсел кийген балдарды, таттууларды сатып

турган сатуучуну, бирин да байкабады. Башка убак болгондобу, булардын бардыгы анын сугун арттырар эле.

Азыр Аристиддин булар менен иши жок эле. Анын көздөрү китеп сатыла турган үйдү, жок, үйдү эмес, китеп дүкөнүн издеп жаткан. Теодамиза өзүнүн шаардык эместигин сездирип койгондон уялып, китеп дүкөнү кайда экенин сурап отурууну каалаган жок. Өзү издеп табууну туура деп ойлоду, бирок бул оңой болбоду.

Бир убакта китеп базардын өзүндө сатылып жатканын көрүп калды. Теодамиза туш келген биринчи дүкөнгө кирип:

– Жети жашар балдар үчүн китеп барбы? – деп сурады.

– Жок, – деп жооп берди да, сатуучу кыз түшүндүрүп берди, – мына ушул көчөнүн аягына чейин барып, оңго бурулган соң, Жавыл мырзанын дүкөнүн сурайсыз. Пешайвандуу дүкөн.

Теодамиза ага ыраазычылык билдирип ошол жакка жөнөдү. Бир аз баскан соң аптапта жалтырап турган пешайвандуу имаратты тапты. Бирок Теодамиза баласына көңүл буруунун ордуна белбоонун ичинен кичинекей жалтырак жалпак кутучаны алып чыгып капчыгын акырын ачты да, андагы китептин аты, автордун аты-жөнү, канчанчы класска экенин жазып берген мугалимдин бир барак кагазын алып чыкты. Китептин баасын сурады. Бирок бул жерде китеп түгөнүп калыптыр.

Кагазга эки беш франк акчаны да ороп алыптыр. Ошондо да Теодамизага ошончо акча жетпейт болчу.

Күндөр өткөн сайын мектепке жаңы китеп көтөрүп келгендердин саны көбөйүп калды. Аристид дагы эле китеби жоктордун арасында жүрөт.

Ал окуудан кыйналып жатты. Анын жанында отурган окуучу китебин кызганып, партанын үстүнө ачып койгондон аянат. Мугалим эжеси “Апаңа айт, сага китеп алып берсин”, – деп күн сайын жанын койбойт...

Өткөн жумада Аристид Мак айымда китеп түгөнүп калганын шылтоо кылган болчу. Бирок башка окуучулар дүрбөлөң салышкан болчу:

– Атам мага шаардан алып келип берди!

– Меникин Ламантенден сатып алыптыр!

Аристид ызаланып кетти.

Көңүлү жумшак Кристиан гана танаписте ага өзүнүн китебин карап көрүү үчүн берди. Ошондо да аябай абайлап, өзү китепти кармап туруп, барагын бир аз ачып көрсөттү. Аристид түстүү сүрөттөрдү көрүүгө, жаңы боёктун жытын жыттаганга, жылтырак кагазды барактап көргөнгө үлгүрдү.

Тез эле ал дагы ушундай китепке ээ боло тургандыгын ойлоп, энтигип койду.

Мына, көпкө күттүргөн ошол күн жетип келди. Кечээ кечинде Теодамиза өзүнүн сегиз франк айлыгын эч нерсеге коротпой, шаардык тааныш аялга сөйкөсүн он франкка күрөөгө карызга коюп келди. Эми ал эки кагаз пулду кутучадан алып чыгып, алаканына бекем кысып алды. Мугалимдин жазган кагазын эки манжасы менен абайлап кармап дүкөнгө кирди.

Кардарлардын жана ар түрдүү кужу-кужу үндөрдүн арасында Аристиддин кубанычы жалп өчтү. Сатуучу кыз оолугуп, жасалма мамиле менен сүйлөндү:

– Сизге эмне керек, айым?

– Балдардын китеби керек эле, – деп жооп берди Теодамиза.

Ал кагазды узатты. Сатуучу кыз катты окуп чыкты:

– Биринчи класска Лангуна Алиппесиби? Бар, айым...

– Эгер мүмкүнчүлүк болсо, көрсөтүп коёсузбу? – деди Теодамиза жумшак кайрылып. Сатуучу залдагы шкаф жакты көздөй басты. Колуна жашыл китепти көтөрүп кайра келди. Аристид кубанганынан жер тепкилеп секирип, кыйкырып жиберди.

– Бул – ошол апа! Ошол! Сыртынан эле тааныдым!

Теодамиза китепти алып барактады. Аристид буттарынын учун көтөрүп апасына боюн теңештирип туруп, анын жеңинен тартты:

– Кудум өзү, апа! Кристиандын китебинде да ушундай сүрөтү бар болчу.

Теодамиза акчаны уучтап кармаган алаканын жазып сурады:

– Китеп канча турат?

– Он эки жарым франк... – Ал калем кыстарып койгон чачына колун созду. Теодамиза үшүп кеткендей болду, бирок бат эле өзүн кармай калып сурады:

– Кичине түшүрбөйсүңбү, айым?

– Болбойт.

– Суранамын, мага арзаныраак сатыңызчы... Он франктан башка акчам жок эле. Балам менен Питсбургдан келгенмин. Азанда, саат төрттө жолго чыкканбыз.

– Эч айла жок. Баасы сыртына жазып коюлган. Эмне, көрбөй жатасызбы?

Теодамиза китепти бекем кармап алган, андан көзүн албай үнсүз туруп калды. Аристид анын унчукпай калганын көрүп юбкасынан тартты.

– Баары бир китепти алабыз, э, апа?

– Канакей, бир чечимге келдиңизби? – деп сурады сатуучу кыз.

– Бир аз арзаныраак кылыңыз, өтүнөм! Сураныч! – деп кайталады аял үмүттүү тиктеп. – Он франкка берсеңиз сонун иш болор эле...

Ошол учурда кимдир бирөө сатуучу кызды чакырып калды. Кыз Теодамизанын колунан китепти кайтарып алып, курч учтуу такасын такылдатып ары басып кетти.

Ошондо Аристид айлана-чөйрөсүндөгү адамдарды да карабай катуу чыңырып жиберди. Дүкөндөн чыгып кетип жаткан апасынын колуна жабышып, бакырып кайталай берди:

– Китепти сатып алабыз! Сатып алабыз! Сатып алыңыз, апа! Апажан! Сатып алыңызчы!

Апасы эңкейип анын кулагына шыбырады. Бирок ал эч нерсени уккусу келбеди. Теодамизанын жүрөгү эзилди.

Перзентинин абалы жүрөгүн өйүп, бирөөлөрдүн көз алдында анын абийири тебеленди.

– Апа, китепти сатып алыңызчы... Суранам, сатып алыңыз!..

Ал көчөгө чыкканда да тынчыбады.

Айласы кеткен Теодамиза уулунун колунан сүйрөп шаардан чыкты да, жолдун четине чөгөлөп түшүп, өңгүрөп ыйлап жиберди.

Күн батып бараткан. Теодамиза ары жактан дыйкандарды көрүп көз жаштарын аарчыды да, уулун тынчтандырууга аракеттенди.

– Апаңдын акчасы жетпей калды, балам. Кутучабыздагыдан да көбүрөөк пул керек экен... Апаң иштеп акча табат да, кийинки жекшемби күнү кайра келебиз. Мен сага момпосуйга да акча берем.

Ал акырын туруп уулунун колунан жетеледи. Алар жада калса, түштөнгөн да эмес эле. Каналдын боюнан ичкен бир ууртам суу бир канча күч берди. Аристид батинкесин чечип, жылаңаяктанып алды. Алар чоң жолдон бурулуп, каучук плантациясы жактагы кыска жолго түшүштү.

Бирок жалгыз калышканда Теодамиза кайра ыйлады. Коркунучтуу ойлор-санаалар аны азапка сала берди: эгер уулу мектепти таштоого туура келип калса, анда шекер камыш плантациясында иштөөгө мажбур болот, бул жумуш ага оордук кылат. А эгер, уулун өзү жана ага-инилери бала кезинде иштеген “кичүү жаштагы жумушчулар” отрядына берип салсачы?..

Аял өкүрүп-бакырып ыйлады. Аристид тынчып калды... Балким ал апасынын ыйынан, күйүтүнөн үмүтсүздүктү эмес, каршылык көрсөтүүнүн үнүн уккандыр?! Ошондонбу, өзүнүн коңгуроодой үнү менен апасына мындай деди:

– Кийинки жекшемби күнү, албетте, акчабыз жетет!

**Фахри Эрдинч,**
**Түркия**

## РУСТАМ

Базарга бара жаткам, оро-парадан жети-сегиз жаштардагы жылаңаяк бала чыгып калды. Жонуна өзүнөн да чоң себет асып алган. Ал “Мени жалдаңыз”деп жалынып туруп алды. Көп эле нерсе сатып алмакчы эмес элем. Ошол себептен аны жалдай албастыгымды түз эле айттым. Анын үстүнө, жаш балага жүк көтөртүп жүргөндөн да уялдым. Бирок ал жалынганын койбоду:

– Мен өтө көп акы сурабаймын, байке, – беш куруш (түрк акчасы) берсеңиз болду. Бүгүн мени азырга чейин эч ким жалдаган жок, боюм кыска болгондугу себептүү эч ким жалдабай жатат. Бирок күчтүүмүн!

Ага боорум ооруп кетти. Чөнтөгүмдөн беш куруш алып балакайга узаттым.

– Ал, ала кой!

Ал мурдун тартып коюп, таңыркап мага тиктеди.

– Жүгүңүздү жеткирип бергенимден соң бересиз.

– Ала бер, мен сага жөн эле берип жатам.

Балакай кудум кордолгон куш сыяктуу кадала тиктеп калды.

– Тилемчи эмесмин! – деди ал кокустан. – Жүгүңүздү жеткирип бербесем акчаңыздын эмне кереги бар?

Эмне деп жооп берүүмдү да билбей калдым.

– Үйүм бир канча алыста. Көп нерсе да албаймын базардан. Өзүм эле алып кете берем, – дедим шашып.

– Мейли, алыс болсо, эчтеке эмес. Эмне сатып алсаңыз да жеткирип берүүгө даярмын.

Эми көнбөй коюга айлам калбады.

– Макул, – дедим ага, – кана, кеттик.

Аны менен сүйлөшкүм келди. Базардан бат эле чыктык. Жарым себет да болбогон базарлыкты алып үйгө кайттык. Ал боюн түз кармап, чоң, кооз үйлөрдү, бийик дарактарды жана алыстагы ак карлуу тоолорду кеп кылып келе жатты.

– Атың ким? – деп сурадым андан.

– Рустам. Кызыл-Жахамандын жакын жериндеги айылдан келгенмин. Жашым тогузда. Апам мурдагы жылы каза болгон. Айылда атамдын иниси – байкем бар. Бирок ал мага жардам бербейт. Ошол себептен Анкарага келдим, – деди ал быдылдап.

– Шашпа, шашпа, – дедим баланын сөзүн бөлүп. – Сенден мен булар тууралуу сурабадым окшойт.

– Билем, – деп жооп берди ал. – Бирок баары бир сурамаксыз. Жакшысы, сиз билип койсун деп суратпай айтып койдум...

Аны менен сүйлөшүү оңой эмес экендигин туйдум. Ар бир кебинде жаш балдарга тиешелүү болбогон жөндөмдүүлүк сезилип турду. Унчукпай калганымды байкап сөзүн дагы улантып кетти:

– Бардыгы сүрүштүрүшөт, агызбай-тамызбай туурасын айтып салам, бирок эч кимден бир да пайда көрбөймүн. Эч нерсе эмес. Бул жерде бир аз чыдап турсам дейм... Беш-алты жыл...

– Кийин чоңойгондо эмне кылсам дейсиң?

Ал менин көзүмө өтө сезимталдык менен тиктеди:

– Сиз полицияда иштебейсизби?

– Эмне деп жатасың? Коркпо, кана, мага айтчы, беш жылдан кийин эмне кылсам деген оюң бар?

– Түрмөгө от коём!

– Эмнеге?

– Атамды камап коюшкан... аны куткарышым керек!

Күлүп жибере жаздап барып, өзүмдү араң токтотуп калдым. Бир аз жерге чейин унчукпай бардык. Анан минтип сурадым:

– Атаңды эмнеге камап коюшту?

– Жандармчылар менен уруша кетип, бирөөсүн айылдан жерге кулата аткан. Атам мыкты мергенчи болгон. Жандармдын бирөөсүн маңдайга аткан. Ошон үчүн аны он сегиз жылга өкүм кылышкан. Эки жыл да боло элек...

– Атаң эмне үчүн жандармдар менен уруша кеткен эле?

– Салык үчүн. Атам өзү жана өзүнө окшогон акчасы жок кембагалдардын талабын талашып каршылык кылган. Алар көрпө-төшөктөрдү, казан-табак, иши кылып, үйүбүздө эмне болсо бардыгын алып кетмекчи болгондо, атам мылтыгы менен атып жиберген. Жандармдардын бирөө жолго кулап түшүп, калганы тымтыракайы чыгып качып кетишкен...

– Үйгө жакындап калдык...

“Эмне дейт?” деп Рустамга тигилдим.

– Мага мындай карабаңыз, байке. Биз кедей, жарды адамдарбыз, бети-башыбыз кир-пир.

Ошондо капыстан бу баланы себет-пебети менен кучактап алгым келди. Бирок батына албадым. Ээгинен сүйөп, көздөрүнө тигилип тиктедим.

– Рустам, сенин бети-башың эч кир-пир эмес, уулум, – дедим ага. – Аңкарада, бүтүн Түркияда сага окшогон миңдеген балдар

бар. Бардыгыңар акылдуу, ак көңүл, чынчыл адамдарсыңар. Кел, сени бир өбөйүн.

Рустам жылмайып койду.

– Койсоңузчу, апендим! Безгек оорум бар. Сизге да жугуп калбасын!

– Безгек жугуштуу эмес.

– Жок, жугуштуу. Мага апамдан жуккан. Абдан жаман оору. Безгегим кармаса тишим-тишиме тийбей калтырап жатып калам...

Рустам кудум оорунун эч кандай коркунучтуу жагдайы жоктой күлүп койду.

– Рустам, атаңды көргөнү барып турасыңбы? – деп сурадым андан.

– Жума сайын барам. Атама сигарета жеткирип берип турам. Канча иштесем, бардыгына сатып алам. Өткөн жума иштерим жүрүшүп, эки куту сатып алдым.

Үйгө киргенибизден соң аялым дасторкон жазды. Рустамдын желкесинен себетти алып, ага он куруш теңге узаттым.

– Үйүңүз жакын эле экен, жүк да жеңил болду, – деди ал беш курушун кайта кайтарып берип жатып.

Кайра "Тилемчи эмесмин" деп жибербесин деп, кайтарган акчасын унчукпай алдым. Ал кетүүгө камданды.

– Кел, бирге түштөнөлү, Рустам! – дедим колунан кармап.

– Болбойт, – деп жооп берди Рустам, – бүгүн базар. Дагы эки-үч жолу жүк ташыганга үлгүрүшүм керек.

Ошол кезде аялым сөзгө аралашып, эринин тиштеп калды.

– Апаке, мен дасторкон салынган столдун жанында отурганга көнгөн эмесмин. Айры менен тамак жегенди да билбеймин, – деп кесе айтты Рустам.

– Жакшы бала экенсиң, – дедим аны менен коштошуп жатып. – Бирок ойлоп койгон ишиң мага жаккан жок.

– Кандай ишим?

– Түрмөгө от коймок дедиң го?

Рустам дагы жылмайып койду.

– Эх, байке, чын эле ишенип алдыңызбы? Атамдын көңүлүн көтөрүү үчүн ушуну ойлоп тапкам. Ага ушул кепти айтканымда, атам тосмонун артында ыйлап да, күлүп да жиберет!..

Көзүмө жаш келип кетти. Шкафтан эки куту сигарета алып ага узаттым:

– Бу сага эмес, атаңа. Аны көргөнү барганыңда менден салам айтып кой.

Рустам сигареталарды алып койнуна салды да, мага суроо узатты:

– Өзүңүз ким болосуз, байке?

– Сага мунун эмне кереги бар?

– Саламыңызды кимден деп айтам?

– Бир кишиден деп коё бер. Ким экенимди айтыш шарт эмес. Анан сөзсүз айтып кой: өзүн бекем кармасын. Кийин бир жакшы күндөр келет, ошондо бу түрмөлөр өзүнөн өзү бузулуп жок болот.

Жашына караганда акылы курч Рустам бул сөзгө ишенгендей болду. Ошон үчүн “мен айткан бул сөздү унутпай атасына айтып барат болуш керек” – деп ойлоп койдум.

– Байке, сиз жакшы адам экенсиз, – деди ал көчөгө чыгып жатып.

Ал кокус бир оор абалга кабылса биздикине келээрин айтып убада берди.

**М.Гаадамба,**
**Монголия**

## КЫЯМ

Бадамкан эртеңки тапшырмаларын аткаруу үчүн столго отурду. Кайсы сабагынан баштап даярданарын билбей башы катты. Анан күндөлүгүндөгү жадыбалына карап, алгач грамматикадан баштап аткарууну чечти. Аны бүтүп, математикадан маселелерди иштөөгө киришти да, кокустан адабияттан берилген тапшырма да бар экени эсине түшүп калды. “Өтө көп тапшырма бере беришет! – деп койду өзүнчө капаланып Бадамкан. – Даярдай бересиң, даярдай бересиң, эч бир бүтүрө алсаңчы...”

Ал тезирээк жаза баштады. “Мына, жазып болдум. Эртең сабакта беймарал отурсам боло берет. Айткандай эле, эне тилин

дагы бир жолу кайталашым керек. Мугалимибиз өтө катуу талап коёт. Экини да аябай коёт".

Бадамкан көнүгүү дептерин алып, аны башынан аягына чейин барактады. Акыркы теманы эки жолу окуп чыкты. Андан соң дептерди жаап коюп, отургучта чайкалып отуруп, үнүн чыгарып кайра кайталады. Эми дээрлик бардыгын даярдап бүттү, бирок "бугээд" байламтасы менен "энэ" ат атоочун эсине тута албай койду...

"Ушул эки сөздү жакшылап үйрөнүшүм керек. Ошондо эч бир коркпосом болот", – деген пикирге келди да, китептерин жыйнап баштыгына сала баштады.

Сааттын жебеси тогузга жакындап калды.

"Жатып эс алайын. Кеч болуп кетти..."

– Уктайын деп жатасыңбы, кызым? Сабагыңды окуп алып жатсаң боло, – деди атасы.

"Атам дайым сабак даярда дегенди эле билет. Кызык, эгер өзү мектепте окуганда эмне кылган болор эле?" – деп ойлоду Бадамкан. Бирок бул ой-пикирин атасына угуза айта алар беле?! Кайдан...

– Сабагымды даярдап болдум. Эми төшөгүмө жатып алып, дагы бир окуйм, – деп жооп берди ал.

Бадамкан өзү айткандай, төшөгүнө жатып алып бир дептерди барактай баштады. Бул дептерде үй тапшырмалары эмес, музыкадан жазылган ырлар болчу.

Бир аздан соң кыз дептерин бетине жапкан бойдон уктап калды.

Эртеси күнү мугалим Бадамкандан сабак сураганда, ал эч токтолбой жооп берди. Жада калса, "бугээд" жана "энэ" сөздөрү жөнүндө айтканды да унутпады.

– Эми айткандарыңды далилдөө үчүн мисал келтир, – деди мугалим.

Бадамкан бир аз токтолуп, кызарып-бозоруп, оозуна келген мисалды айта салды.

– Сага "үч" коём. Эсиңде болсун: сабакты сөзмө-сөз жаттап алуу жарабайт, эң негизгиси – маанисине түшүнүү. Мен сабак түшүндүргөн учурда айткан мисалдарды кайталабай, алгач

темага түшүнүп, анан өз алдынча изденип, ойлонуп, мисалдарды өзүң таап айтышың керек эле. Түшүндүң окшойт эми, э?

– Түшүндүм, – деп угулар-угулбас жооп берди Бадамкан.

Танаписте ал параллел класстагы досу Долгорсурэнди учуратып, даттанып буларды айтты:

– Билсең биздин мугалимибиз аябай каардуу. Окуу китебинде жазылгандай жооп берсең да жиндене берет.

– Туура жооп берсең эмнеге ачуусу келет?

– Билбеймин... Мугалим бизди баарын билет деп ойлосо керек да. Маанисин түшүнүп, өзүбүз мисал таап келишибизди каалайт. Карап тур, бул кебетесинде бизге “Китеп жазасыңар” деп талап койбосо болду. Балким, кийин мени айтты дээрсиң...

– Ий, кеп бул жакта дегин! Сен үй тапшырмасын түшүнүп айтып бербей, тоту кушка окшоп жаттап айткандырсың да, – деди Долгорсурэн (ал “тоту” сөзүн уккан, а кушту эч бир көргөн эмес эле).

– “Тоту куш имиш!” Билесиңби, ал мага канча баа койду? “Үч”! Ооба, ооба! Мейли. “Үч” – “эки” эмес го. Туурабы?

– Чейрек аяктап жаткан учурда “үч” деген баа алуу жакшы эмес да, – деди Долгорсурэн.

Бадамкандын ачуусу келип кетти: “Ии-и-й, өзүн мыкты сезген мактанчаак-эй!” Ал досунун каарын келтирүүчү бир сөз айтмак болду эле, кирүүгө коңгуроо чалынып калды.

Чогулуш уланып жатат. Чейрек аяктап жатат. Класста чымын учкандай жымжырттык. Окуучулардын жүрөгү канчалык түрсүлдөп соккону да угулуп тургандай. Ар биринин көзү мугалимге кадалган. Чейректин жайынтыгына кулак түрүшөт.

Мугалим Бадамкандын атын айтты. Бизге тааныш, кара тору кыз чочулап капкара көздөрүн чоң ачып мугалимге тиктейт.

“Адабият жана арифметикадан “эки” алган болсом керек? “Кудайга шүгүр, “эки” жок экен! Бардык сабактардан “үч”, музыка менен дене тарбиядан “төрт” алыптырмын”. Бадамкан жеңил дем алды.

– Ата, – деди кубанып, үйгө чуркап кирип келатып, – чейрек бааларым жакшы, бир дагы “эки” жок!

– Кара, э, кандай эрдик!

Апасы кыям кайнатып жаткан.

– “Эки” жок дейсиңби? Анда кандай бааларды алдың?

– Бүт “үч”...

– “Үч” дегин!.. Бааларың сонун го! – деди атасы. – Канакей, айтчы, эмнеге бардык балдар жакшы окуйт, сен алардай окуй албайсың? Жок дегенде эжеңден үлгү алсаң болор эле. Ал мектепти жакшы баалар менен бүтүрдү, мына, көрүп турасың. Университетте окуп жатат. Эмнеге эжеңдей боло албайсың-э?

– Мага “үч” да боло берет, “үч” анча деле жаман баа эмес! – деди өзүн коргоп Бадамкан.

– Жаман баа эмес имиш! Эжеңден каериң кем, мага ушуну айтчы? – деди ачуу менен атасы. – Сен жалкоосуң, ошондуктан “үч” аласың, же “төрттөн “ коркосуңбу? Эми “эки” албаганың гана жетпей калдыбы? Анда мен кантип уялбай башымды көтөрүп жүрөмүн!

Бадамкан эмне кыларын билбей отургучка отуруп калды. Анан күзгүгө тиктеди. Анын бети кызарып кеткен болчу.

Ошол кезде эжеси Царенкан ашканадан кыям алып чыкты.

– Талашып-тартышып болгондурсуздар... Эми кыямдан татып көрүңүздөр, – деди ал күлүп.

Бадамкан апасынын алчадан даярдаган кыямын мурдатан эле жакшы көрөт эле да. Эжесинин сөзүн угуп, дасторкондун жанына чуркап келди. Царенкан атасына жана өзүнө деп табакка толо кыям куйду. Бадамканга жарым тарелка кыям куюп сунду. Аны көрүп:

– Эмнеге мага жарым тарелка кыям бердиңиз, – деп сурады эжесинен.

– Бадамкан, өзүң ойлоп көрсөң, “үч” баага деле ыраазы болгонуңдан кийин, сен жарым тарелка кыямга деле ыраазы болот го деп ойлоптурмун... – деп жооп берди эжеси.

Бул окуя Бадамканга аябай таасир кылды. Ошондон кийин ал өз катасын түшүнүп, жакшы окуп, “үч” бааларын жойгонго, билимдүү болууга умтулду.

**Титер Жойс,**
**Замбия**

# ТИКИ

“Мен Африкадагы эң бактылуу баламын, – деди кубанып Тики. – Эртең менин укмуштуу кубулуштарга бай күндөрүм башталат”.

Сапарга чыгуусун ойлоп аябай толкунданды, себеби ал канча-канча жаңы нерселерди, көп окуяларды башынан өткөрөт да!

* * *

Бул окуя өткөн жумада Кафунди агайы Чоң шаардан кат алган күнү башталган болчу.

Албетте, бул сөз бир паста бардыгына белгилүү болду, себеби айылга анда-санда убакта гана кат келер эле, ар бир келген сайын ал чакан айылдын эли үчүн чоң окуяга айланчу...

– Мен бу катты окуп көрөйүн, – деди Кафунди агай.

Ал катты окуп жатканда ошол жерге (айылдын мектеби деп аталган тамдын алдына) акырындап эл топтоло баштады. Бирок алардын баары карыялар менен жаш балалуу аялдар болчу. Кетмен кармаганга жарагандардын баары жүгөрүзарда иштеп жаткан учур эле.

Күндүн аёосуз ысыгына карабай, эч бири кыбыр этип койбой, кыңк эткен үн да угулбайт, бардыгы Кафунди агайдын оозун аңдып турат. Алар катта эмне жөнүндө жазылганын тезирээк билүүгө кызыгышар эле.

Кафунди катты окуп бүтүп, топтолгондорго бир көз салып, көз айнегин колуна алды. Бирок ошол замат кайра көз айнегин мурдунун үстүнө кондуруп, токтоолук менен колунда кармап турган кагазды мурдуна жакындатты.

– Кана, эмне деп жазышыптыр? – баш-аламан сөздөрдүн арасынан чыдамы кеткен бир үн угулду.

Кафунди кайра көз айнегин колуна алып, жөтөлүп койду.

– Бу кат Чоң шаардагы орто мектептин директорунан келиптир, – деп билдирди ал. – Кат өзүңүздөр жакшы тааныган адамга тиешелүү. Ал Тикинин атына жазылыптыр...

Ошол замат чуру-чуу сөздөр башталып кетти.

– Бул жерден өтө алыста – Чоң шаарда жашаган абройлуу директордун айылдык жаш бала Тикиде эмне жумушу бар экен?..

Кафунди агай топтолгондорго дагы бир жолу көз жүгүртүп чыкты: ал баштаган сөзүнүн аларга канчалык таасир бергенине курсант эле. Себеби сөз анын эмгегинин акыбети – окуткан окуучусу жөнүндө болуп жаткан тура!

– Бул катта жазылгандай, – деп сөзүн улантты ал эл тынчып калган соң, – Тики мектебибизде бардык балдардан жакшы окуйт, ошол себептен ал орто мектепте окууну улантуусу зарыл. Ошондо ал дагы башка көп предметтерди үйрөнөт, жетишээрлик билим алат, окумуштуу болуп жетилет, айылыбыздын аброюн көтөрөт.

Топтолгондор кол чаап жиберишти, андан соң өз ара сүйлөшүп кетишти. Чоң шаардан келген бул кат эң кубанычтуу кабар экен да!

Тики өзүн коёрго жер таппай калды. Каттын мазмунун билип алган соң ал ушунчалык сүйүндү дейсиң: орто мектепте окуу үчүн айылдык окуучулардын арасынан аны, Тикини тандап алышканы эң жакшы окуя болду да!

Ал атасы менен апасынын талаадан кеч кайтып келишин да күтүп отурбады. Бул укмуш кабарды аларга тезирээк жеткирүү үчүн өзү талаага ашыкты.

Тики аркы өйүздөгү жүгөрүлөр өсүп жаткан жерге бадалдарды аралап чуркап жөнөдү.

Ал асма көпүрө менен аркы жээкке өтүп алды да, бир аз жүргөн соң ата-энесин көрдү: алар чарчашкандыктан кетменди зорго шилтеп жатышкан экен.

– Ата! Апа! – деп кыйкырды ал. – Кубанычтуу кабар апкелдим!.. – Тики Чоң шаардан келген катта жазылгандарды шашып–бушуп сүйлөп жатты.

Апасы кубанганынан жылмайып койду, атасынын жүрөгүн да сыймыктануу сезимдери ээлеп алды. Бирок бир мүнөт өтүп-өтпөй атасы карбаластап калды.

– Апкелген кабарыңа абдан кубандык... аябай кубандык, уулум, – деди ал. – Бирок Чоң шаардагы ошол мектепке кантип барасың? Ушул учурда же мен, же апаң, же айылдагы башка

бир киши сени жеткирип баруу үчүн талаадагы кызуу жумушун таштап кете албайт да. Азыр дыйканга ар бир күн, жада калса, ар бир мүнөт да кымбат! Таштап койсок түшүм набыт болуп калат, жетишээрлик оокат кыла албай калабыз.

– Өзүм эле кете берем, – деди ойлонуп отурбай Тики. – Мен күчтүүмүн! Күнгө карап бара берем да, туура айтылган дарек менен жетип алам.

– Жада калса, чоңдор мындай алыс жерге жалгыз барганга жүрөксүнүшөт, – деди муңайып атасы. – Өзүң ойлончу, жети күндүк жол э! Бийик тоолордон, шар аккан дарыялардан өтүүгө туура келет.

– Мага эч кимдин кереги жок, – деп чымыркана сүйлөдү Тики. – Мен коркпоймун. Тоолордон да, дарыялардан да өтүп кете берем.

– Жолуңда канча жапайы, коркунучтуу айбандар учурап калышын ойлоп жатасыңбы өзүң? – деп сөзүн улантты атасы. – Сенин баатыр экениңди го билем, бирок Имбвил жолборсуна каршы туруштук бере алар бекенсиң? Же Нкаламо арстанына каршы чыга аласыңбы? Же Нсофу пилине каршылык көрсөтө аласыңбы? Жок, жок, муну тыкыр ойлоп көрүш керек.

Тикинин кубанычы өчө түштү: мындай мүмкүнчүлүк бир келди эле, башка эч качан болбойт, демек, Чоң шаарда окуу анын колунан келбейт!.. Ал артына бурулуп кете турган болду.

– Тики, – деп артынан акырын чакырды атасы. – Капа болбо, балам. Аксакалдын алдына барабыз, акыл сурайбыз. Ал киши, албетте, бир жолун ойлоп табат. Ушу бүгүн кечинде анын үйүнө барабыз.

Күн батары менен аксакал жана анын кеңешчилери Гулхандын айланасына топтолушту. Тики менен атасы арыраакка чөктүшүп. Аларга аксакал менен кеңешчилердин кебин угууга уруксат берилсе да, маектерине аралашуу, сүйлөөгө тыюу салынган болчу.

Гулхандын маанайы ой баскан кишилердин көңүлүн көтөрүп турар эле...

Токойдон курбакалардын бак-бак этип бакылдашы жана саратандардын токтоосуз чыркылдашы угулуп, баары тым-тырс

отурушат. Тики толкундануу менен ар бир кеңешчинин жүзүнө үмүттүү жалдырайт.

“Иши кылып, бир жолун ойлоп табышар! – деп миң ирет кайталайт ичинен. – Мен орто мектепте сөзсүз окушум керек!”

Чоң кеңешчи сөз баштады:

– Азыр талаада абдан кызуу жумуш жүрүп жаткан мезгил, – деди ал. – Мындай учурда чоңдордон эч кимдин колу бошобойт. Тикини шаарга да жеткире албайт.

– Бирок бала шаарга барышы керек, – деп өз оюн билдирип кесе сүйлөдү пакене бойлуу, толмоч кеңешчи. – Эмне, башка ойдо да болушубуз ыктымалбы?

– Анда кимди жиберебиз? – деп сурады чоң кеңешчи.

Алар дагы ойлонуп калышты. Ортодогу жымжырттыкты аксакал бузду.

– Мафутаны жиберсек болбойбу? – деди ал.

Кеңешчилер таң калышып, бири-бирине карап калышты. Мафута өтө айбаттуу болгону менен, аябай жалкоо эле. Жада калса аны балдар да жактырбайт болчу.

– Хм, Мафутаны дечи! Ал андан бетер болбойт! – деп ачуулана түштү узун бойлуу кеңешчи.

– Ал айылдагы эң бекерчи адам, – деп кошуп койду толмоч кеңешчи.

– Анын эч бир пайдасы жок! Күнү бою мээ кайнаган ысыкта бекер күн өткөрөт...

– Жомок айткандан оозу түк бошобойт!..

– Камыш сурнайын чалып жүргөнү-жүргөн...

– Бу айтканыңардын бардыгы чындык, – деди чоң кеңешчи. – Ал, балким, бүт Африка боюнча эң мыкты жомокчу, балким эң мыкты сурнайчы болушу ыктымал, демек ал ошол иштерине гана жарайт. Бирок, менимче, мындай татаал жумушту ага ишенип тапшырууга болбойт. Айрыкча, баланы ага кантип ишенебиз?

Чоң кеңешчи сөзүн бүткөнчө акырын баш чайкап отурду да, анан дагы бир кеңешчи мындай деди:

– Сөзүңөр туура. Мафута жалкоо жана камырабас неме, анын эч кимге деле пайдасы жок. Бирок силерден ушуну суранам, деги бул адамдын акылы барбы?

– Ооба, бар – деп жооп берди толмоч кеңешчи. – Анын пайдасы тийбесе да, кудай акылдан кем кылбаган.

– Ден-соолугу жакшы эмеспи? – деп кайра сурады аксакал.

– Жок, жок, – деди арык кеңешчи. – Бул жалкоонун күчү эки буканы жыкканга жетет.

– Ал жаман адам эмеспи?

– Жок, жок, жаман адам эмес, – дешти бир добуштан кеңешчилер хор менен. – Мафутаны анча сыйлабасак да, эч кимибиздин ага карата өчөшкөн жагдайыбыз жок. Тескерисинче, ал адамдарды күлдүрүп, өзүнүн жомоктору менен көңүлүбүздү жазат. Ак көңүл адам.

– Демек, бардыгы белгилүү болду, – деп кеңешүүнү жыйынтыктады аксакал. – Тикини Мафута жеткирет. Анын күчү, акылы жана парасаты алыскы жолдо баланы коргоп барганга жарайт. Мафутанын сурнайы жана жомоктору Тикинин зеригип калуусуна жол бербейт.

Кеңешчилер баш ийкеп ыраазычылык билдиришти.

– Мафутанын бир канча күнгө жок болгону, – деди арык, сөзмөр кеңешчи, – жумуштун кызып жүрүп жаткан учурунда баарыбызга пайдалуу. Себеби адамдарыбыздын баары тер төгүп иштеп жүрүшөт. Албетте, Мафута да иштеши керек эле... Бирок анын кылган иши иштеп жатат деп айтууга болор бекен?! Кетменге сүйөнүп алып, күнү бою оозу токтобойт. Өзү да иштебейт, башкаларды да иштетпейт.

– Анын үстүнө, сурнайын чалса барбы, элдин бардыгы кетменин ыргытып, талаада эле бийлеп кетишет, – деп кошуп койду толмоч кеңешчи.

– Ооба, Мафута убактылуу айылдан чыгып кетсе, кайра жумуштарыбыз тездеп кетүүсү турган кеп, – деди аксакал.

Ошентип, Тикини шаардагы орто мектепке Мафутанын жардамы менен жеткире турган болушту.

Мындай чечимди угуп Тикинин кубанычы койнуна батпай атасына карады.

– Эми шаарга окууга барамын да, э?

– Ооба, кудай буюрса, – деп күлүп жооп берди атасы. – Чоң шаарга окууга барасың.

– Мафута менен бирге баруума каршы эмессизби?

– Менимче, Мафута менен бирге барганың жакшы. Аны бала кезинен бери билем. Акылдуу бала болчу. Азыр деле жакшы адам.

– Кана, эми бар, бара кой, Мафутаны издеп тап. Аксакалдар кеңешининин жыйыны чыгарган чечимден аны кабардар кыл.

Тики Мафутанын үйүнө чуркап кетти.

Кичинекей, көрүнүшү анча деле эмес үйдүн жанында чоң от жагып алып, Мафута казанга жүгөрү ботко бышырып жаткан экен.

Мафута Тикини көрүп жылмайды: ал дайыма үйүнө келген конокту ачык маанай менен тосуп алчу.

– Ии, сенсиңби, Тики! – деди үнүн бийиктетип. – Кечки тамакты бирге жейбиз, отко жакыныраак отур. Сени менен тамактануу мен үчүн чоң кубаныч.

– Жок, – деди Тики. – Мен сизге аябай зарыл кепти айтайын деп келдим...

Тики болочоктогу жол сапары тууралуу ага төкпөй-чачпай айтып берди.

– Сиз макул болосузбу? Жок дебейсизби? – деп сурады андан кабатырланып.

Мафута бир аз убакыт ойлонуп отурду. Тики бул учурда чочулагандай тиктеп турду ага.

– Макул, – деди Мафута. – Сени менен бирге барам. Жүгөрүзардагы оор эмгектен кутулат турбаймынбы!

Эми жол сапарына даярдык көрүү калды. Ар ким өз-өзүнчө Тикиге акыл-насаат айтып жатышты. Апасы суук токойдо түнөгөн учурда жакшылап оронуп жатууну кайра-кайра дайындады. Атасы токойдо адашып калбоону, жырткыч айбандардан абайлап жүрүү керектигин айтат. Кафунди агай аны бир четке чакырып, орто мектепте өзүн алып жүрүү эрежелерин кулагына куят. Аксакал Тикини үйүнө чакырып, ага жолдо учурай турган тоолор жана дарыялар жөнүндө кеңири сүйлөп берди.

Тикинин достору да курсант болуп жатышты.

– Аябай ооматтуу экенсиң, – деди Муленганын көзү күйүп.

– Канча жаңылыктарды, кызыктуу нерселерди көрөсүң!

– Африкадагы эң мыкты жомокчу менен бир жума сапарда болосуң. Бул эң чоң бакыт! – деди Мвана дагы.

Алар жолго чыга турган күн да келди. Асман чайыттай ачылды. Тикинин чоң билим сапарына аттанганына кубангандай, куштар да аларга жакын келип сайрап жатышты.

Апасынын гана бир аз манаайы чөгүңкү жүрдү. Ал Тикини кучагына бекем кысып, ага түндө оронуп жатуу үчүн калың жууркан, суу толтурулган идиш, жүгөрүнүн сотолору салынган тор баштык, күн ысып талыкшыганда жеп кубаттанып алыш үчүн үч даана анбах мөмөсүн берди.

Атасы анын колун бекем кысып, бир убакта чоң атасынан калган аңчынын бычагын жана тумарын – кабыландын тишин ага белек кылды. Тики тумарды мойнуна асып алды.

– Бычакты абайла, – деп дайындады атасы. – Аны дайым таза жана курч абалда сактап жүр. Ошондо бычак сага бир убакта чоң атаңа кызмат кылгандай керегиңе жарайт. Кабылан Имбвилдин тиши сени ар кандай жамандыктардан коргойт. Аны эч качан мойнуңдан түшүрбө.

Анан Тики аксакал, устаты Кафунди, достору жана ата-энеси менен коштошту.

Мафута Тикинин колунан бекем кармап алды.

**Ю. Пайле,**
**Финляндия**

## ЭМИ КИМ МЕНЕН ДОСТОШУУНУ БИЛЕМ

Вилли менден эки жаш улуу, бирок ошол күнү акыркы танаписте биз мектептин короосунда бирге болдук. Вилли мени акыркы көргөн кинобуздагы Наристе Жиммиге окшотконун айтты. Андан соң ал мени өзүнүн досторунун жанына ээрчитип барды. Алардын ар бири менен тааныштырганын классыбыздагы балдардын баары көрүштү.

Бир аз алар менен сүйлөшүп турдук: мен артыма караганым жок, ошондой болсо да бул учурда классташтарым бизге көз албай карап турушканын анык билемин.

Шашылбай, кудум Вилли сыяктуу эки колумду чөнтөгүмө салып, классташтарымдын жанына кайра жөнөдүм. Дал ошол маалда коңгуроо кагылып, сабакка шашып жөнөдүм. Кеч кала жаздап мугалимдин артынан класска кирдим.

Эч ким кыңк этип ооз ачпады, бирок класстагылар кечеги, жада калса, бүгүн эртең мененки көргөндөрүнө караганда мага болгон мамилелерин өзгөртүүсү ыктымал болчу. Себеби скаутчулар (буржуа балдарынын уюму) отрядынын командири Вилли Лахтинендин өзү менен ушунчалык жакын болуп калганым болчу...

Бирок эмнегедир жанымда отурган Саппо мен ордума отуруп жатканымда арыраак сүрүлүп отурду да, пеналына бир нерсени салды: анын бул кыймылынан “Ким менен достошсоң да, мага баары бир” – деген маани байкалып тургансыды.

Эч нерсе эмес. Үч күндөн кийин жайкы каникул башталат да, Вилли мени менен тыгыз байланышып, бардыгын тыкыр үйрөтөт. Өзү ошондой деп убада бербедиби. Ал сөзүнө бекем турган бала. Ал мени скаутчу кылып даярдамакчы. Биз токойлорго бара турган болгонбуз, кайык менен сейилдемекпиз. Виллинин кайыгы менен кош атар мылтыгы бар. Ал мага мылтык атканды да үйрөтмөк болгон.

Көрөбүз, кара гимнастёрка жана курга бычак асынган кыска шым кийип жүргөнүмдү Саппо көрүп эмне дейт болду экен!? Скаутчулардын кийимин кийип алган балдарга көзү күйүп жүргөнүн мен билем го!

Көрөбүз, ошондо классташтарым эмне дешер экен?! Азырынча алар менден бөлүнүп кетишкен сыяктанат, мен скаутчуларга жакыныраак көнүшүп алайын...

Түштөн кийин Беш-Бурум майданына бара турганыбызды айтып, Вилли биздин үйүбүзгө келди. Майдандан анча алыс болбогон эки кыштуу дубалдын артындагы короо скаутчулардын жыйнала турган жайы экен. Скаутчулар – ынтымактуу, баатыр балдар. Алар мушташуунун чеберлери. Эмне кылууну жакшы

билишет. Майрам күндөрү бири-бирине белектерди беришет. Вилли мага булар жөнүндө айтып жатканда мен ага жакын арада боло турган майрамга бычак белек кылуумду айтсам макул болбоду. Ал менден фонарь берүүмдү суранды. Өзү мага бычак белек кыларын айтты. Фонарь чырактан кымбатыраак, мейли эми, ага да акча табам. Вилли менен дос болбодумбу…?

Биз "Зулмат ичинде атылган ок" фильминдеги баскынчылардын ролдорун аткарып ойнодук. Мен Наристе Жимми болдум. Вилли жолтосорлордун башчысы болуп кыйкырып турду:

– Эй, Урхо, сен Наристе Жимминин алдында чөгөлөшүң керек! Какайып турбай, чөгөлөп ыйла!..

– Баскынчылар! Наристе майданга кирип келгенде бардыгыңар ордуңардан турасыңар. Түшүнүктүүбү?

Оюн бүткөн соң мага мындай деди:

– Азаматсың, Наппо! Полицейди атып, терезеден секиргениң аябай окшоду…

Оюнга кызыгып кетип, кеч болуп кеткенин да байкабаптырбыз, бутум-бутума тийбей, үйдү көздөй чуркадым.

"Укмуш бала турбайбы бу Вилли деген, – деп ойлодум төшөгүмдө жатканда, – ак көңүл, иш билги да экен. Дайым жардамга даяр. Бирок мен кандайча өзүмдөн улуу балдардын сардарына жагып калдым?"

Өзүмдү акылдуу сезип кеттим. Чын эле, жөнөкөй эмес, эпчил жигитмин. Былтыр жазда Саппо менен күрөшүп, бат эле далысын жерге тийгизе жерге чапканмын. Ошондо Саппо жинденген эмес. Анын ордуна музкаймак жегенбиз. Вилли да жакшы, аябай жакшы жигит. Ал мени скаутчулардын жыйналышына алып барууга убада берди, себеби мени скаутчулардын отрядына кабыл алышат. Биз эртең саат тогузда "Жарнактар" жазылган тактайдын жанында жолукмак болгонбуз.

Саар менен ойгондум. Мени алдыда эмнелер күтүп жатканын ойлоп тынчсыздандым. Чын айтсам, скаутчулар жөнүндө өтө көп билбеймин. Бирок майрамдарга даярданып, көчөдө катарлашып шамдагай кадам шилтеп жүргөндөрүн көргөнмүн.

Балдардын айтуусуна караганда, алар бардык ишти сыр кылып кармашат, эч кимге билдирбей жыйналыштарын өткөрүшөт, өздөрү гана окуй ала турган белгилер, шарттуу сөздөрү болот имиш. Алардын бул жашыруун, купуялуу, бирок кызыктуу кубулуштарга бай эсептелген жашоосу адам акылы жетпей турган көрүнүш сыяктанат.

“Жарнактар” жазылып турган тактайга эми эле көлөкө түшүп турган болчу, эми болсо күн тийип калды. Саат да тогузга жакындады. Мына, бир аздан соң... Денем дүркүрөп кеткенин сездим. Дайым ошондой болот: бир опурталдуу көйгөйлөр чечиле турган учур жакындаган сайын денем дүркүрөй берет.

Кокустан мен билбеген суроону берип, же жумушту аткарууга мажбур кылып калышсачы, ыя?... Себеби скаутчулар ааламдагы бардык нерсени билишет деп уккам.

Виллинин ышкырганы оюмду бөлүп жиберди. Ал мени көрүп колун булгалады.

– Бир аз кечиктимби? Эч нерсе эмес да, ошондойбу?

– Эч нерсе эмес, – деди “өз адамымдай” беймарал, бирок өзүмдү бир кызыктай сезип кеттим. Кудум ошол учурда мага темирден жасалган кийим кийгизгендей туюлду.

Вилли менин бул абалымды байкабагандай болду. Биз көчө менен ылдый басып жөнөдүк. Апам мени тамакка келеримди күтүп жатканы эсиме түшө калды. Бирок скаутчулар бардыгына чыдашат. Вилли ошондой деген болчу. Жолдо келатып пивонун идишиндеги этикетканын сүрөтү салынган айнектүү пивокананын жанынан өттүк.

– Итти жактырасыңбы? – дүкөндүн жанында отуруп жол боюнда ойлуу турган айбаттуу кара итке тиктеп калганымды байкап сурады Вилли.

Иттер көбүнчө ойлонуп отурушат, бирок аны адамдар байкай беришпейт.

– Байкемдин ити бар. Анын фермасына барганымда күнү бою ошол ит менен убара болом...

Вилли менин сөзүмдү бөлүп кетти:

– Лагерибизде жыйырма чакты ит бар. Кааласаң өзүмдүн сенбернарымди сага беришим мүмкүн. Ал укмуш ит. Ар кандай

изди табат. Айткандай, штабга жетекчилик кылууну мага тапшырды. Мени менен жүрсөң кор болбойсуң.

Мен жан деп ыраазы болдум. Албетте, аны менен бирге жүрсөм кор болбоймун. Ал менден эки жаш улуу болсо да, чыныгы ишеничтүү дос. Аны эч уят кылбаска аракет кылам.

Биз айнектүү эшикке жакындадык. Вилли мага оң жактагы кичине жазууну көрсөттү: "Скаутчулардын штабы".

– Ушул жерди эстеп кал. Бул жерге түндөсү да, күндүзү да кантип келүүнү билип алышың керек.

Эшикти бир бала ачты. Жөнөкөй эле бир бала экен.

Күндүн нуру чагылышып турган көчөдөн кире калганыбызгабы, биз кирген далис мага капкараңгыдай туюлду. Бу жер мурда үй болсо керек: оң жактагы кыйгач ачык эшиктен жапыз диван, жазуу столунун төбөсүндө бир абышканын сүрөтү көрүнүп турат. Абышка кемсел кийип, стулда кофе ичип отурат.

Вилли кийинки бөлмө жакка өтүп жатып:

– Анын аты Наппо. Жаңылардан, аны балдарга тааныштырып кой, – деди балага.

Бала шашылбай менин башыман бутума чейин теше тиктеди да, ичкери ээрчитип кирди.

Кең ашканада беш-алты скаутчу полдо отуруп, жада калса, жамбаштап алып соку менен эмненидир жанчып, шише банкага салып аралаштыруу менен маашыр болуп жатты. Дагы бир жигит бийик стулга чөгөлөп алып плитанын үстүндөгү эки чоң казанда кайнап жаткан нерсени чөмүч менен сапырып жатат.

– Эй, бул жакка көңүл бургула! – деп кыйкырды мени алып кирген бала. – Мына бул хуниктин аты Наппо. Ал скаутчу болууну каалап калыптыр. Скаутчу болууну каалайсыңбы?

– Ооба, каалаймын, – деп жооп бердим мен.

– Сен олку-солкулугуңду токтот, төө! – деди ичке, узун бойлуу бала ордунан туруп жатып, боюн эсепке албаганда, чындап Наристе Жиммиге окшоп кетет экен… – Мени уккула. Ал чыныгы рыцарь болууну каалайт.

Баары кыңк этпей шыңга бойлуу балага карап калды. Ал мага кайрылды.

– Биз сага скаутчуларга тиешелүү болгон алгачкы сыноонун сырын ачабыз. Бул оңой эле! – деди ал күлүп. – Беймарал чыдасаң болот. Эй, Лейлек, шамды ала кел!

Башы кичине, бетин сепкил баскан, кабагы калың жигит кайдандыр бир шамдын калдыгын таап келип ага сунду.

– Чыдамкайлык сыноосу. Кана, алаканыңды бери тос!

Ал шамды жагып жаныма жакын келди. Улуу-кичүү балдар жумуштарын таштай салып, айланама топтоло калышты.

– Эмнеге какайып туруп калдың? Коркуп жатасыңбы?

Алаканымды отко тостум.

– Ылдыйраак бол, ылдыйраак! – жарыша кыйкырышты балдар.

– Бир... – үнүн созуп санай баштады түсү кубарган бала.

Эки...

Мындан бир-эки жыл мурда өзүмдүн баатырдыгымды мына ушул ыкма менен сынап көргөн элем. Бирок ошондо мени эч ким көргөн эмес, жалгыз болчумун да, бат эле тартып алгам. Азыр эмне болсо да чыдаш керектигин чечтим. Көздөрүмдөн от чыгып кетти.

– Болду! – деп кыйкырып жиберди балдардын бирөөсү. – Болду, жетишет!

– Жети... сегиз... – шашылбай санай берди кубарыңкы бала.

Кокустан ашканада пайда болгон Вилли бир сөз айтпай эле кубарыңкы баланын быкынына муштап жиберди. Шам колунан ыргып жерге түшүп, өчүп калды.

– Ким силерге досумду маскара кылууга уруксат берди, – деп сурады Вилли.

Балдар тымтырс болуп калышты.

– Алар сөзсүз жазасын алышат, – деди ал мени далымдан кучактап.

Каректерим жашка толуп, жүзүмдөн ылдый агып түшө баштады. Эмнеге ушундай болот: абалыңды бирөө түшүнсө ыйлап жибересиң...

Эреркегенимден өңгүрөп жибербеш үчүн өзүмдү кармадым. Ыйлаганымды Вилли байкабай калды. Ал мени тегеректеген балдар узун столдун айланасында дептерге бирдемелерди

жазып отурган бөлмөгө алып кирди. Жыйырма, балким андан улуу жаштагы узун бойлуу байке аларга бир нерселерди айтып жаздырып жатат.

Ал мага байкоо салып тиктеп, өзүн кызыктырган суроосун берди:

– Эч нерседен коркпойсуңбу? Таяк жегенденчи?

– Коркпоймун, – деп жооп бердим мен.

– Мынчалык азамат жигит экенсиң, баатыр жана ийкемдүү экениңди да көрсөтсөң сыноо мөөнөтүсүз кабыл алабыз. Вилли Лахтинен сенин командириң болот. Сен ага сөзсүз – эч ойлонуп отурбай, талашып-тартышпай моюн сунушуң керек. Сен, Вилли, ага отрядыбыздын мыйзамдарын, албетте, үйрөтөсүң.

Вилли үч манжасын өйдө көтөргөнчө, такасын полго уруп койду. Бул “Куп болот. Буйругуңуз аткарылат!” – деген маанини билдирет эле.

Өмүр бою эсте сакташым керек болгон скаутчулардын штабынан чыкканыбыздан соң Вилли мага буйрук берди:

– Эртең экөөбүз – сени менен олуттуу тапшырманы аткарганы барабыз. Он чакырымдай жолго керек боло турган бардык нерсени баштыкка салып ал. Күнү бою жүрөбүз.

Үйдөгүлөргө “бизди класс жетекчибиз алып бара жатат” – деп айтып койдум.

Азанда Вилли менен трамвайга акыркы аялдамасынан отуруп, ибадаткананын жанынан өтүп, токойго кирдик. Салкын, жапжашыл токой ичинде жол жүрүү кандай жыргал!

Вилли сүйлөбөй эле, көпчүлүк адат кылгандай, кайсы бир обонду ышкырып коюп, а мен болсом эми дагы эмне болот болду экен деп жүрүп олтурдум. Скаутчулар менен достошо электе келечек жөнүндө анча оюма да келчү эмес. Эмне болсо да, бешенемден көрүп жүрчү элем. Эми кандайдыр бир кооптуу же күтүүсүз окуя болуп кетчүдөй көңүлүм сарсанаа боло берет. Байкатпай Виллиге караймын. Мына, ал – чыныгы жигит, чыныгы баатыр, өз алдынча, эч нерседен айбыкпайт.

Жолдо унаа же адамдын карааны көрүнбөйт. Бул да көңүлүбүздөгүдөй, кудум биз өзүбүз ушул жердин ээси сыяктанып кетип барып жатабыз. Биз – Вилли менен мен, мени

менен Вилли максатка карай алга барып жаткан, кандайдыр бир маанилүү тапшырманы аткарууну мыкты биле турган баатыр жигиттер сыяктанабыз!

"Кайда кетип бараткеныбызды сурасам болор эле," – деп ойлодум. Вилли оюмду билип тургандай, ушул учурда мындай деп жиберди:

– Бул опарация "Көк так" деп аталат. Биз көлгө бара жатабыз.

Токойдун чыйыр жолунда бир аз отуруп эс алдык. Тамактанып, арыкта агып жаткан тунук суудан ичтик. Кайра жумшак жана нымдуу чөп менен басып алга жөнөдүк. Вилли беймарал калың пиймада (кийизден жасалган жүн өтүк) кийип жүрөт, менин сандалым (жеңил, жайкы бут кийим) чөптүн нымынан суу болуп калган болчу. Ошентсе да далбастап командиримден артта калбаганга аракеттенем.

Биз аскалардын түбүнө жетип, өргө карай тырмышып чыктык. Бийиктиктен туруп чоң көлдү көрдүк. Бийик жерден ал көк түстүү эмес, кара чоң так сыяктуу көрүндү. Айлананын баары чытырман токойзар.

– Тээтиги жакта – көлдүн жээгиндеги түтүндү көрүп жатасыңбы? – Вилли асманга өрлөп көтөрүлгөн ичке түтүндү колун жаңсап көрсөттү. – Ошол жакка барышыбыз керек.

– Ал жерде эмне кылабыз? – деп сурадым кабатырланып.

– Жетип баралы, ошондо көрөсүң.

Көздөгөн жерге жеткенче санаабыз санга бөлүндү. Вилли таштарга, чөп-чарларга чалынып жыгылган сайын сөгүнүп коёт: мен күчүмдүн жетишинче чыдап, өзүмдү тың кармап, алсыздыгымды көрсөткүм келбейт.

– Токтой тур! – деди Вилли айлана-чөйрөгө кулак төшөп. Токой жымжырт эле. – Эми сага эскертип коёюн, мындан ары үн да чыгарбайбыз. Тигил жерде – душмандар бар.

"Душман?" Таң каларлык! Мурда эч бир душман-пушман дегенди билбес элем...

Биз абайлап акырын бастык. Караңгы, чытырман токой жана нымдуу аба...

Бир аздан соң же арыктагы суунун шылдырашыбы, алды жактан кандайдыр бир үн кулагыма угулгандай болду.

– Бу жерде пионерлер турушат, алардын лагери да ушул жерде, – деп акырын шыбырады Вилли. – Бизди байкап калбасын да иши кылып...

Вилли артынан калбай жүрүүмдү буюрду. Бир кадам басабыз, теребелге кулак төшөйбүз. Кандайдыр үндөр жакынырaактан даана угула баштады. Пионерлер жумуш менен алек: "Кана, бери узат! Мына ушундай, мына ушундай! Оң жакка өт! Бекемирээк тарт!"...

Аңгыча ачык жерге чыгып калдык, тегиз аянтта ары-бери чуркап, басып жүргөн балдарды көрдүк.

– Жат... – деп буюрду Вилли. Биз жакынырaак эмгектеп барып, пионерлердин кыймылына байкоо салдык. Алар бир канча чатырды катар тигип коюшуптур. Арыраакта, эки чатырдын жанында кыздар бир нерсе кылып жатышат. Улуураак жаштагы, атайын кийим кийип алган үч жигит орто жерге желек тагылган жыгачты орнотуп жатышат. Биз жанараакта ошолордун үнүн уккан экенбиз. Балдар өз иштерин бүтүшкөн соң кыздар жакка өтүп, чатырды тиккенге жардамдаша баштады.

– Экинчи отряддагылар келип таң калышат го! – деди назик, ачык көңүл кыз. –Биз өзүбүздүн чатырды тигип, ал тургай, алардын да жумушун аткарып койдук.

– Келгиле, чатырлардын айланасына шактардан калканч жасап коёбуз. Аябай сонун болот! Тизилип тура турган сызыкты да боёп чыгууга жетишебиз!

– Балдар, бардык жумушту бүгүнкүгө үйүп алганыбыз жарабайт го! Менин сунушум, азыр түштөнүүгө чейин эс алабыз, – деди кызыл галстук таккан жашы улуу бала. Балдардын бардыгынын мойнунда кызыл галстук жана желкесинен белине чейин алда кандай боосу бар болчу.

Ушул сунушту эле күтүп тургандай балдардын экөөсү топ ойной башташты, кээ бирөөлөрү килемдей көк шибердин үстүндө оонап жатып калышты. Сары майка кийген бала артынан кубалаган шеригин өзүнө жеткире койбой бадалдардын арасына чуркап кирди.

– Жеталбайсың, жеталбайсың! – деди ал каткырыктап күлүп жана шактарды ары-бери жөөлөп, түптүз мен жакты көздөй чуркап келе жатты.

Шашып калганымдан алар мени көрбөй кала тургандай, башымды колум менен калкалап, көзүмдү жумуп алдым. Бактыма жараша, шериги аны кууп жетсе да, эки бала менден эки кадам нарыта жерге оонап калышты.

– Бул жер бадалзар тура, анын үстүнө, бутка чөп-чарлар да илеше берет экен, тегиз жер болгондо сага кармата коймок эмес элем... – деди биринчиси.

– Ооба, бадалы жыш экен, – деп сөз талашып отурбады шериги.

– Лагериңер аябай жакшы экен, – деди биринчи бала. – Бирок билесиңби, өткөн жылы атам менен балык уулаганы барып скаутчулардын лагерин көргөн элем. Алардыкы эң сонун...

– Албетте! Скаутчуларга чатыр жана керектүү нерселер: жөнөкөй кайык да, жел кайык да сатып алуу оңой эле... Бардыгынын колунда бар.

Ошол учурда алда кандай бир сигнал болду да, балдар ордуларынан туруп чуркап кетишти. Түштөнүүгө чакырган болушу керек.

– Кеттик... – деп ачуулангандай шыбырады Вилли бадалдардын арасынан. – Мына эми сулуулукка суктана турган убакыт келди. Тур тезирээк, – деп буюрду ал балдар кыялап ылдыйга чуркап кетишкен соң. – Бычакты ал. Чатырды тилип-тилип саласың. Эмнеге какайып турасың? Мына мындай кыл... Түшүндүңбү? Мына мындай!

Вилли далбастап калган эле. Ал чыңала тартылган чатырга шатырата бычак сайып, калың матаны шырылдатып тилип таштады...

Мен арканын кесе баштадым. Бычак мокок экен, арканды кесkenге жарабады. Виллинин жини келди.

– Тезирээк кыймылдасаң! Полдорун да кыйма-чийме тилишибиз керек!...

Биз бычак менен резина полдорду да, дубалдарды да жараксыз кылып таштадык. Чатыр жели чыккан топтой бүрүшүп жатып калды. Эмнегедир, кылган ишиме капа болуп,

маанайым чөгө түштү. Бат эле Вилли уурудай alandap экинчи чатырды кесkenге умтулду.

– Келе жатышат! – деп кыйкырып жибердим эмнеге мындай кылып жатканымды өзүм да түшүнбөй.

Тааныш чыйыр жолго чыгып алганча, биз токойдо адашып жүрдүк.

Вилли кылган ишине курсант эле. Ал мага ар убакта өзү "эрдик көрсөттүм" деген түрдүү окуяларды сүйлөп берип жатты. Коштошуп жатканда Вилли колумду кысып койду. Анын колу муздак, жагымсыз жана жийиркеничтүү сезилди…

– Мына, эми сен да чыныгы скаутчу болдуң. Эртең саат он бирде штабга кел. Сыноодон өткөнүңдү биздикилерге айтамын. Бир нерсени сага эскертип койгонум оң: аларды ишендириш үчүн чатырлардын бардыгын кесип салдык дейбиз, макулбу?

Мен унчукпадым.

– Мына, келишип да алдык. Сенин ийкемдүү, сөзүмдү эки кылбай турган бала экениңди мурунтан эле билчүмүн…

…Биз кайтып келип, кечинде Беш-Бурум майданында коштоштук. Чоң дүкөндүн дубалындагы жарнактар ар кандай түстө кулпуруп, жазуулар шам чырактардын жарыгына чагылышып, жалт-жулт этип көрүнүп жатты.

Виллинин кебетесине тиктедим. Жарнактардын жазуулары жылган сайын чырактардын жарыгы анын жүзүн жарыктандырып өтөт. Чырактар ар түркүн түстө өзгөргөндө Виллинин жүзү кээде кызыл, кээде жашыл жана кээде карайып, жырткыч түскө айланып жатты. Андан соң жарнактардын чырагы убактылуу өчүп, терезенин жөнөкөй чырактары жагылды. Кайра Виллиге карадым. Бул учурда анын жүзүндө аруулук, мээримдүүлүк пайда боло калды. Бирок ошондо да анын жүзү улам-улам өзгөрүп, кандайдыр бир суук жүз менен тиктегендей боло түшкөнү байкалды. Анын бул карашынан эч качан ырайымдуулук, ыймандуулук, тактап айтканда, адамгерчиликти күтүүгө болбой турганын даана түшүндүм.

Скаутчулар штабына кайра кадам баспадым. Себеби ошол кечте ким менен достошуум керектиги мага айкын болгон эле.

**Роберт Макклоски,**
**АКШ**

## УКМУШТУУ ДАРЫ

Шашкеден кийин күн жайыла тийгенде Одиссей аганын ашканасынын терезесинен чакан залга күндүн нуру түшүп, боорсок бышырчу казандын темир каптамасы жаркырай түштү.

Жарык түз эле кожоюндун көзүнө урунду. Ал товар жайманын артына ыңгайлуу жайгашып алып, өзүнүн ар дайымкы үлпөт достору – шериф (жергиликтүү полиция башчысы) жана сот менен беймарал аңгемелешип отурган болчу.

Одиссей ага көздөрүн калкалап, өзүн жарыктан ала качты.

"Сыртка чыгып, терезенин үстүндөгү көлөкө кылуучу калканчты түшүрүп койсом болмок" деп койду оюнда өзүнчө.

Бирок ордунан козголгон жок.

"Жакшысы, моторду оңдоттуруп койсом болмок: жайманын астындагы кнопканы бассам болду. Сыртка чыгуунун да, чылбырын тартып коюунун да зарылчылыгы болбойт болчу" деп ойлоду.

Андан соң оозун кепичтей ачып эстеди да, күндүн нурунан өзүн ала качып, нарыраак жылып отурду.

– Кнопкасын бассаң, бас... – ал оюндагы сөзүн бийик үн чыгарып айтып жибергенин сезбей калды. Сот менен шериф чочуп кетти.

– Эмнени бассаң? – деп сурады Хомер. Бул учурда ал жайманын үстүн аарчый баштаган болчу.

– Эмне? Эмне дедиң? – деп чочулады Одиссей. Анын жообун да күтпөй:

– Мага кара, Хомер, саябандарды түшүрүп келчи, – деп суранды.

– Куп, Одиссей тайке, – деп жооп берди Хомер, андан кийин прилавканын үстүндөгү кыпын-сыпындарды алжапкычына жыйнап салып, сыртка чыкты да, бир четке какты.

Ал кептерлердин дүр этип учуп келишин бир аз сонуркап карап турду, андан соң барып, терезе менен ашкананын эшигин тосуп туруучу саябанды түшүрүп койду.

– Ыракмат, Хомер, – деди Одиссей жээни сырттан кирген соң.

– Сыртта тынччылыкпы? – деп сурады шериф. – Эч ким мыйзамды бузган жокпу демекчи элем.

– Далси Дунер ушул жакка келе жатат, – деди Хомер.

– Уфф, – деп үшкүрдү сот, – бул ошол – жердештерибиздин өтө бейбашы!

Жердештеринин арасындагы өтө бейбаш адамга бардыгы терезеден карап, келбеттүү жасалган эстеликтин жанына келип токтогонун көрүштү. Далси ширеңкенин бир талын эстеликтин тепкичине сүртүп күйгүзүп канжасындагы тамекисин түтөтүп алган соң, ширеңкенин күйгөн талын эстелик жакка ыргытканда шерифтин көздөрү чакчая түштү. Андан кийин ал ашкана жакты көздөй басып, жердеги кыпын-сыпындарды тебелеп жана да кептерлерди чочутуп жибербес үчүн ошол жайды айланып өттү.

Далси Дунер ашканага кирип, эшикти шарактатып жапканда шериф да, сот да, көңүл бурушкан жок. Алар Далси Дунердин эшикти кантип жабышын мурунтан эле билишчү.

– Ал-абалың кандай, Далси? – деп сурады шериф кудум ар бир мүнөттө андан жаңы бир жүйөсүз иш чыгуусун күткөндөй, Дунердин башынан бутуна чейин көзү тешиле тиктеп.

– Дагы эле мага күмөндүү тиктейсиз да, шериф? – деп сурады Далси.

– Сиз Огойо штатында абдан шектүү адам болсоңуз керек?

Кийинки сөз анын эмне демекчи экенин анча деле ачык билдире албаса да, баары бир, айтылган сөз – атылган ок, аны кайтарып алганга болбойт болчу.

– Бул ааламда Далси Дунердин жүйөсүз аракеттери себеп пайда болгон көңүлсүз окуялардан соң, – деди сот көтөрүңкү үн жана маанайда, – шерифибиздин шектенүүсүн негиздүү эле деп ойлоймун... жана...

– Саламатсыздарбы, достор! – кокустан бейтааныш үн угулуп калды.

Бардыгы эшик жакка бурулуп, алда кандай жат кишини көрүштү.

Анын бир колунда чемодан, экинчисинде – жыйма отургуч менен аса таягы бар эле.

– Саламатсыздарбы, досторум! – деп кайта саламдашты бейтааныш киши. – Сиздердин бул дүйнөдө бактылуу адамдар экениңиздерге эч бир күмөнүм жок. Бир мүнөттөн кийин болсо, анығыраагы, алтымыш секунддан кийин мен сиздерди андан да бактылуу кыламын. Сиздер менин укмуштуу жана чо-оң ызы-чууга себеп боло турган сунуш менен келгеним үчүн мага аябай ыраазылык билдиресиздер!

Анчалык түшүнүксүз бул сөздөрдөн соң ал өзүн профессор Х.Е.Чвако деп тааныштырды.

– Мен профессор Х.Е.Чвако болом, – деп кайра-кайра быдылдады жана ушул арада анча жумуштарын аткарууга: эшикти жаап койгонго, шляпасын бешенесине түшүрүп алганына, жыйма отургучун орнотконго, анын үстүнө чемоданын жайгаштырып койгонуна, жанына таягын сүйөгөнгө жана да кол кабын чечкенге үлгүрдү.

– Мына бул жерде, – мыйыгынан жылмайып, чемоданынын илгичине чертип койду ал, – дүйнөлүк кереметтердин бири бар! Ооба, досторум, сиздер чыныгы досторумсуздар! Бир мүнөттөн кийин таң калычтуу тиктеп турган каректериңиздин каршысында бир сонун нерсеге көз салып, сиздерге ушунчалык зор сунушту айтамын. Аны кабыл алсаңыздар, бүтүндөй жашооңуздарды түп-тамырынан бери өзгөртүп жиберүүңүз ыктымал… Албетте, эгер өзүнүн жашоосун өзгөртүүнү каалаган кишилерден болсоңуздар! – ал “каалаган” деген сөзүнө өтө басым жасап кошумчалады жана кол кабы менен чемоданынын илгичине муруңкудай чертип койду. – Сиздердин акылдуу жана даанышман, баатыр жана ынтымактуу, кайраттуу жана эптүү, көсөм жана албетте, чечкиндүү экениңиздерге ишенем!..

– Эмне деп дабдырап жатат? – деп сурады Далси Дунер. Бирок профессор Х.Е.Чваконун сөзүн токтотуу оңой эмес экенин сезди.

– …Сиздер укмуштуу нерсе, укмуштуу продукциянын ээси боло турган чоң бакытты, – деп улантты ал профессор, – колдон чыгарбайсыздар…

– Эй... биз... – Далси сөзүн баштаган жерде жоготуп, кайра жым болуп токтоп калды.

– ...Аны сиздерге сунуштоону... – кудум эч нерсе болбогондой сөзүн улантты профессор, – өзүмө сыймык деп билемин...

Ал демин ырастап алган соң элдер тынчып калган учурдан пайдаланып чемоданынын илгичин ачууга үлгүрдү.

– Сиздерге сунуш кылынуучу нерсе, – деп кайталады ал, – "Жанада" деп аталат...

Тургандар профессордун чемоданынан алда кандай жылтырак банкаларды көрүштү.

– Эмне?.. – Одиссей ага эми ооз ачмак болду эле, профессор чапчаңдык менен анын сөзүн бөлдү.

– Кудум "Эмненин" өзү гана бул! – деп кыйкырып жиберди ал, – кудум ушундай, урматтууларым! Жайдары жүзүңүздөр менен суроолуу тиктегениңиздерди байкап турамын. "Бул белгилүү "Жанада" эмне экен, бул таң калыштуу "Жанаданын" мага кандайча пайдасы тийет?" деген суроолорду жүзүңүздөн, көзүңүздөн окуп турамын. Бир мүнөт сабыр кылыңыздар! 60 секунд сабыр кылсаңыздар, бул нерсенин кандай сонун касиетке ээ экенин негиздеп берем.

Ал чемоданынан бир банканы алып, токтобой сөзүн улады:

– Өз тажрыйбамды сиздер менен бөлүшүү үчүн мына бул сонун боорсоктон пайдаланууну ылайык таптым... Жигиттин гүлү, – Хомерден суранды ал, – бир табакты мына бул жерге сүртүп тазалап апкелип коюңуз. А сиздер, мырзалар, жок дебей, экиден боорсокту колуңуздарга алыңыздар...

Бардыгы эки колуна бирден боорсок кармашты, профессор сөзүн улантты:

– Эми, досторум, биз даяр болдук. Баштайбыз... Эй, уулум, мени унутуп койдуң, боорсокту кайда алып барасың?

Профессор айлакерлик менен таягын боорсокторго сайып, экөөсүн колуна алды.

Одиссей ага бул кандайча тажрыйба экенин эми сурамак болгондо, профессор үнүн бийиктетип, сөзүн улантты:

– Ушинтип, – ал баары толук көңүл буруусун суранып, асасы менен чемоданын тыкылдатып койду. – Демек,

тажрыйбаны баштайбыз. Бир мүнөттөн кийин, жок, алтымыш секунддан соң... Бирок алгач өзүмдүн сыйкырдуу продукциям менен сиздерди тааныштырмакчымын.

Профессор манжалары менен банканы айландырып, тыгынын көрсөттү да, бул оң же сол жакка бир аз буралса, жогоруда даңазаланган продукцияны алуу мүмкүн болгон нокот сыяк тешикче ачылышын түшүндүрдү. Сот, шериф, Одиссей ага, Хомер жана Далси, бардыгы банканын илгичин сылап жаткан профессордун манжаларынан көзүн албай, жакыныраак жылып, аны тегеректеп алышты.

– Мен жумушумду улантып жатканымда, – деди профессор Хомерге, – сиз, жигиттин гүлү, бир чөйчөктөн жыпар жыттуу кофе куюп, баарына таратасыз.

– Хм, – деп койду Одиссей ага, – бир чөйчөк кофенин баасы...

– Бардыгыңар оң колуңардагы боорсоктон бир тиштеп жегиле, – деди профессор. – Боорсок таттуу ээ? Туурабы?... Чындап эле таттуу, – боорсоктун жарымын чайнап, анан мындай деди ал. – Бирок... – үнүн басаңдатып койду, – бирок өтө көңүл коюп караңыздар... Акырын тыгынын бураймын жана...

Профессор банканы төңкөрүп, экинчи боорсоктун үстүнө колун эки жолу силкип койду. Кийин боорсокту дагы таягы менен илип, бардыгына жыттатып көрдү.

– Кана, буга эмне дейбиз? – деди ал. – Укмуш ээ, туурабы? Ооба, ооба, досторум, өзүңүз да сезип калдыңыз: “Жанада” деп аталган белгилүү нерсе көзгө көрүнбөйт. Бул бардыгы эмес! Анын үстүнө, жыты да жок! Мына, өзүңүздөр ишенишиңиздер мүнкүн. – Ал асасына илинген боорсокту дагы бардыгынын мурдуна алпарды, – Ооба, ушундай, сиз анын жытын сезесиз жана өзүн көрөсүз!

Ал “Жанаданын” кудум ушундай экенин айтып, банка кармаган оң колун жана учуна боорсок илинген аса кармаган сол колун силкип койду.

– Кана, кофени алып келиңиз, жигиттин гүлү! – деп кыйкырды ал, анан дагы шашып сөзүн улантты, – Ушундай

кылып, биз эмнени аныктадык? “Жанада” жөнөкөй экенин, эч бир көзгө көрүнбөгөнүн, адам анын жытын сезбестигин... Шекер, шекер менен каймак кошконду унутпаңыз, жигиттин гүлү!.. Жөнөкөй адамдын кулагына угулбайт, айтайын дегеним өзүңүздөргө белгилүү болгондой, кармап да болбойт. Албетте, көрүп-угуп, туюп-жыттап болбой турган нерсенин бизге эмне кереги бар деп сурашыңыз мүмкүн. Бирок кылдаттык менен көңүл буруңуз! Мына, кофеге ушул нерседен кичине чачып койсок, бир секундда бул жыпар жыттуу суусундук болот да, жыты аңкып чыгат! Түшүнүп жатасыздарбы? Жанада! Сиздин кофеңиз менен укмуштуу боорсогуңуз да кудум жанада сыяктуу укмуштуу болот!

Профессор Х.Е. Чвако ичинде укмуштуу нерсеси болгон банканы Далсиге узатты, андан соң банка кезеги менен сотко, шерифке, Одиссей агага жана Хомерге тийди. Алардын ар бири кофе менен экинчи боорсоктун үстүнө банкадагы суюктуктан себишти.

Бардыгы анын даамын жана жытын аныктоо максатында даам сызып көрүштү да, бири-бирин карап коюшуп, кайра даам сызышты. Андан соң “таң калычтуу” дегендей баш ийкешти. Мүмкүнчүлүктөн пайдалана койгон профессор кайра сөзгө кирди:

– Ооба досторум, мына өзүңүз кофенин да, боорсоктун да, баарынын даамдуу болгондугуна ишенич пайда кылдыңыз! Туурабы?

Бардыгы анын сөзүн макулдап, жыргап кофе ичип, боорсокту жешти. Хомерден башкасы, албетте. Хомер кофеден бир-эки жолу ууртап туруп, өңүн ушунчалык бырыштырганын көргөн адам коркуп кетет эле десек аша чаппайбыз.

– Эгер мен кофени эч жактырбасамчы? – деп сурады ал.

– Эмнеге?.. Эмнеге! – бакырып жиберди профессор. – Эмнеге деп сурайсызбы, жигиттин гүлү? Бирок силер “эмнеге” деп сурасаңар, мен бардык нерсеге деп жооп берем да! Ооба, Жанаданы бардык нерсеге иштетүү мүмкүн. Ал роза гүлүн жанада жыпар жыт таратуусуна, тармал чачты жанада тармал болуусуна, сыйкырдуу күүнү жанада сыйкырдуураак болуусуна мажбур кылат! Сиздер, досторум, бул нерсенин эбегейсиз

мүмкүнчүлүккө ээ экенин, албетте, түшүндүңүз. Мына, бизнестин бардык талаптарына жооп берүүчү түрүнүн оңой жолу ушул! Чекене сатыла турганы... Сиз бир банкасын алсаңыз өмүр бою укмуштуу сырьё менен камсызданган болосуз! Аны сасып, ачып калат же өз касиетин жоготот деп чочулабаңыз! Ал ар дайым каалаган убакытта өз күчүн сактап, өз абалында тура берет... Мына, ушул сыйкырдуу нерсени сиз өтө арзан баада – болгону элүү центке, жарым гана долларга сатып алсаңыз болот. Бул мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбаңыздар, мен урматтаган адамдар! Кийин өкүнүп калбаңыздар, алыңыздар!..

Шериф биринчи болуп “Бул мүмкүнчүлүктү колдон чыгарып жибербей”, чөнтөгүнөн элүү цент чыгарды.

Андан соң сот менен Одиссей агалар дагы сыйкырдуу банканын ээси болушту. Кала берсе, Далси да соттон элүү цент карыз сурап, бир банкасын сатып алды.

Профессор чемоданын эми жапканга камынды эле, Хомер кокустан сурап калды:

– Бир сабакта өткөнбүз, эгер...

Бирок профессор сүйлөй берип чарчап калган окшойт, шашкалаңдап Хомердин колуна бир банканы жөн эле кармата салды да, чемоданын жаап, аса таягын колуна алып, кол кабын кийди да, башындагы шляпасын тууралап кийип, көздөн кайым болду.

– Кош, мен да кеттим, – ортодогу тынчтыкты бузду Далси. – Үйгө барып сынап көрөйүнчү.

– Кен да меттим... – деди шериф, бул “мен да кеттим” дегени болсо керек.

– Кош болгула, Одиссей, бүгүнкү күн жаман болбоду, – деди сот.

– Жакшы баргыла, – деди оюн жыйнай албаган Одиссей ага эки боорсокту тандап алып жатып.

Одиссей ага Хомер менен жалгыз калган соң боорсокторду эки түрдүү тарелкага салып, бирөөсүнө “Жанададан” аябай эле септи. Алгач биринчи тарелкадагы боорсоктон, андан кийин экинчи тарелкадагы боорсоктон даам сызды, анан дагы кайталады. Анан мурдун тартып-тартып, башын кашылап

коюп Хомерди чакырып, экөөлөп "Жанаданы" дагы сыноодон өткөрүштү.

– Башы жок, акмак турбаймынбы! – деди Одиссей ага өзүн-өзү сөгүп.

– Билесизби, бүгүн кофе менен боорсоктун акысын эч ким төлөгөн жок, – деп кошумчалады Хомер.

– Эх, башы жок эй! – деп кайталады Одиссей ага.

Эртеси күнү Одиссей ага адаттагыдай жайманын жанында уйкусурап отурганда сот кирип келди.

– Мага карачы, сот, – деди тили булдурап Одиссей ага. – Менде бир өзгөрүш болгонун сезип жатасыңбы?

Сот өтө кылдаттык менен Одиссей агага тиктеп турду да, мындай деди:

– Сени абдан уйку басканын сезип жатам.

– Ана, аялым да ушундай деп жатат, – деди Одиссей ага эстеп.

– Муруntан эле иш кылган жакпас эле, эми кудай берип, андан да жалкоо болуп бүтүпсүң деп жатат... Бирок анын сөзү жалган, сот. Болгону уйкуга тойбодум окшойт. Төшөгүмдү да жумшартуу максатында "Жанададан" сепкен болчумун...

– Пайдасын билдиңизби анан? – деп сурады сот.

– Пайдасы тийди окшойт, бирок бир нече тамчысы катуураак кычырап турган пружинага түшүп калган, чагымда... Кудум ошол пружина жанада катуураак кыйчылдап чыкса болобу?! Түнү бою кирпик ирмебей чыктым...

– Саламатсызбы, шериф!

Ушул учурда ашканага оолуккан бойдон шерифтин өзү кирип келди.

– Мырзалар! – деди сот көтөрүңкү үн менен. – Сиздерге айтайын деген сөзүм бар. Менин ичимде да, сыртымда да кандайдыр маанилүү өзгөрүү болгон окшойт, коркуп жатам. Өзүмдү бир жакшы, бир жаман сезип жатам... Кийин жанада...

Шериф да капалуу түрдө кошулуп койду:

– Мен да көп сөзүмдү чала-жарым сүйлөй баштаганымды айтайын дедим эле.

– Ооба, анын бир сыры бар, – санаага баткан абалда сүйлөдү Одиссей ага. – Далсиден да сурайбыз. Ал да биз менен бирге болгон да...

Алардын бактысына жараша Далси көпкөк шиберди тебелей басып, шаар майданын кесип өтүп бараткан болчу. Ал "Шиберди басканга болбойт" деген жазууга токтой калып, кыжынып койду да, аны жерден сууруп эстеликке карай ыргытты. Анан таштанды челекти бир тээп, ашканага бурулду.

– Көрүнүшү ана – ошол, бирок туталанганы ого бетер го, – деп койду Одиссей ага. – Чамасы, укмуштуу дарыдан сепкен окшойт.

Судья менен шериф баш ийкеп коюшту.

Эшик шарактап ачылып жабылды да, Далси Дунер кирип келди.

Хомер менен анын досу Фредди да ушул жерде болчу, алар экөө тең жанададан уйкусураган Одиссей агага, жана да шектенүүсү күчөгөн шерифге, жана да чыдап болгусуз даражада беймаза болуп кеткен жердештери Далси Дунерге кызыккансып тиктеп калышты.

– Кандайсың, Хомер? – деп сурады Одиссей ага.

– Абдан жакшымын, – деп жооп берди Хомер. – Өзүңүздөн сурайын, аябай уйкусурап турасызбы? Эмне ооруп жатасызбы?

– Сага берилген "Жанада" банкасын эмне кылдың? – деп сурады Одиссей ага санаа тартып.

– Ий, жанагыбы? Фредди экөөбүз радиоприёмниктин үнүн бийиктетүү үчүн аябай чачтык, – деди Хомер. – Кичине пайдасы тийгендей болду го, бирок тыкыр-тыкыры көбөйүп, башка каналга алуу кыйын болду. Ошондо биз бураманы алып, "Жанада" салынган банканы ачтык.

– Анан, – деп сурашты баардыгы жабыла.

– Жөн эле, ачып көрдүк да, – деди Хомер.

– Банканын ичи боп-бош экен, – деди анын досу Фредди.

– Эч нерсе жок, – деди Хомер.

– Демек, бизди алдаган окшойт ко! – деп кыйкырып жиберди шериф.

– Биздин башыбызды айлантыптыр... – деди сот.

– Профессор бизди келесоого окшотуп азгырыптыр да, – деди Одиссей ага бир аз жан киргенсип.

– Мына, алып коюңуз, сот, – деди Далси ага “Жанада” банкасын узатып, – Мен эми сизге элүү цент карыз эмесмин.

– Балдар, боорсоктон алып жегиле, – деп кошомат кылды Одиссей ага. Адатта, бир нерсени сурануудан мурун ал ушундай мамиле жасачу.

– Балдар, – деди ал кийин, – Сөздүн соңу мындай. Бул окуя Геркулес чоң атанын кулагына жетпесин, сураныч. Болбосо бизге күн жок!

Хомер бир аз унчукпай туруп, Фредди экөө бир-бирден боорсок алган соң:

– Чоң атанын кабары бар, – деп койду.

– Эмне?! – деп бирдей чыңырып жиберди шериф менен Одиссей ага.

– Ушундай. – Банканы кайра бекитип жатып, – аны Геркулес чоң атага берели дегенбиз. Себеби ал киши табылбас нерселерди жыйнаганды жакшы көрөт да.

– Анан ал кары түлкү эмне деди? – деп сурады шериф.

– Шашылбаңыз… Ал… эмне дегенин да билбеймин… Туурасын айта берейинби?

– Чындыкты, чындыкты гана сүйлө, – деди үнүн бийик чыгарып сот.

– Анан, ал мына мындай деди, – деп сөзүн улантты Хомер. – Ал мындай аңкоолорду өмүрүндө биринчи жолу көрүп жатат имиш. Баштарында эч нерсе жоктугу жетпегендей, куру банканы сатып алышыптыр… Бардыгын туура айттымбы Фредди?

**МАЗМУНУ**


*Зохид Халил.* Көлөкөлөр........................................ 3
*Нариман Сулайманов.* Кичинекей жалбырак ........................ 5
Ошол кечте чоңдор эртерээк уктады ............................... 8
*Борис Саченко.* Нан.............................................10
*Георгий Мишев.* Балакай ........................................11
*Одетто Мутто.* Бардыгы жалган...................................16
*Иштван Бедё.* Атамдын портфели .................................20
*Нодар Кекемедзе.* Тумак, чанач, бычак жана
жашырылган араба ................................................22
*Махмуд Теймур.* Чычкан..........................................26
*Габыт (Габит) Мусрепов.* Кыраан куштун ыры......................29
*Альбинас Жукаускас.* Дарактын көлөкөсү .........................43
*Альгимантас Зурба.* Мугалим эжей ...............................45
*Емилиан Буков.* Алма ...........................................48
*Григоре Виеру.* Шүүдүрүмдүү нан ................................48
*Худойберди Тухтабоев.* Көчөттөрдүн азаптуу турмушу ..............50
*Уткир Хошимов.* Алтын сөйкө.....................................55
Согуштун соңку курманы ..........................................69
Килем байпак.....................................................78
*Э. Кэлдэрару.* Суу периси.......................................80
*Пулод Толис.* Буудай............................................85
*Иброхим Олимов.* Шор коон.......................................88
Шарапат таежемдин батасы ........................................93
*Кудайберди Холлиев.* Балыксыз булуттар .........................98
*Холгер Пукк.* Даанышмандыктын үрөнү ............................99
*Дилмурад Хошимурадов.* Арман .................................. 101
*Герберт Бейтс.* Уулуу кемпирлер................................ 104
*Ли Дон Сок.* Чоймо мылтык ..................................... 111
*Доро Алонсо.* Найзалуу балык................................... 115
*Спиридон Вангели.* Гугуцэнин партасы........................... 121
*Анна–Катрине Вестли.* Коңгуроолуу саат......................... 123
*Жозеф Зобель.* Алиппе ......................................... 127
*Фахри Эрдинч.* Рустам ......................................... 132
*М. Гаадамба.* Кыям............................................. 136
*Титер Жойс.* Тики ............................................. 140
*Ю. Пайле.* Эми ким менен достошууну билем ...................... 146
*Роберт Макклоски.* Укмуштуу дары............................... 157

Көркөм-адабий басылма

# КОҢГУРООЛУУ СААТ

*Дүйнө жазуучуларынын*
*балдарга арналган аңгемелери*

Орус, өзбек, тажик тилдеринен которгон
*Гулнора Холматова*
Редактору *Токтошов К.*
Тех. редактору *Довлоталиев Б.*
Корректору *Карамолдоева С.*
Компьютерге тергендер: *Абдраимов Р., Жороева Г.*
Компьютердик калыпка салган *Салиев Э.*

Басууга 14.12.2022-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70х100 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 10,5 б.т. Нускасы 500.

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68.